

КОРОО ЖАНЫНДАГЫ БАК ЖАНА ОГОРОД

КОРОО ЖАНЫНДАГЫ БАК ЖАНА ОГОРОД

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1983

42.11
К 66

Которгондор: Мукаш Акынбаев, Сөлпү Сулайманов

К 66 **Короо** жанындагы бак жана огород /Авт. У. Г. Аракельян, Э. Ф. Алпатова, А. Ф. Гизатова ж. б.; Котор. Мукаш Акынбаев, Сөлпү Сулайманов. — Ф.: Кыргызстан, 1983. — 184 б., ил., табл.

Эмгекчилердин карамагындагы жемиш бактары, огороддор, көмөкчү чарбалар — бул жалпы элдик байлыктын бир бөлүгү. Көптөгөн шаар жана айыл калкынын өздүк пайдалануусунда короо жанындагы жана дача участоктору, ошондой эле огороддору бар.

Бул китепте данектүү жана уруктуу мөмө өсүмдүктөрүн, жашылчаларды өстүрүү боюнча сунуштар, ошондой эле түшүмдү зыянкечтерден жана илдеттерден кандай сактоо, кайсы мөөнөттө жыйнап алуу туурасында кеңештер берилет.

Китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

К 40400—129
М 451(17)—83 127—83. 3803030000

ББК 42.11
631

Рецензент О. Карипов

Авторлор коллективи:

У. Г. Аракельян, Э. Ф. Алпатова, А. Ф. Гизатова, Т. Т. Карташева, В. П. Криворучко, Ю. Н. Лепшина, В. М. Метальников, Ф. Д. Мухамбетова, В. А. Сопиева, Е. И. Сосина, Э. И. Федорук, В. Ф. Хилько.

© «Кыргызстан» басмасы, 1983-ж.

КИРИШ СӨЗ

КПСС Борбордук Комитетинин май (1982-ж.) Пленумунда кабыл алынган Азык-түлүк программасы жашылча, мөмө-жемиш, жүзүм жана башка өсүмдүктөрдү өндүрүүнү көбөйтүүгө көп көңүл бурулган. Бул милдетти чечүүдө короо жанындагы жана коллективдүү жемиш бактарына, жүзүмзарларга жана огороддорго маанилүү роль таандык. Мында ишти туура уюштуруунун негизинде коомдук эмгектен тышкары эмгекчилердин дасторконуна бир кыйла кошумча азык-түлүк берүүгө болот. Анын үстүнө короо жанындагы жана коллективдүү багбанчылыкты, жүзүм өстүрүүнү жана огород иштетүүнү өнүктүрүү эмгекчилердин жана алардын үй-бүлөлөрүн жумуш үстүндө чыңдалуусун уюштуруудагы бир топ маселелерди чечет.

Калкты помидор, бадыраң, капуста, пияз, сабиз, козу кулак, алма, алмурут, кара өрүк, гилас, шабдаалы, абрикос, жүзүм, бүлдүркөн ж. б. өңдүү баалуу жашылча-жемиштер менен жыл бою камсыз кылууда короо жанындагы жана коллективдүү чарбактын ролу чоң.

Өздүк пайдаланууудагы жемиш бактар жана огороддор көлөмү жагынан анча чоң болбогону менен аны туура уюштуруу үй-бүлөнүн зарыл тамак-аш продуктыларына болгон керектөөсүн кандайдыр бир өлчөмдө камсыз кылат.

Колхозчулар, жумушчулар жана кызматчылар тарабынан багбанчылыкка жана огород иштетүүгө кызыгуулар артууда. Жыл өткөн сайын коллективдүү бак отургузуулардын аянты өсүүдө. Көптөгөн ири өнөр жай ишканалары коллективдүү жемиш бактарын жана жүзүм — аянтта-

рын өстүрүп жатышат. Фрунзе шаарында багбанчылыктын «Достук» шериктештиги ийгиликтүү иштеп жатат.

Короо жанындагы жана коллективдүү участоктордо өстүрүлгөн өсүмдүктөрдөн эң жогорку түшүм өстүрүү үчүн талааларды иштетүүнүн агротехникалык чараларын илимий негизде жана биологиялык өзгөчөлүгүнө жараша жүргүзүү зарыл.

Бул китепте илим менен практиканын акыркы жетишкендиктерине таянуу менен короо жанындагы багбанчылыктын, жүзүм өстүрүүнүн жана огородду иштетүүнүн негиздери кеңири формада берилген. Ошону мнен бирге республиканын шартында өстүрүүгө ыңгайлуу болгон продуктуулугу жогору сорттор сунуш кылынган.

Китептин сапатын жакшыртуу боюнча сын пикирлердин, каалоолордун бардыгы авторлор тарабынан жылуу кабыл алынуу менен кетирилген кемчиликтер эске алынат.

КОРОО ЖАНЫНДАГЫ ЖЕМИШ БАГЫ

УЧАСТОКТУ ТАНДОО ЖАНА ДАЯРДОО


Күнөстүү Кыргызстандын шартында, көпчүлүк райондордун кыштактарында өз алдынча багбанчылыкты өркүндөтүүгө толук шарттар бар. Анткени дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлердин көпчүлүгү агротехниканын негизинде кайра иштетилип келген сугат жерлерден турат. Таштак, шордуу массивдер, ошондой эле суусу кыртышка жакын жаткан саздак жерлер да көп учурайт. Ошондой болсо да тийиштүү даражада мелиорациялоонун аркасында мындай участокторду жемиш багын өстүрүү үчүн өздөштүрсө болот.

Белгиленген закондуу тартипте тандап алынган участокту өздөштүрүү үчүн аны планировкалоонун, сугаруунун планын түзүү зарыл.

Участокту тегиздегенден кийин аны (60—70 см) терең айдоо сунуш кылынат. Коллективдүү бактарда муну плантаждуу сокосу бар трактор менен айдаса жакшы болот. Мындай айдоо жемиш бактарынын өсүшүнө жагымдуу таасир тийгизет. Эгер айдоого болбосо, кыртышты кол менен терецирээк казуу керек. Таштак жерлерде жемиш бактарын отургузуу үчүн терендиги жана кендиги 1×1 м болгон өлчөмдөгү чуңкурлар казылат. Ал жердин топурагын чиритилген малдын кыгы менен аралаштыруу зарыл. Бакты сугарууга олуттуу көңүл бурулууга тийиш. Сугаруу арыктардын, кудуктардын жана атайын жасалган көлмөлөрдүн суусу менен жүргүзүлөт.

Участокту темир тор же бадал тосмо менен курчоо керек. Ал өтө жыш болууга тийиш.

Бадал тосмо үчүн бири-биринен 20—25 см аралыкта



1-сүрөт. Бакты сүйүүчүлөрдүн болжолдуу планы. Шарттуу белгилер.

А — абрикос; В — алча; Г — алмурут; П — шабдаалы; С — кара өрүк; Г — гилас; Ч — кызгылт; Я — алма.

казылган чуңкурларга бадалдарды отургузуп, аны сугаруу керек.

Эгерде жемиш багы коллективдүү болсо, анын шамал такай согуп туруучу жагын терек, кара жыгач жана башка даректардан коргооч тилке отургузулат. Коргоочу тилкедеги отургузулган катарлардын жана даректардын аралыгы 2 метрден кем болбогону жакшы.

Коллективдүү бак отургузууга аянтты даярдагандан кийин, аны айрым участокторго бөлүүгө киришишет. 1-сүрөттө участоктун болжолдуу планы көрсөтүлгөн. Мындан башкача пландоону да алса болот. Мында жемиш багынын бардык аянты боюнча зыянкечтерге жана илдеттерге каршы күрөшүү үчүн машиналардын жана аппаратуралардын өтүшүнө мүмкүндүк түзүүнү эске алуу керек. Андай бол-

гондо бул участоктор зыянкечтер менен илдеттердин уюгуна айланат. Жеке менчик участоктордо жемиш багынын породаларын жана сортторун жайгаштыруу бакты сүйүүчүлөрдүн каалоосуна жараша болот. Участокто дача тибиндеги үйлөрдү, бастырма чарпаяларды тургузуу максатка ылайыктуу. Бул эл депутаттарынын Советтери бекиткен шериктештиктин уставы менен аныкталат. Азыркы чакан мындай эс алууга ыңгайлуу үйлөрдүн типтүү долбоорлору бар.

Жемиш бактарын жайгаштырууда алардын жарыкка болгон талап кылууларын эске алуу керек. Жүзүм, бүлдүркөн да жарыкты көп талап кылуусуна байланыштуу ачык жерге отургузуу керек. Малина жана кара карагат анча-мынча көлөкөгө өсө берет. Чие көлөкөгө, ал тургай бийик даректарга жакын жерлерге өсө берсе, гилас эркин отургузууну талап кылат.

Сөңгөктүү сортторду өтө жыш жайгаштырган кезде бийик өсүп, жемишти шактарынын учунда гана байлай тургандыгын эске алуу керек. Алардын түшүмдүүлүгү төмөндөйт. Мындай даректарды багуу кыйынга турат. Экинчи жагынан сейрек отургузуу да максатка көп ылайык келбейт. Себеби жер да толук пайдаланылбайт.

Тыгыз отургузулган бактарды өз убагында суюлтуу зарыл. Алмалардын, алмуруттардын узак жошоочу жана кеч түшүм берүүчү сорттору менен эрте мөмө берүүчү данектүү өсүмдүктөрдү (гилас, өрүк, шабдаалы) аралаштырып отургузуу максатка ылайыктуу.

Адегенде эрте мөмө берүүчү сорттор гилас, шабдаалы (2—3 жылдан кийин), кара өрүк (4—5-жылда), ал эми алма жана алмурут (6—8 жылдан кийин) мөмө берет. Алма жана алмурут 12—15-жылдарынын аралыгында толук мөмө бере баштаган мезгили болот. Бул мезгилде бир учурда отургузулган данектүү өсүмдүктөр (гилас жана шабдаалы) өзүнүн мөмө берүү мөөнөтүн аяктап, куурай баштайт. Ошондуктан аларды кыйыштырып же жаңы жерге кайрадан отургузуу керек.

ЖЕМИШ БАГЫ ҮЧҮН ПОРОДАЛАРДЫ ЖАНА СОРТТОРДУ ТАНДОО

Калкты узак мезгилдерге чейин жемиш менен камсыз кылуу үчүн эрте жана кеч бышуучу ар түрдүү өсүмдүктөрдүн сортторун тандап алуу керек.

Мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн көпчүлүк породалары жана сорттору республиканын бардык зоналарында жана райондорунда жакшы түшүм берерин эске тутуу зарыл. Ошондуктан райондоштурулган сортторун тандоонун маанисин чоң.

Өрөөндөрдүн климаттык шарттарына карата төмөнкү сорттор сунуш кылынат.

Чүй жана Талас өрөөнүнө. Алманын: жайкы — Папировка, Суйслеппер, Пеструшка, күзгү — Пепин шафраны, Ренет Бурхард, Апорт, кышкы — Вернен грушовкасы, кыштык Кыргыз алмасы, Голден Делишес жана Делишес сортторун отургузса жакшы түшүм берет. Чүй өрөөнүнүн түздүгүндө кышкы сорттордун эң суукка чыдамдуусу Уэлси жана Курск ренети болуп саналат. Жемиши узак мезгилге сактала тургандыктан кышкы сортторду көбүрөөк отургузуу керек. Калган сорттордон бирден түп отургузса жетиштүү болот. Бир даракка 2—3 сортту кыйыштыруу талапка ылайыктуу.

Алмуруттун: эрте жазда бышуучу — Любимица Клаппа, күзгү — Лесная красавица, Вилямс, кышкы — Бере Арданпон, Оливье де Серр.

Кара өрүктүн: Үй венгеркасы, Исполинская, Ванета.

Чиенин: Шпанка крупная, Любская.

Абрикостун: Эффект, Королевский, агыш спитак.

Шабдаалынын: эрте бышуучу — Майфлевер, орто бышуучу — Золотой юбилей, кеч бышуучу — Эльберта.

Гиластын: Драгона желтая, эрте бышуучу майский сортторунан жакшы түшүм алынат.

Абрикосту, шабдаалыны жана гиласты участоктун ыңгайлуу корголгон жерине отургузулганы дурус.

Алчанын: Десерттүү, Малиновая.

Малинанын: Кузмин жаңылыгы, Пригородная.

Кара карагаттын: Алтай десерти, Зоя сортторун өстүрүү сунуш кылынат.

Ош областына. Алманын: жайкы — Мичурин Бессемянка, Суйслеппер, Ренет Бурхард; кышкы — Голден Делишес жана Делишес, Ренет Симиренко, Старкримсон.

Алмуруттун: жайкы — Любимица Клаппа, күзгү — Бере Бокс, Лесная красавица, кышкы — Бере Арданпон, Куляля, Оливье де Серр.

Гиластын: Майская ранняя, Зорька, сары Дроган, Ленинград кара гиласы.

Чиенин: Шпанка крупная, Любская.

Абрикостун: эрте бышуучу — Арзами, Хурмаи, орто бышуучу — Краснощекий, Память друга, кеч бышуучу— Бабаи, Исфарак, Курсадык.

Шабдаалынын: эрте бышуучу — Майфлевер, Ранний, Галля, орто бышуучу— Лола, Золотой юбилей, кеч бышуучу — Никитский красный, Эльберта, Ак-шафталю.

Кара өрүктүн: орто бышуучу — Ванета, Венгерка, Ажанская, кеч бышуучу — Анна Шпет, Венгерка домашняя, Исполинская.

Алчанын: Лето, Малиновая, Южная красавица.

Анардын: Казаке Онор, Кувин, Бала Мюрсаль.

Бадамдын: Десерттүү, Ялта сортторун отургузууга болот.

Ыссык-Көл областында: Алманын: жайкы — Папировка, Пеструшка, Суйслеппер, күзгү — Ренет Бурхардт, Слава победителям, кышкы — Апорт, Делишес, Киргизские зимние, Рашида, Пепин шафраный.

Алмуруттун: жайкы — Ласточка, Любимица Клаппа, күзгү — Лесная красавица, кышкы — Бере Арданпон.

Гиластын: Драгона желтая, Ленинградская черная.

Чиенин: Шпанка крупная, Любская.

Абрикостун: эрте бышуучу — Эффект, орточо бышуучу — Королевский, Никитский, кеч бышуучу — Спитак кремовый.

Шабдаалынын: эрте бышуучу — Маифлевеф, Ранний красный, орточо бышуучу — Камберланд, Кудесник.

Кара өруктүн: орточо бышуучу — Ванета, Чернослив сладкий, кеч бышуучу — Венгерка домашняя, Исполинская.

Алчанын: Десерттүү, Фиолетовый десерттүү сорттору отургузулат.

Нарын областына. Кочкор, Жумгал жана Тогуз-Торо райондору үчүн алманын — Папировка, Ренет, Бурхардта, Уэлси, Пепин шафраны, Апорт; Тянь-Шань, Ак-Талаа жана Ат-Башы райондору үчүн багбанчылык боюнча М. А. Лисавенко атындагы Сибирь институтунун селекциясы тарабынан чыгарылган Сюрприз, Осеняя радость, Алтайское румяное, Барнаульское раннее, Космическое сорттору гана сунуш кылынат.

Көчөттөрдү Нарындагы таяныч пункту жана Жумгалдагы жемиш питомник совхозу өстүрөт.

ЖЕМИШ БАГЫ

Отургузуунун мөөнөттөрү. Кыртыштык-климаттык шарттарга жараша жемиш бактарын отургузууну күзүндө жана жазында жүргүзүүгө болот. Чүй өрөөнүндө, Ысык-Көл Нарын жана Талас областтарында эрте жазда отургузганда жакшы натыйжа берет. Ош областында жемиш бактарын туруктуу суук түшкөнгө чейин 15—20 күн калганда күзүндө отургузган жакшы. Даректын тамырын кышында үшүк албасын үчүн аны 25—30 см кылып топурак менен көөмп, ал эми сөңгөгүн кык, таарынды же чым көң менен жылуулашат. Жаз келип, кар эрир менен аларды алып салат.

Жемиш бактарын отургузуучу аянтты бөлүү. Отургузардын алдында участокко канча катар батарын, ар бир ка-

тарга канчадан дарак туура келерин эсептеп чыгуу керек. Катарларды участоктун узуну боюнча сугарууга ыңгайлуу болсун үчүн кичине жантайтып жасаган жакшы. Тоо жантаймаларында катарларды туурасынан жайгаштыруу талапка ылайык.

1-таблица

Короо жанындагы жана коллективдүү бактарда жемиш даректарын отургузуунун жыштыгы

Зоналар	Кыртыш	Алма, алмурут, абрикос	Кара өрүк, шабдаалы, чие	Анар
Чүй өрөөнү	Ташы терең жаткан асылдуу жерлерде	7×5	6×4	4×3
Ош области	Ташы кыртышка жакын жаткан борпоң топуракту жерлерде	6×4	5×3	4×3
—»—	Ташы терең жаткан асылдуу жерлерде	6×4	5×3	—
Талас жана Ысык-Көл областтары	Ташы кыртышка жакын жаткан борпоң топуракту жерлерде	5×4	4×3	—
Талас жана Ысык-Көл областтары	—»—	4×3	—	—
Нарын области				

Катарларга бөлүү төмөнкүдөй жүргүзүлөт: участоктун эки тарабынан (карама-каршы) катарлар казык менен белгиленет, казыктардын ортосуна жип тартып, ал боюнча отургузуунун көрсөтүлгөн схемасына ылайык катардагы даректардын аралыктары өлчөнөт (I-таблица). Андан кийин жип экинчи жана үчүнчү ж. б. катарларды бөлүү үчүн которулат.

Чуңкурду казуу. Даректарды отургузуу үчүн чуңкурларды күзүндө жана жазында казууга болот. Бирок күзүндө казылганы ыңгайлуураак келет. Чуңкурдун көлөмү кыртышка жана отургузулуучу көчөттүн жашына жараша

болот. Асылдуу кыртыштарда 60х60 см өлчөмүндө казуу жетиштүү, таштак жана катуу чополуу жерлер 80х90 см чейин өлчөмүндө казылат.

Чуңкурду казганда кыртыштын үстүңкү, асылдуу катмарынын топурагын бир жакка, төмөнкү катмарынын топурагын экинчи жакка бөлөк таштаалат. Даракты отургузганда топуроктун үстүңкү катмары менен көчөттүн тамырын жаап төмөнкү катарынан чыккан топурак менен үстү жагын көмүшөт.

Чополуу жана таштак участоктордо топуракты толугу менен же жарым жартылай алмаштырышат. Азыктык заттары аз кыртыштарда отургузганда ага 1—2 чака чириген кыкты же чым көңдү жана 0,5—0,7 кг суперфосфатты топурак менен жакшылап аралаштырылып төгүшөт.

Отургузулуучу материал. Мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн көчөттөрүн жемиш питомник совхоздорунан гана алуу керек. Эгерде питомникте керектүү өсүмдүктүн көчөтү жок болсо, бир жыл күтүп, керектүү көчөттү гана отургузуу пайдалуу.

Тажрыйба мекемелеринен бүчүрлөрдү сатып алып, даректарды ар ким өзү жалгаштырса деле болот. Даректын жашоо жөндөмдүүлүгү жана андан ары өсүшү көчөттөрдүн сапатына жана анын талапка ылайык багылышына байланыштуу.

Питомниктер тамыры жабыр тартпаган узундугу 30 см кем эмес, сөңгөгү жакшы өскөн көчөттөрдү сатууга тийиш. Эки жаштагы алма, алмурут жана данектүү өсүмдүктөрдүн сөңгөгүнүн тегерегине жайгашкан үчтөн кем эмес бутактары болот.

Алма жана алмурутту эки жашында, кыйыштыруудан алынган болсо — бир жашында отургузган жакшы, ал эми кара өрүк, чие, абрикос, шабдаалы, гилас бир жашында деле отургузулат. Зарыл болгон учурда (бир жерден экинчи жерге көчүргөндө) 3—4 жана андан да көп жаштагы чоң даректарды да көчүрүп отургузууга болот. Бирок мында мүмкүн болушунча тамырды сактоо керек. Мындай да-

рактарды тоңгон жер менен кошо тийиштүү өлчөмдө мурдатан даярдалган чуңкурга отургузган ыңгайлуу.

Көчөттөр кургап кетүүдөн сакталышы зарыл. Аба ырайынын кургакчылык мезгилинде тамырлар 15—20 минута ачык жатып калса, майда тамырлары соолуп, жарамсыз болуп калат. Ошондуктан тамырларды ачык кармоого болбойт, алар дайыма нымдуулукта сакталышы тийиш. Көчөттөрдү ташыган кезде аларды суюк ылайга малып, мешок же пленка менен ороп коюу керек.

Жемиш бактарын отургузуу. Көчөттү отургузар алдында анын куураган тамырлары кыркып коюлат. Таза тамырларды кыркуунун кажаты жок. Күзүндө казып алынган көчөт кыш бою туруп калса, анда жаңы тамырчалар пайда болот. Отургузардын алдында тамырларга топурактын жакшы жабышуусу үчүн аны суюк ылайга малып коёт.

Эгерде чуңкур өтө терең казылса керектүү тереңдикке чейин асылдуу топурак менен толтурулат, андан кийин көчөттү салып, тамырына чириген кык жана суперфосфат аралаштырылган майда топурак салынат. Көчөттү отургузуунун тереңдиги питомникте кандай болсо, бул жерде да ошондой болууга тийиш. Өтө терең, же өтө тайыз отургузулган дарак начар өсөт.

Отургузар замат даректын айланасына чөнөк жасап (ар бир даракка 3—4 чакадан кем эмес) суу куюу керек. Сууну бороз боюнча коё берсе да жакшы болот. Сугаргандан кийин даректын түздөлгөнү оң, себеби топуракка отургузулганда ал бир жагына кыйшайып, кээ бирлеринин тамырлары ачылып калышы мүмкүн.

Сугаргандан кийин топурак катып калбас үчүн сөңгөктүн тегерегине 10—12 см катмарда кык, таарынды төгүп, саман же пленка менен көлөкөлөп коюу керек. Эгерде булар жок болсо, кыртыш кургагандан кийин жумшартылышы зарыл.

Отургузуп бүткөндөн кийин каптал бутактарын жана ортоңку бутакты 1/3 узундукта кыркышат, бирок ортоңку бутак каптал бутактардан 30—40 см жогору болушу тийиш.

Отургузгандан 6—7 күндөн кийин чакалап сугарылат. Ал эми 15—20 күндө бир жолудан сууну жайып жиберүү менен сугарса да болот. Сугаруу августун аягында сентябрдын башында токтотулат.

Жаш көчөттөрдү багуу. Көчөттөрдү багуу кыртышты иштетүүдөн, сугаруудан, жер семирткичтерди чачуудан, даректарды кыркуу жана тегиздөөдөн, илдеттер менен зыянкечтерге каршы күрөшүүдөн турат. Мына ушул иш чаралардын бардыгы даректын текши өсүшүнө жана өнүгүшүнө шарт түзөт. Даректарды жакшы багуунун максаты — алардын чыдамдуулугун жана кышка туруштук беришин жогорулатуу болуп эсептелет. Ошондуктан азыктандырууда жана сугарууда өтө этияттык талап кылынат. Тез-тез сугаруу жана семирткичтерди көп берүү өтө эле тез өсүүгө же кечирээк жемиш байлоого алып келет жана даректын кышка чыдамдуулугун төмөндөтөт.

Багбанчылыкты сүйүүчүлөр 12—18 жылдык даректар анда-санда гана жемиш бергендигине даттанышат. Даректардын түшүмдүүлүгү анын талапка ылайык багылышына байланыштуу болот. Эгерде алма жана алмурут бир жылда 30—60 см, данектүүлөр 40—80 см өсүп, майда бүчүрлөрү көп болуп, текши жалбырак байласа, анын талаптагыдай багылганын көрсөтөт. Мындай даректар чыдамдуулугу, эрте жемиш бериши жана түшүмдүүлүгү менен айырмаланат.

Жаш даректар 10—12 см гана өсүп, начар өнүксө, алар эрте жемиш байлайт жана катардан тез чыгат. Мына ушундай даректарды жакшылып багып семирткичтерди көп берип, тез-тез сугарып туруу керек.

Кыртышты иштетүү. 5—6 жылдык бактардын түбүнүн айланасын күзүндө жана жазында казуу керек. Отургузулгандын биринчи жылында анын түбүнүн диаметри 1 м кылып казылат, андан кийинки жылдарда даректын өсүшү менен анын сөңгөгүнүн диаметри боюнча чоңойтулат. Сөңгөктүн түбүн терең казууга жарабайт, анткени тамыры жабырланат. Тамыр сөңгөктөн алыстаган сайын анын терендигин күрөктүн сайгыч жеринин бийиктигинен ашпоо

керек. Кыртыштын үстүнкү катмарын астында калтыруу үчүн толук оодарылып таштalат.

Жаш көчөттөр анчалык көп аянтты ээлебейт. Ошондуктан ортодогу бош жерлерге жашылча-жемиш, эгилме чөптөрдү (беде, кашка беде ж. б.) сепсе болот. Бак арасына, кеч сугарылуучу өсүмдүктөрдү жана жүгөрүнү себүү ылайык келбейт.

Даректар жетилип жемиш берүүгө жакындаган мезгилде өтө чоңоюп (6—7 жаш) кеткендиктен алардын аралыгына башка өсүмдүктөрдү өстүрүүгө болбой калат. Андай учурда бүткүл бош аянтка чөп себилет.

Жаш бактарды сугаруу. Жаш бактар кыртыштын жана жыл мезгилинин шарттарына жараша сугарылат. Албетте, аптаптуу жай мезгилинде жаанчыл мезгилге караганда сугарууну көп талап кыла тургандыгы табыйгый иш. Кыртышы жакшы жерге отургузулган даректарды биринчи жылда жай бою 7—8 жолу сугаруу керек. Андан кийинки жылдары ар бир 18—20 күндөн кийин сугарып турса болот. Нымдуулугу азыраак таштактуу кыртыштагы өсүмдүк тез-тез анча көп эмес нормада жылына 10—12 жолу сугарылат.

Октябрдын аягында, ноябрдын башында кеч күздө жүргүзүлгөн сугат мыкты натыйжаларды берет. Мындай учурда кийинки жылдын жазындагы биринчи сугатты майдын аягында жүргүзсө болот. Сугарууну топурак 60—70 см терендикте нымдалганга чейин жүргүзүшөт.

Көп эле сугара берүүнүн кажети жок. Тез-тез бир калыпта эмес сугарганда жана суу бакта сутка бою жатканда ал кыртыштын саздакка айланышына алып келет, бул тамырлардын аба жана азыктануу режимин начарлатат.

Жердин рельефтик шарттарына жана даректын жашына жараша сугаруунун бир нече ыкмасы бар. Така түрүндөгү бороздор менен сугаруу эң мыкты ыкма болуп саналат. Даректан 40—50 см аралыкта катардын жээги боюнча сөңгөктү айланта така түрүндө бороз салынып, жылжытып суу жиберилет. Така түрүндөгү бороз сөңгөктүн айланасындагы кыртыштын жуулуп кетишин азайтат жана топурактын

жакшы нымдалышына мүмкүндүк берет. Жашылчаларды сугаруу бороз боюнча жүргүзүлөт. Катар аралыктардагы өсүмдүктүн биринчи катары даректан 30—50 см аралыкта жайгашса өсүмдүктөрдү сугарган кезде даректар да ным менен камсыз кылынат.

Жантаймалуу жердеги даректардын катар аралыктарына сууну жай агызып сугаруу керек.

Жаш бактарды азыктандыруу. Азыктандыруу ар бир даректын абалын эске алуу менен жүргүзүлөт. Эгерде дарак жакшы абалда өсүп, бийиктиги 60—70 см болсо, анда семирткич чачып азыктандыруунун кереги жок, анткени дарак тез жооноюп кетет да түшүмдү кечирээк берет.

Эгерде даректын өсүшү начар же такыр эле өспөсө жана аз жалбырак байласа азыктандыруу өтө зарыл. Начар даректарга көбүрөөк, жакшы абалдагыларына азыраак семирткич берүү керек. Ошону менен бирге семирткич даректардын абалына кандай таасир тийгизгендигин белгилеп туруунун маанисн чоң. Ушуга жараша семирткичтин өлчөмүн көбөйтүүгө же азайтууга болот.

Бак кык, компост, күл, канаттуулардын кыгы жана минералдык жер семирткичтер менен да азыктандырылат. Баарынан жакшысы кык жана компост, аларда зарыл болтон азыктык заттар көп. Кык жерге өтө жай (3—4 жылда) таасир берет. Бирок кыртыштын сапатын жакшыртат. Кыртыштын асылдуулугуна жана даректардын абалы менен жашына жараша аны даректын түбүнө 20 дан 50 килограммга чейин чачууга болот.

Компостту ар кандай калдыктардан — таштандыдан, чириген самандан, чөптөн, жалбыректан, сабактардан, жугундудан, күлдөн, канаттуулардын кыгынан ж. б. нерселерден даярдашат. Мына ушулардын бардыгын жакшылап аралаштырып, бир жерге үйүп тыгыздап, суу куюп жана масса кургап кетпес үчүн 5—8 см калындыкта топурак менен жаап коюшат. Жайында ал бир же эки жолу аралаштырылат. Аны даярдоодо же аралаштырганда 1 м³ ком-

постко 5—6 кг, суперфосфат кошуу керек. Бир жылдан кийин компост даяр болот. Даректын ар түбүнө 40 тан 60 кг чейин чачылат.

Канаттуунун кыгынан суюк семирткич даярдоо үчүн жыгач челекке салынып, 1: 3 катышта суу менен аралаштырылат, 12—15 күн ачытылат. Ачыган кыкка сууну төрт эсе көбүрөөк кошуп аралаштырат, андан кийин ар бир даректын түбүнө 1—2 чакадан куюу жагы сунуш кылынат.

Жемиш багы азот, фосфор жана калий минералдык жер семирткичтери менен да азыктандырылат. Алар өсүмдүккө тез таасир кылат, семирткич азыраак керектелет.

Азот семирткичи (аммиак селитрасы, күкүрт кычкыл аммоний, мочевина) өсүмдүктүн өсүшүн күчөтөт. Булар сууга жакшы эрийт жана алар өсүмдүккө 20—25 күн бою таасир берип турат.

Фосфор семирткичи (порошок жана гранул түрүндөгү суперфосфат, экилтик суперфосфат) тамырлардын өсүшүнө жана жемиш берүүчү бүчүрлөрдүн түйүлүшүнө жакшы таасир берип, алар 2—3 жыл бою таасир көрсөтөт. Булар сууда жакшы эрийт.

Калий семирткичи (калий тузу жана хлордуу калий) жемиш бактарынын суукка чыдамдуулугун жогорулатууга, жемиш байлоочу бүчүрлөрүнүн түйүлүшүнө жана жемиштин сапатынын жакшырышына таасир тийгизет. Сууда жакшы эрийт.

Минералдык жер семирткичтерди бөлөк-бөлөк чачкан жакшы болот. Суперфосфатты жана калий тузун — күзүндө, ал эми азотту — эрте жазда чачса болот.

Минералдык жер семирткичтерди чачуунун өлчөмү 2-таблицада келтирилет.

Кыкты, компостту, суперфосфатты сөңгөктүн түбүн күзүндө 25—30 см терендикте казып туруп чачат, ал эми азот эрте жазда даректын түбүн 10—15 см терендикте кетмендеп жумшарткандан кийин чачылышы тийиш.

ЖЕМИШ БАКТАРЫН КЫРКУУ УЧУРУ

Жемиш бактарын кыркуу мөмө берүүнү тездетүүнүн, жемиштин сапатын жакшыртуунун, жемиш байлоонун мезгилдүүлүгүн кыскартуунун, ошондой эле даректын продуктуулук мегилин узатуудагы эң маанилүү ыкмалары болуп саналат.

2-таблица

Жаш жемиш бактарында ар бир даракка минералдык жер семирткич чачуунун болжолдуу нормасы

Порода	Даректын жашы, жыл	Сөңгөктүн айланасынын аянты м²	Бир даракка чачылган минералдык жер семирткичтин саны, г.		
			аммиак селитрасы	жөнөкөй суперфосфат	хлордуу калий
Алма жана алмурут	3—4	7	250	400	70
	5—6	13	480	800	130
	7—8	20	740	1200	200
Чие жана кара өрүк	2—3	6	100	200	50
	4—5	8	300	500	100
	6—7	12	400	700	150

Даректын жашына жараша анын формасы, өсүшү жана жемиш берүүчү бүчүрлөрүнүн түзүлүшү өзгөрөт. Буга байланыштуу кыркуунун чаралары жана деңгээли да өзгөрүшү мүмкүн.

5—6 жылдык жаш жемиш багында кыркуу жолу менен даректын шагы түзүлөт. Чоң жемиш бактарын кыркканда анын формасы сакталат, мөмө берүү жарамдуулугу жөнгө салынат, түшүмдүүлүгү жогорулайт, жемиштин сапаты жакшырат.


Жаш даректарды кыркуу. Даректын шактарын түзгөн кезде анын каптал бутактары сөңгөктөн тике өспөстөн жайылып өсүүсүнө аракет кылуу керек.

Бутактардын жайгашышы шактын бардык бөлүктөрүнө жарыктын тегиз тийишин камсыз кылышы тийиш. Алардын бир кыйла горизонталдуу жайгашканы эрте жемиш берет.

Даректардын шагы питомникте түзүлө баштап жана 5—6 жашында жемиш багында аяктайт. Алманын жана алмуруттун шагынын түзүлүшүнүн эң кеңири таркаган түрү— суюлган ярустук түзүлүш болуп саналат.

Эгерде бир жаштагы көчөттүн каптал бутактары жок болсо, анда аны эрте жазда отургузгандан кийин бүчүр байлай электе жерден 55—60 см бийик кезинде шак түзүү үчүн учунан кыркып салат.

Шак түзүлүп калган бир жаштагы даректардын сөңгөгүндөгү бутактардан бүчүр өнүп чыгат. Суюк-ярустуу шакты түзүү үчүн төрт бутак калтырышат, алардын үчөө жан жактарына (негизги каптал бутактар), ал эми төртүнчүсү тик өйдө өсөт да жол көрсөтүүчү иретинде кызмат кылат. Жемиш багына да отургузуу үчүн питомникте өстүрүлгөн эки жылдык көчөттөрдө негизги 3 бутак болууга тийиш. (*2*-сүрөт).



2-сүрөт. Эки жылдык суюлтулган алманын баш жак бөлүгү (схема, биринчи бөлүк).

Алгачкы 2—3 жылкы жол көрсөтүүчү бутакта биринчи ярустан 30—40 см кем эмес аралыкта дагы эки бутак өсүп чыгат, андан кийин каптал бутактардын бири борбордук жол көрсөтүүчү болуп калат, ошентип даректын шагынын сөлөкөтүн түзүү аяктайт. Шактарды түзүү боюнча андан кийинки иштер, бутактарды тандоодо турат.

Көчөттөрдү отургузууда биринчи кыркуу учуру өтө маанилүү болуп саналат. Жакшы жашашы жана жакшы өсү-

шү үчүн отургузаар замат шактын бутактарын кыскартуу керек. Муну менен бирге тамыры канчалык начар жана кыска болгондо, каптал жакы жана жол көрсөтүүчү бутактарды ошончо көбүрөөк кыскартуу керек. Күчтүү жана тик өскөн бутактар көбүрөөк кыркылат. Начар жана горизонталдуу өскөн бутактар аз кыркылат же такыр эле кыркылбайт. Кыркуу шактын сырт жагындагы жайгашкан бутактын өйдө жагынан жүргүзүлөт.

Экинчи жылы бутактардын өсүшү күчөйт жана даректын шактарын түзүү улантылат. Артык баш бутактар кыйыштырылат же кыркылат. Үчүнчү жазда шактын ич жагында өтө өсүп кеткен бутактарды жок кылышат же кыйыштырышат. Шактын ич жагындагы майда горизонталдуу жайланышкан бутакчаларды сактап калышат. Себеби алар биринчи түшүм беришет.

Тажрыйбасыз багбандар майда бутакчаларды кыркып салышат, муну менен алар даракка зыян келтирет жана түшүм берүүнү 2—3 жылга кечиктирет. Шактардын түзүлүшүнө жараша кыркуу жыл өткөн сайын азайтылат.

Кайсы гана дарак болбосун шактарын жарык жакшы тийгендей кылып суюлтуп туруу керек. Шагы суюк даректын бутактары аз коюуланып, эрте мөмө бере баштайт. Суюлтулган бактан жемиш жыйнап алууга жана зыянкечтерге каршы күрөшүүгө да ыңгайлуу болот.

Жакшы шерик болгон шактарды жана тегерек бурчтарды түзүү үчүн негизги бутактарды кергич кылып колдонуу керек. Аларды жазда коюшат. Кергичте бир жыл турган бутак ошол багытты ар дайым сактап калат.

Эгерде 4—5 жыл даректын өсүшүнө системалуу көз салып, туура эмес өскөн бутактарды өз убагында кыйыштырып же кыркып, кергичтерди коюп турса, анда жемиш берүү мезгилине карата даректын шагы туура түзүлөт жана артык баш, жыланач бутактар болбойт (3-сүрөт).

Жемиш бере баштаган даректарды кыркуу. Даректар адеп жемиш бере баштаганда бир калыпта өсөт. Туура түзүлгөн, өтө өсүп кеткен бутак пайда болсо, аларды кыйыш-

тыруу керек же өтө жыш өскөн бутакка айланып баратса кыркып кыскартат. Эгер мындай бутактар көп болсо, анда аларды такыр кыркып салуу керек.


Эгер бир нече жыл кыркуу жүргүзүлбөсө, шак коюу болуп кетсе, мындай даректардын шагында бири-бирине буралып өскөн, ошондой эле шакты коюулантканартык баш чоң-чоң бутактар да көп болот.

Мындай шактарды оңдоо үчүн, өзгөчө жемиш бере баштаган бутактарга абайлап мамиле кылуу керек. Кереги жок бутактарды бир жолку менен эле кыркып салуу жарабайт. Бул иш шактын калыңдыгынын деңгээлине жараша 2—3 жылдын ичинде жүргүзүлөт. Биринчи жылы өтө тоскоолдук кылып турган 1—2 бутакта, андан кийинки жылдары калгандарын кыркышат. Андан тышкары жыл сайын сынган, илдетке учураган жана кууpаган бутактарды кыркышат.

Жемиш берүүчү даректарды кыркуу. Бир жылдын ичинде 20—30 см өсүп, биринчи мезгилде мөмө байлоого жөндөмдүү бак өтө аз кыркылат. Анда сынган, кууpаган, илдетке учураган жана жыш өскөн бутактары кыркылып салынат.

Толук жемиш берүүнүн экинчи мезгилинде дарак түшүм берип турса дагы өсүшү өтө начар (10—15 см) жемиш берүүчү бутактардын жыштыгы көбөйөт. Мындай майда, ал тургай чоң бутактар куурай баштаган учурда кыркуу күчөтүлөт. Шактын калыңдап кеткен бөлүгү суюлтулат, ошол эле учурда начар жана эски бутактар же алардын бир бөлүгү кыркылат.

Чоң жана көп жыл түшүм берген даракты кыркkан кезде, биринчи кезекте куурагандарын жана куурап бара жаткандарын, ошондой эле сынган бутактарын кыйып, андан кийин гана шактын өзүн суюлтууга киришет. Эгерде калың өскөн даракта өнүп келаткан жаш бутактар бар болсо картайган бутактарын суюлтуу жолу менен кыркууну жүргүзүшөт. Эгерде даракта өсүп келаткан жаш бутактар кездешпесе жана шак калың өссө, анда айрым чоң бутак-



3-сүрөт. Бактагы жаш түптөрдү кыюу жана түзүү (схема)
а — биринчи; б — экинчи; в — үчүнчү кесүүсү.

тарды кыркуудан тышкары кыйыштырылган эски бутактын майда жемиш берип жаткан бутакчалары да кыркылат. Чоң бутактарды кыркууда аны түбүнөн бери кыркпастан, өсүшү жакшы каптал бутактын жанынан кыркуу сунуш кылынат.

Эгерде даракта жаңы өсүп келаткан жаш бутакчалар жок болсо жана бардык жемиш берген бутактар картайып өтө аз, майда түшүм берсе, анда 5—6 жылдык жана андан да картаң бутактарды чеканкалоо жолу менен шакты жашартуу, кыскартуу керек.

Үшүк алган даректарды кыркуу. Кышкы суукта жаш даректарда бир жылдык бутактар үшүккө тез чалдыгат. Бутактын канчалык узундукта үшүк алгандыгы байкалар замат, ошол жылы өсүп чыккан жаңы бутактын түбүнөн жараксыз бөлүгүн кыркып салышат.

Мөмө берүүчү даректарда көп жылдык бутактардын үшүк алышы ошол замат эле байкалбайт, алар кээде жайдын ортосунда, ал тургай 1—2 жылдан кийин билинет. Жазында үшүк алган бутак кадимкидей эле бүрдөп, гүл ачып, ал тургай мөмө байлайт, андан кийин жайдын ортосунда куурап калат.

Эгерде үшүк алуу июндун биринчи жарымына чейин билинсе, анда жараксыз бутактарды жана алардын бөлүктөрүн ошол эле жылы кыркуу керек. Эгер үшүк алуу кеч билинсе, анда кыркууну кийинки жылдын жазында жүргүзгөн ылайыктуу.

Арам сабактар. Бул арам сабактар дайыма мөмө берүүчү бутактардын кесилген же ийилген жерлеринде, картайган даректарды үшүк алганда пайда болот.

Кесилген жана ийилген жерлерде 3—4төн көп арам сабактар пайда болсо, аларды суюлтуч, өтө начарларын кыркып салып, 1—2 жарамдуулары калтырылат. Алар 40—60 см бийиктикте кыркылат.

Адатта картайган даректардын чоң сөлөкөт бутактары биринин артынан экинчиси кууранда алардын ордуна арам сабактар пайда боло баштайт. Мындай учурда арам сабактарды даракты жашартуу үчүн пайдаланса болот. Ал үчүн толук жарамдуу жакшы жайгашкан арам сабактар тандалып алынат жана ылайыгына жараша кыскартылат. Жашартылган дарак 3—4 жылдан кийин ири жана сапаттуу жемиш берет.

Кыркуунун техникасы. Кесилген жердин жакшы жана тез бүтүшү үчүн керексиз, өзгөчө жоон бутактардын туура кыркылышы зарыл. Даректын сынышына жана кабыгынын сыйрылышына жол бербөө керек. Мына ошондуктан жоон бутактарды кыркканда анын төмөнкү жагынан кичине кесик жасап туруп андан кийин гана арааланышы тийиш. Кесилген жер дүмүрчө болбой кичине кесилгени дурус. Бул үчүн кескенде анын жогорку бөлүгүндө кесилген жер сөңгөккө тийип тургандай, ал эми асты жагында бир аз тийбей тургандай абалда болушу керек.

Кесилген жерди тазалоо жана сырдоо. Аны сырдоо же майлап коюу даракты чирүүдөн жана көңдөйлөнүп кетүүдөн сактайт. Кесилген жерди накта олифтеги сыр менен даректын комбиалдык составына жана кабыгына кирбегендей, күйгүзбөгүдөй кылып сырдоо талап кылынат. Дарак кесилер замат сырдалат.

Жаңы кесилген жерди майлоо үчүн форзит замазкасы эң сонун каражат болуп саналат. Аны даярдоо үчүн 50% уйдун кыгын, 25% баткак, 25% акиташ жана бир аз кум алынат да ага суу кошуп каймактай болгуча жакшылап аралаштырышат. Замазканы кесилген жерге кисть менен майлап кабыгын кошо жабышат. Ал канчалык көбүрөөк жабышса, ошончалык жакшы болот. Форзит замазкасын колдонгондо кесилген жер тазаланбайт. Бул замазка кесилген жердин тез бүтүшүнө мүмкүндүк берет жана даректын чирип кетишинен сактайт.

Кыркуунун мөөнөтү. Жемиш бактарын кыркуунун оптималдуу мөөнөтү жаздын (вегетациянын, бүчүр байлоонун) башталышы. Бул мезгилде кесилген жер жакшы жана тез бүтөт. Кышында да кыркууга болот, бирок катуу суукта кесилген жердин тегерегиндеги кабык жарамсыз болуп калышы мүмкүн. Май — июнь айларында жана жайында кыркуу жакшы натыйжаларды берет. Бул мезгилде даректар интенсивдүү сок топтоо абалында болгондуктан анын жараты жакшы бүтөт.

Мөмө байлоочу даректарда жайкы кыркуу иши июндун жарымына карата, жаш даректарды июлдун жарымына карата бүткөрүү керек. Кыркууну бул мезгилден кечирээк жүргүзсө алардын өсүшүн кечеңдетет, натыйжада кесилген жер жакшы бүтпөй калып, кышында үшүк алып кетет.

Данектүү өсүмдүктөрдү түзүүнүн жана кыркуунун өзгөчөлүктөрү

Кара өрүктүн, абрикостун жана шабдаалынын түзүлүшү үчүн адамдын кийлигишүүсү талап кылынбайт. Бул породадагы бир жылдык көчөттөрдү кыркпаса деле пи-

томниктеги мезгилинде эле эң көп каптал бутактарга ээ болот. Мына аны мутовкалоо, же шактын ярус боюнча суюлушун түзүү үчүн жакшы өскөн негизги бутактарды тандап алып, артык баштарын кыркып салуу керек.

Кара өрүктүн кээ бир сорттору жаш кезинде бүчүрлөрү күчтүү өсүп, аз бутактанат. Бүчүрлөрдүн бутактанышы үчүн жайында, качан алар 40—50 см узундукка жеткенде алардын үзүлүшү тийиш.

Данектүү өсүмдүктөр эрте жемиш берип, тез карыйт. 3—4 жолу жакшы түшүм бергенден кийин жаңы бүчүрлөрдүн өсүшү токтолот, дарак тегиз гүл ачып, көп жемиш байлайт, бирок жайдын ортосунда алар күбүлүп калат.

Шабдаалынын, кара өрүктүн, чиенин, түшүмдүүлүгүн калыбына келтирүү үчүн аларды кыркуу жолу менен мөмө берүүчү бутактарды кез-кез жаңыртып (жашартып) туруу ылайык. Жемиш бактарын суюлтуу жана жашартуу анын жемиш беришине, жашына жана абалына жараша жүргүзүлөт. Айрым сорттор өткөн жылда өскөн кыска бир жылдык бутактарында, кээ бирөөлөр щпорцаларда, ал эми кээ бирөөлөрү бир жылдык бутактарында да, ошондой эле щпорцаларда да жана букеттик бутактарда да мөмө байлайт.

Өткөн жылда өскөн бир жылдык бутактарында мөмө байлаган сорттордо алардын жыл сайын бир калыпта өсүшүнө жетишүү керек. Бул үчүн 5—6 жылда карт бутактардын учун мезгил-мезгили менен кыркып туруу зарыл. Бир кыйла жашыраак каптал бутактар да кесилип таштылат.

Абрикосту кыркуу. Абрикос букеттик бутактар жана бир жылдык бутактарында мөмө байлайт. Жаш даректар шагы түзүлгөндөн кийин азырак кыркылат, жашы чоңойгон сайын кыркуу көбөйтүлөт. Бул өсүмдүктү кыркуу тартиби кара өрүктүкүнө окшош.

Абрикосту жайында кыркуу зор мааниге ээ. Анын уч жагындагы бир жылдык бүчүрлөр кыскартылат. Бул бир кыйла кийинки мөөнөттө бутакчалардын экинчи өсүшүн пайда кылат, ошондой эле анда мөмө берүүчү бүчүрлөр

түптөнө баштайт. Экинчи жолу өсүп чыккан бүчүрлөрдө пайда болгон бүчүргө караганда кышкы суукка жакшы чыдай тургандыгын тажрыйба көрсөттү, себеби алар кышка жакшы абалда кирет да жазында бир кыйла кеч ачылат.

Кышы суугураак келген райондордо абрикосторду жайында кыркуу бир кыйла туруктуу жемиш берет.

Шабдаалыны кыркуу. Шабдаалыны кыркуунун башкы милдети — мөмө байлоочу негизги бутактарга жакындатууга жана алардын жыланач калуусуна жол бербөөдө турат.

Шабдаалы өткөн жылы өнүп чыккан бутагында мөмө берет, ошондуктан мөмө берүү менен бирге жакшы өсүн үчүн узарып кеткен бутактар жыл сайын кыскартылып турат. Каптал бутактарды эки бүчүргө кесишет. Жогорку бутактары жемиш байлайт, ал эми төмөн жагында калтырылган эки бүчүрдөн эки бутак өсүп чыгат, алардын жоторкусу узун, төмөнкүсү кыска кесилет. Мурунку жылы мөмө берген бутактар толугу менен кыркылат.


Шабдаалынын дарагы качан картайып жана начар өсүп, майда түшүм бере баштаганда алардын өсүшүн күчөтүү жана мөмө беришин калыбына келтирүү үчүн 3—4 жылдык бутактарын кыскартуу керек.

Жемиш даректарын кыйыштыруу

Бактын ээси жемиш багындагы каалабаган сорттор же жапайы өскөн даректар бар болсо, аларды керектүү сорттор менен кыйыштырып койсо болот, алар 2—4 жылдан кийин деле түшүм бере баштайт.

Тукуму жагынан бири-бирине жакын сортторду тандап, алманы — алмага, алмурутту — алмурутка, кара өрүктү — кара өрүккө, шабдаалыны — шабдаалыга, абрикосту — абрикоско кыйыштыруу керек. Бүчүрлөрдү кыйыштырууну 10—12 жаштагы жаш даректарда жүргүзүү жакшы натыйжа берет.

Бүчүрлөрдү кыйыштырууну (ажыратып кыйыштыруу, улаштыруу) жазында, качан даректарда вегетация жүрө баштаганда, болжол менен 25-апрелден 15-майга чейин жүргүзүлөт.



4-сүрөт. Чырпыкты өзөгүнө кыйыштыруу.


Кыйыштыруу үчүн бүчүрлөрдү(бир жылдык калемчелерди) кышында даярдашат, аларды сорттору боюнча боолап кыйыштырууга чейин муздак же нымдуу чүпүрөккө ороп муздаткычта сактаашат. Эгерде муз же муздаткыч жок болсо, карга көөмп сактаса да болот, качан кар эрий баштаганда үйдүн түндүк жагына 30—40 см терендикте жерге көөмп коюшат.

Кыйыштырууну көп учурларда «кабыкка» кыйыштыруу ыкмасы менен жасашат. Ал үчүн бүчүрдүн узун бутагынан 3—4 бүчүрү менен 10—12 см калемче кесип алынат. Андан кийин бүчүрдүн жогорку жагында дагы эки бүчүр калгыдай кылынып сөңгөктүн ортосуна чейин туурасынан кесик жасайт. Калемченин төмөнкү бөлүгүн шынаа өндүү кылып (4а-сүрөт) кесишет, шынаа 5—6 см узундуктан кем болбоого тийиш, ошентип калемче кыйыштырууга даяр болот.

Калемче кыйыштырыла турган бутакты араа менен дүмүрчө кылып кесишет, кесилген жерди бычак менен тазалоо керек. Андан кийин дүмүрчөнүн чыгып турган каптал жагы 3—4 см аралыкта (4б-сүрөт) кесилет. Кесилген кабыктын үстүнкү бетин кичине көтөрүп туруп даярдалган калемчени (4б-сүрөт) киргизет. Эгер дүмүр жоон болсо, ага туш тарабынан 2—4 жана андан да көп калемчелерди жалгаштырса болот. Киргизилген калемчелерди пленка лентасы менен бекем байлап коюшат (5а-сүрөт), ал эми

дүмүрчөнүн бетин жана калемченин жогорку учу бак замазкасы же пластилин жана лейкопластыр (5б-сүрөт) менен чапташат.

2—3 жумадан кийин кыйыштырылган калемче өсө баштайт да жаш бүчүрлөр пайда болот. Дүмүрчөнүн тегерегине чыккан бутакчалар алып салынат. Эгерде калемчелер өспөй калса, анда жаш бутакчаларды кыркпастан калтыруу керек, себеби кийинки жылы аларга кыйыштырууну же улаштырууну кайталоо үчүн керек болот. Калемчелерде биринчи жылы узундугу 80—100 см жеткен жарамдуу бутакчалар өсүп чыгат. Мындай бутактар көбүрөөк бутактанышы үчүн жайында 50—60 см узундукта кесип коюлат. Ал эми кийинки жылдарда өсүп чыккан калемчелерде шак түзүлүп 3—4 жылдан кийин түшүм бере баштайт.



5-сүрөт. Кыйыштырууну байлоо.

кыйыштырылган дарак

КОРОО ЖАНЫНДАГЫ УЧАСТОКТОРДОГУ ЭРГЕЖЭЭЛ ЖАНА ПАЛЬМЕТТИК ЖЕМИШ БАКТАРЫ

Алмалардын начар өскөн, жалгаштырылган сорттору эргежээл (парадиз) жана жарым эргежээл (дусен) болуп бөлүнөт. Парадиздерге жалгаштырылган стандарттуу сорттордун шактары начар, ал эми дусендерге жалгаштырылгандары орточо өсүш берет. Алмурут үчүн жалгаштырылган эргежээлден вегетациялык көбөйтүү учурунда алынган айва дагы анын өзгөчө «А» тиби болуп саналат, бул энелик

плантацияларда көбөйтүлөт. Данектен өстүрүлгөн айва жалгаштыргычка эргежээлдикти берет, бирок аны менен жакшы коошпойт жана көпкө жашабайт.

Эргежээл жана жарым эргежээл подвойлорго кыйыштырылган алманын жана алмуруттун сортторунун бир катар артыкчылыктары бар. Эргежээл даректардын жапыз өсүшү — аны багуу ишин жеңилдетет. Эргежээл подвойлордо даректарды түзүү жана кыркуу боюнча иштер аз күч жумшоо менен тез аткарылат, эгерде бийик өскөн даректан бир адам күнүнө 200—250 кг жемиш жыйнаса, эргежээл даректардан — 1000—1200 кг жемиш жыйнайт. Эргежээл подвойлорго жалгаштырылган сорттор 4—5-жылында биринчи, ал эми күчтүү өскөн подвойлорго жалгаштырылган алмалар 7—8-жылында гана түшүм берет.

Эргежээл жана жарым эргежээл подвойлорго отургузулуучу материалдарды Фрунзе, Ивановка, Ысык-Көл жана Өзгөн мамлекеттик жемиш-питомник совхоздору өстүрөт.

Эргежээл жана жарым эргежээл багбанчылыктын короо жанындагы жана дача участкалар үчүн зор мааниси бар. Анча чоң эмес аянтка парадизге жана айвага жалгаштырылган көп сандаган даректарды жайгаштырууга болот. Короо жанындагы жемиш бактарына дусендерди парадизге караганда сейрек, бирок кадимки күчтүү өскөн подвойлорго караганда жыш отургузуу керек (3-таблица).

Мыкты натыйжалар алуу үчүн кайрадан өздөштүрүлгөн жерлерге жалаң гана эргежээл жана жарым эргежээл даректарды отургузуу максатка ылайыктуу. Аларды күчтүү өскөн даректар менен бирге, бир жерге отургузуу сунуш кылынбайт, анткени күчтүү өскөн даректар 5—6 жылдан кийин бүткүл аянтты ээлеп калып, эргежээл даректарды өстүрбөй салат.

Эргежээл жемиш даректары кыртышты тандагыч келет, ал суу жана азыктык заттарды көп талап кылат. Ошондуктан бакты отургузуудан мурда участоктун топурагын жак-

3-таблица

Республиканын негизги зоналары боюнча эргежээл жана жарым эргежээл даректардын азыктанышы үчүн аянттар

Зоналар	Подвой	Азыктануу аянты, м
Чүй жана Талас өрөөнү	Дусен	5×4
	Парадиз	4×3
	Айва	4×3
Ош области	Дусен	6×4
	Парадиз	5×3
	Айва	5×3
Ысык-Көл ойдуну	Дусен	4×3
	Парадиз	3×2
	Айва	3×2

шылап азыктандыруу керек. 1 м^2 аянтка 2,5—3 кг эсебинде кык, 100—120 г суперфосфат жана 300—400 г хлордуу калий чачуу керек. Андан кийин участокту 25—30 см терендикте казышат же кайрадан айдашат.

Эгер участокту айдоого болбосо анда ар бир дарак үчүн терендиги 60—70 см жана кендиги 50—60 см өлчөмүндө чуңкур казылышы зарыл. Отургузган кезде алардын ар бир түбүнө 1,5—2 чака аттын же уйдун чириген кыгын жана 1—1,5 кг суперфосфат төгүлүшү тийиш. Жер семирткичти топурактын үстүнкү катмары менен жакшылап аралаштырып тешин астына төгүп, отургузган кезде тамырларына төгүү керек.

Даректын штамбы төмөн болуп (30—40 см) түзүлөт. Шактагы биринчи тартиптеги бутактары бири-биринен 40—50 см аралыктагы 4—5 бутак менен чектелишет. Биринчи тартиптеги ар бир бутакта бири биринен 20—25 см аралыкта, экинчи тартиптегиден 1—2 бутак калтырышат. Биринчи жана экинчи тартиптердеги бутактардын ортосундагы артык баш бутакчаларын, ийет же октун айланасында буралып саландаган абалында кармап турат. Мындай

бутактар түшүм байлап, даректардын жемиш бериши тездей баштайт. Бул операцияны 15-июлдан 15-августка чейин жүргүзсө болот. Калган багуу-сугаруу, кыртышты иштетүү, зыянкечтерге каршы күрөшүү — кадимки бактардагыдай эле жүргүзүлөт.


ПАЛЬМЕТТИК БАГБАНЧЫЛЫК

Мунун маңызы бийиктигин 3—3,5 м жана туурасын 1,5—2 м өлчөмүндө вертикалдык кереге түрүндө жалпак шактуу дарак түзүүдө турат. Бул анча чоң эмес аянтта бир кыйла көп сандагы дарак отургузууга жана көп түшүм алууга мүмкүндүк берет.

Пальметтик жемиш багын отургузуу үчүн топурагы асылдуу сугат жерлери бөлүнөт. Пальметтик жемиш бактары үчүн отургузулуучу көчөт бир түрдүү эргежээл жана жарым эргежээл подвойлордон, бир жылдык, жакшы өскөн жана эч кандай механикалык зыянга учурабаган болууга тийиш. Шагынын биринчи ярусу жерге жакын отургузулат, ошондуктан сөңгөктөрдүн бир жылдык бүчүрлөрү жакшы өнүккөн болууга тийиш. Отургузардын алдында көчөттөрдүн бардык зыянга учурагандары жараксыздыкка чыгарылат. Отургузуунун жыштыгы сортуна, подвойго жана өсүү шартына жараша болот. Отургузуунун эң жакшы мөөнөтү — эрте жаз, бирок чуңкурду мурдатан, күзүндө казуу керек. Кечигип отургузуу анын жашоо процессин төмөндөтөт, жакшы өсүүнү камсыз кылбайт жана отургузулган жылы бутактардын түзүлүшүн кечиктирет. Жер семирткичтерди чачуунун өлчөмү, мөөнөтү жана сугаруунун нормасы кадимки бактардагыдай эле.

Кыйгач пальметти түзүүнүн техникасы

Отургузгандан кийин өзөктөгү шире ары бери жүрө баштаганга чейин шактарды кыркуу жүргүзүлөт. Бул үчүн күчтүү подвойлордогу бир жылдык көчөттөрдү жакшы



6-сүрөт. Чырпыктарынын өсүшү: а — отургузгандан кийинки бак; б — өсүп жетилгенге чейин, июль айында; в — биринчи жолу чырпык байлоо.

өнүккөн бүчүрлөрүндө —70 см, дусенде —60 см чейин кыскартышат. Эгерде питомниктеги бир жылдыктарда каптал бутактары тездик менен өскөн болсо, аларды 1—2 см кыркып салышат. Кыркууну өтө кылдаттыкта абдан курч бычак менен жүргүзүшөт. Кайчы менен кыркканда жогорку бүчүрлөрдүн негизгиси зыянга учурашы мүмкүн жана жол көрсөткүч бутак начар өсөт. Май айында өсүп келаткан


бутактары бар жаңы отургузулган даректарды текшерип, эгерде бир уядан эки бутакча өсүп чыкса, алардын бирин кыйыштырышат же кыркып салышат. 15—20-июлдан 10—15-августка чейинки мезгилде пальметтерди түзүү боюнча биринчи операция жүргүзүлөт. Сөңгөктө өсүп келе жаткан бутактардан үч бутакчаны тандап алышат: анын экөө катарлардын багытында, экөө биринчи ярустагы склеттик бутактар, ал эми үчүнчүсү (жогорку, жакшы өскөн бутак) жол көрсөткүч үчүн. Калган бутактардын бардыгын тик ийилген абалында (кагаз жип менен байлаган жакшы) штамбка байлап коюшат (6-сүрөт).

Айрым учурларда чырпыктар ката электе аны сөңгөккө бойлото кол менен бурап, саландаган абалында жазгы кыркууга чейин калтырышат. Буралган бутакчалар байланбайт.

Пальметтерди вегетациянын экинчи жылында түзүү

Отургузган пальметтердин экинчи жылындагы жайгашышы келечекте сөлөкөттү түзүүчү бутактардын ортосундагы штамда жайгашкан бутактарда тикен калтырбай сөңгөктүн жоонойгон жерине чейин жерден 30 см бийиктикте курч бак кесүүчү бычак менен кесишет. Ийилип калган орточо жана начар чырпыктар кыркылбайт, аларды даректын 3—4 жылдык жашына чейин калтырышат. Жазында кыркканда жол көрсөтүүчү шактын экинчи ярусу түзүлөт. Отургузгандан кийин биринчи жылы начар өскөн бутакты кыркуунун кереги жок, аларда экинчи ярусту түзүүнү кийинки жылда гана жүргүзөт. Жакшы өскөн подвойлордо шактын экинчи ярусу 100—120 см, дусенде — 60—100 см бийиктикте түзүлөт. Эгерде жол көрсөткүч мындай бийиктикке жетпесе, анда шакты түзүү кийинки жылга калтырылат.


7а-сүрөттө даректын жол көрсөтүүчүсү керектүү бийиктикке — 100 см жеткен, мында экинчи ярусту түзө берүүгө болот. Ал эми 7б-сүрөттө жол баштоочу начар,



7-сүрөт. Бактын баш жагынын түзүлүшү: а, б — ортоңку өзөгү тигине карата кыскартуу; в, г — ортоңку түбү, туш тарабын-бутагынын бийиктигине жетип турат. Аны кыскартат, ал бо-

каптал жаккы бутактары күчтүү өскөн, мына ошондуктан жол баштоочуну күчтөнтүү үчүн каптал бутактарына жантаюу абалын (7-сүрөт) беришет; мындай болгондо экинчи ярусту түзүүнү жол баштоочу бир метр бийиктикке жеткенде кийинки жылы жүргүзүшөт.

Айрым бутактардын өсүшүн күчтөнтүү жана начарлатуу үчүн алардын абалдары өзгөрүлүп турат. Эгерде бутактардын бири күчтүү, экинчиси начар өскөндө: начарла-



в *г*

бутактарынан күчтүүрөөк өскөн. Аны экинчи бөлүгүнүн бийиктдагы бутактардан кыска, бирок экинчи бөлүгүнөн өсүп чыккан рундагы бутактарын 45° та жантайтат.

рына байкоо жолу менен вертикалдык; ал эми күчтүүлөрүнө — горизонталдык абал берилет.

Экинчи жылдын жазында, май айынын акырында, жаш бутакчалар 10—15 см жеткен убакта биринчи ярустун скелеттик бутактарында текшерүү жүргүзүлүп, ашыкча бутактарын кыркып салышат. Июнда даректарга экинчи текшерүү жүргүзүшөт, анда келечектеги биринчи ярустун катар аралыктарындагы четтеп кеткен бутакчалар катар-

ларды көздөй багытталат. Бул орнотулган казыктарга байлоо, же дөңгөчтөрдү, же рогулкаларды орнотуу жолу менен жасалат.

15-июлдан 15-августка чейинки мезгилде борбордук жол көрсөткүчтө 60—80 см бийиктикте дагы үч чырпык тандалып алынат: алардын экөө экинчи ярус үчүн катардын узатасынын багыты боюнча, бирөө (үчүнчүсү) өсүүнү улантуучу бутак үчүн тандалып алынат. Калган жол көрсөткүчтө өсүүчү бутактарды саландатып ийип сөңгөккө байлашат.

Биринчи ярустун бутактарында өскөн жаш бутактардан жемиш шактары түзүлөт. Жемиш берүүчү бутактар скелеттик бутактардын капталдарында бири биринен ар бир 15—20 см аралыкка катар аралыктарды көздөй өскөн бутакчалардан түзүлөт. Бул бутакчаларды 2—3төн учтарынан байлашып, горизонталдык абалга келтирет, калган бутактарды, анын ичинде скелеттик бутактардын жогорку бөлүгүндө өскөндөрдү да тик ийилген абалында байлашып, жазга чейин калтырышат.

Пальметтерди вегетациянын үчүнчү жылында түзүү

Үчүнчү жылдын жазында биринчи ярустун скелеттик бутактарын табыгый абалында калтырышат. Ал бутактарда жана борбордук жол көрсөткүчтөрдө мурунку жылы күчтүү өскөн, ийилген бутактарды кесишет. Майдаларын калтырышат. Борбордук жол көрсөткүчтү үчүнчү ярусту түзүү үчүн кыскартышат. Ал 90—100 см бийиктикте күчтүү өскөн подвойлордо, ал эми дусендерде 50—70 см бийиктикте түзүлөт.

Биринчи жана экинчи ярустардын ортосундагы сөңгөктөгү күчтүү, жоон өскөн бир жылдык бутактарды кыркышат. Эгерде экинчи ярустун бутактары өсүү жагынан бирдей болбосо, өтө начарларын вертикалдык абалга, калганын бир кыйла горизонталдык абалга келтирилет.

15-июлдан 15-августка чейинки мезгилде экинчи ярус-

тун мурунку жылкы бутактарында жана ярустун ортосундагы сөңгөктөрдө өскөн жаш жашыл бутактарды ийүү улантылат.

Экинчи жана үчүнчү ярустардын негизги бутактарында биринчи ярустун бутактарындагы сыяктуу эле жемиш берүүчү бутактар түзүлөт. Аларды түзүүдө ярустун бутактары өсүү жагынан экинчи ярустун бутактарынан, экинчиники үчүнчүнүкүнөн калышпасына системалуу түрдө көз салып туруу керек.

Эгерде жогорку ярустун бутактары күчтүү өскөн болсо анда төмөнкү ярустар начар өсүп, акырындык менен куурап калат. Ошондуктан туура форманы сактоо үчүн үчүнчү ярустун өсүшүн экинчи ярустун, экинчини биринчи ярустун өсүшүнө баш ийдирүү керек. Бул — бутактардын жайгашышын жөнгө салуу аркасында жетишилет. Начарлары бир кыйла вертикалдык, ал эми күчтүү өскөндөрү горизонталдык абалга келтирилет.

Үчүнчү ярус түзүлгөндөн кийин жол көрсөткүч кыркылат.

Отургузгандан кийинки үчүнчү жылдын акыркы вегетациясында биринчи ярустун скелеттик бутактары сөңгөктөн алыстатылат. Даректардын араларына катарлаштыра казык кагып, ага эки чектеш даректын биринчи ярустарынын скелеттик бутактарын керип тартып аны же бекем жип менен байлашат. Кабыгын зыянга учуроодон сактоо үчүн бутактарга резинкадан же жыгачтан жасалган каамыт кийгизилет. Скелеттик бутактарды жантаюу абалына келтирүү эки ыкма менен жүргүзүлөт: күзүндө — алдын ала 35—40° чейин, жазында биротоло сөңгөктөн 50—55° четтетишет.

Күзүндө кыркканда экинчи жана үчүнчү ярустардагы бардык ийилген, жабыла күчтүү өскөн бутактарды кыркышат.

Бешинчи — алтынчы жылында жогорку ярустун бутактарынын биринчи ярустун тибинде, же облактация кылуу менен, же каршы өскөн жашыл бутактарды кадимки эле

бурап ийүү жолу менен бутактарды бекитүүнү жүргүзүшөт.


Андан ары чоң бутактарды ылдый карай ийип 3—4 жыл жемиш алыш үчүн пайдаланышат, андан кийин кыркышат.

Жемиш берүүчү бутактар өтө эле узарып кеткенде (1,5 м ашык) аларды каптал бутактарга которуу менен кыскартышат. Жемиш бутактары картайган сайын өзүнүн продуктуулугун төмөндөтөт, ошондуктан аларды жаш бутакчалардын эсебинен кайра калыбына келтиришет.

ФОРМАЛЫК ЖЕМИШ БАГЫН ОТУРГУЗУУ

Формалык эргежээл даректар кыртыштын асылдуулугун талап кылат. Ошондуктан өтө таштак жерлер бак отургузууга жараксыз. Формалык бакты отургузууга кыртышты даярдоо жана отургузуунун эрежеси негизинен эргежээл даректарды отургузганга окшош. Көчөт бир жылдык жашында шактары жок болууга тийиш, бирок жол көрсөтүүчүсү жакшы өскөн жана 30—50 см бийиктикте жакшы өнүккөн бүчүрлөрү болууга тийиш, себеби кийин алардан керектүү шактар түзүлөт. Көчөттөрдүн жакшы өнүккөн жана жарамдуу тамыр системасы болууга тийиш.

Формалык багбанчылыкта түзүлө турган шактар төмөнкү топторго бөлүнөт: кордондор жана пальметтер, пирамидалар жана ваза түрүндөгүлөр (8-сүрөт). Кордондор — бул сөңгөгү бир же эки скелеттик бутагы бар, бүткүл узундугу боюнча бирдей тегиздикте жемиш берүүчү бутактар менен капталган формада өсөт. Пирамида — бул борбордук жол көрсөтүүчүсү күчтүү өнүккөн жана бир нече ярустары, скелеттик каптал бутактары бар форма, алардын узундугу бара-бара пирамиданын негизинен жогор жагын карап кичирейет. Ваза түрүндөгү формалардын борбордук жол көрсөткүчү жок болот, ал эми скелеттик бутактары айлана боюнча бири-биринен бирдей алыстыкта жайланышкан Торлуу кордон, Лепаж пальмети жана рузиндик пальмети, ошондой эле чейрек түрүндөгү ваза өтө кызыктуу.



8-сүрөт. Бактын түбүнүн формасы: 1 — тик; 2 — кыйшайган; 3 — эки шактуу түз өскөнү; 4 — бир шактуу түз өскөнү; 5 — торлуу шактуу. 6 — эки жактуу. — пальметта; 7 — богоолу пальметта, 8 — өрүлгөн пальметта; 9 — Верье пальметтасы; 10 — Буш Тамас пальметтасы; 11 — толгонгон пальметта; 12 — Лепажа пальметтасы; 13 — рузиндик пальметта 14 — түз бутактуу пальметта; 15 — төрт кырдуу пирамида; 16 — жантык бутактуу пирамида; 17 — тегерек ваза; 18 — спиралдуу ваза; 19 — гирлянда; 20 — змейка.

Торлуу кордон түрүндө (8-сүрөт, 5-форма) шпалерге байланган каркастын жардамы аркасында түзүлөт. Бир жылдык көчөттөр бири-биринен 50 см аралыкта катарларга отургузулат. Шире жүгүрүү кыймылы башталганга чейин бирдей тегиздикте турган жакшы өнүккөн эки бүчүрдүн жогору жагынан 30—40 см бийиктикте кесилет. Жогорку бүчүрлөрдөн өскөн бутакчаларды 30—45° бурчтукта өсүүгө карата багыттайт. Штамбда бутакчаларды «шакекче» кылып кесишет.

Бутактардын интенсивдүү өсүшүн вертикалдуу жана горизонталдуу абалга келтирүү менен ишке ашырат. Эгерде бутак өсүш жагынан артта калса, анда ага вертикалдык абал берилет.

Лепаж пальмети (8-сүрөт, 12-форма). Бул пальметти

түзүү үчүн бир жылдык көчөттөрдү түштүктөн түндүктү карай 45° бурчтукта отургузушат. Даракты отургузганда кесилген жерлер көчөттүн төмөнкү тарабында болушу керек, андай болбосо даракты ийген кезде привойлор сынып калышы мүмкүн. Вегетациялык мезгилде ийилген жерде бир гана бутак калтырылып, калгандары кыркылат. Кийинки жылдын жазында узарып өскөн бутакты карама-каршы жакка ийишет жана пальметтин керегеси 180 см бийиктикке жетмейинче жыл сайын улантыла берет.

Мындай кылып даракты түзгөн кезде жогорку жактагы ийилген жерлердеги өскөн бутактарды кыркууну өз убагында жүргүзүү зарыл. Төмөн жагында жана капталдарында өсүп чыккан бүчүрлөр калтырылат, бул анын эркин өсүшүнө шарт түзөт. Эгерде атаандаш бутактар пайда болсо, аларды «шакекче» кылып кыркышат.

Рузиндик пальметта (8-сүрөт, 13-форма) подвойлордун өсүүсү ар кандай эргежээл (парадизка) жана күчтүү (токой жана маданий алма) даректарда түзүлөт. Эргежээл подвойлордогу бир жылдык даректарды 1,5—2 м аралыкта отургузушат. 50 см бийиктиктеги жакшы өскөн үч бүчүр тандалып алынып, алардын жогору жагынан кесилет. Жай ичинде бул көзчөлөрдөн үч жакшы бутак өсүп чыгат. Калган бутактар кыркылып салынат.

Кийинки жазга штамбдагы бутактарды «шакекче» кылып кыркышат. Төмөнкү жагында жакшы өскөн эки бутакты догоо сымал кылып ийип коңшулаш бутакка же казыкка байлап коюшат, ал эми жогорку бутакты бир жагына каратып ийип төмөнкү бутакка байлашат. Вегетациялык мезгилде жогорку ийилген бутактын орто ченинде тик өйдө өскөн бутакча калтырылат, калгандары мөмө байлоочу бутактарга айланат. Үчүнчү жылдын жазында тик өйдө өскөн бутакты карама-каршы тарапка ийишет жана дарак түзүлгөнгө чейин жогоруда айтылгандардын бардыгын кайталашат.

Ваза же чөйчөкчө (8-сүрөт, 17—18-формалар) каркастын жардамы же ансыз эле түзүлөт. Бул үчүн эрте жазда

бир жылдыктар 30—35 см бийиктикте кыркылат. Жогорку үч бүчүрдөн күчтүү жарамдуу бутак өсүп чыгат, калгандары кыска кылынып кыркылат. Калтырылган негизги үч бутак жай бою эркин өсөт. Эгерде алардын биринин өсүшү начар болсо, анда ага бир кыйла вертикалдуу, ал эми өтө күчтүү өсүп кеткендерине горизонталдуу абалга четтетишет. Кийинки жылдын жазында штамбда жайланышкан бутактардын бардыгы «шакекче» болуп кыркылат. Жакшы өскөн скелеттик үч бутакты жакшы өскөн эки бүчүрдүн жогору жагы негизинен 20—25 см бийиктикте кыркылат. Экинчи жайдын акырында алардан алты негизги горизонталдык скелеттик бутак алышат да, аларды ар кандай вертикалдык абалга багытташат. Бутактардын симметриялуу жайгашышына көз салуу керек. Негизги бутактарда биринин артынан бири өткөн бутактардын өсүшүнө жол берилбейт, ал эми бардык бутактар жемиш берүүгө көчүрүлөт.

Формалык бакты күтүү

Айрым бутактардын өсүшүн жана өнүгүшүн аларды вертикалдык абалдан четтетүү жолу менен жөнгө салышат. Бутактардын жол көрсөтүүчү бутактан аз бурчтук боюнча четтеши, алардын тез өсүшүнө жана өнүгүшүнө мүмкүнчүлүк берет, ал эми тескерисинче, кең бурчтук менен четтеши алардын өсүмүн жана өнүгүшүн кечеңдетет. Айрым бутактардын өсүү жана өнүгүшүн жөнгө салуу үчүн бул негизги ыкмадан тышкары шактарды кыркуу жана шакекчелөө сыяктуу кошумча операцияларды пайдаланышат. Аларды вегетация башталганга чейин эрте жазда жүргүзүшөт.

Бутактардын өсүшүн жана өнүгүшүн күчөтө турган бүчүрдүн же бутактын жогор жагынан кесишет. Шакекчелөөнүн жардамы менен минералдык азык заттары бар суунун даректын учуна карай агымын убактылуу токтотушат, суу шакекчеленген жерге келип топтолот. Кескен

кезде да жана шакекчелегенде да бутактын бир бөлүгүн кошо ала кетүү керек.

Жасалма шактарды ийгиликтүү түзүү үчүн даректар жыл сайын жакшы өсүүгө тийиш. Кыртыш дайыма таза жана жумшартылган абалда болушу керек. Даректардын түбүнө органикалык-минералдык жер семирткичтердин жогорулатылган нормасын чачуу керек. Даректарды өз убагында, туура пинцировкалоо жана кыркуу дайыма жогорку түшүм алууга мүмкүндүк берет. Формалык эргежээл даректардын сөңгөгүнүн айланасын 10—15 см кык же чым көң менен жабуу аркылуу жылуулоо кышындагы сууктан сактайт.

Сортторду тандоо

Формалык багбанчылык үчүн шакекче түрүндө мөмө байлоочу сортторду тандап алуу керек. Бул шактарды түзүүнү бир кыйла жеңилдетет жана кыркkан кезде бутактардын кесилишин азайтат. Төмөнкү жаңы сорттор формалык багбанчылык үчүн бир кыйла жарактуу болуп саналат. Аларга Чолпонбай, Пальмира, Фрунзе, Аламүдүн, Күзгү кандили, Кыргыз кандили, Жылдыз сорттору кирет.

ЖЕР-ЖЕМИШТЕР

Короо жанындагы участокторго сөзсүз жер-жемиш өсүмдүктөрү өстүрүлүүгө тийиш. Алар суукка чыдамдуу, эч нерсени тандабайт, тез түшүм берет (отургузулгандан кийин экинчи-үчүнчү жылда түшүм берет) жана аларда жемиш берүүнүн мезгилдүүлүгү болбойт.

Ошондой болсо да бактарда жер-жемиш өсүмдүктөрүн өстүрүү иши жай өнүгүүдө. Мунун негизги себептеринин бири өсүмдүктөрдүн зыянкечтерге жана вирустук илдеттерге чалдыгышында турат. Алар негизинен жемиш берүүчү плантацияларда отургузулуучу өсүмдүктөр аркылуу таркалып жатат.

Биздин өлкөдө жер-жемиштердин продуктуулугун жо-

горулатуу жана кайра калыбына келтирүүдөгү негизги маселелердин бири адистештирилген энелик питомниктерде жарактуу отургузулуучу материалды өндүрүүнүн системасын иштеп чыгуу болуп эсептелет. Энелик тукум үчүн таза жарактуу өсүмдүктөрдү тандап алышат. Тазартылган отургузулуучу материал 50° температурадагы ысык сууда 10 минутанын ичинде кайра иштетилет.

Бул бүлдүркөндүн көчөтүн нематоддордон жана бүлдүркөн кенесинен толук тазалоого мүмкүндүк берет. Ысык сууга бүлдүркөндүн тамыр системасы гана салынат. 10 минутанын ичинде ысык суу менен иштетилген кара карагаттын көчөтү (бүчүр байлай элегинде) топурак жана карагат кенесинен тазаланат, ал эми малинанын тамыры ушундай эле иштетүүнүн шартында түбүнүн өнүп кетишинен жана жөргөмүш кенесинен тазаланат. Энелик тукумдук үчүн суюк отургузулган материалды колдонушат, бул жогорку сапаттагы отургузулуучу материал алууга мүмкүндүк берет.

Бүлдүркөндүн энелик көчөтүн 90×90 дон 120×120 см чейин, кара карагатты жана крыжовникти —2×1 м, малинаны —1×0,7 м схемасы менен отургузуу максатка ылайыктуу болот. Бүлдүркөндүн жана малинанын энелик тукумдук плантациясын 2 жыл бою, ал эми кара карагат менен крыжовниктин плантациясын —4—5 жолу пайдалануу максатка ылайык.

Энелик тукумдуктарды пайдалануунун мөөнөтүн узартуу — отургузулуучу материалдын аз алынышына жана энелик тукумдук өсүмдүктөрдүн илдетке чалдыгышына алып келиши мүмкүн. Тукумдуктардын сортун үзгүлтүксүз жаңылап туруу өтө маанилүү болуп саналат. Жогорку түшүмдүү, илдетке, жана зыянкечтерге туруктуу сорттордү көбөйтүү керек.

Бүлдүркөн

Бүлдүркөн — кыртыштын жакшы болушун талап кылган, нымдуулукту жакшы көргөн өсүмдүк. Бүлдүркөн үчүн

топурагы асылдуу жана суу менен камсыз болгон түз участокту бөлүшөт.

Короо жанындагы участоктордо ичке тилкелүү катарларды (кеңдиги 20—40 см ашпаган) түзгөн кезде өсүмдүктөрдүн аралыгы 10 см болгону өтө ыңгайлуу. Көп катарлуу кылып жыш отургузуу абдан көп кошумча түшүм берет. Бирок мындай көчөттөрдү пайдалануунун мөөнөтү кыска.

Азыркы кезде плантацияны бир жыл пайдаланганда гана эң жогорку түшүм алынып жатат. Бүлдүркөн плантациясын узак мөөнөткө (5 жылга чейин) пайдалануу бардык учурда анын түшүмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө, жемиштин майда болуп кетишине, алардын боз чирик илдетине чалдыгышынын күчөшүнө алып келет. Өсүмдүк күзгө чейин чындалып жана гүл ачуучу бүчүр байлашы үчүн жайында отургузган жакшы. Жазында жана кеч күздө отургузган кезде түшүм кийинки жылы гана алынат.

Отургузардын алдында кыртышка —1 м^2 аянтка 1—2 чака чиринди жана минералдык жер семирткичтер — 2 чай кашыктан аммиак селитрасын жана хлордуу калий, 5 чай кашык суперфосфат чачылат. Жакшы өнүккөн көчөттүн тамырынын узундугу 5 см келип, мочкасы, 4—5 жалбырактан турган разеткасы болууга тийиш. Отургузууну алдын ала суу коё берилген сугат борозунун жээгине жүргүзүү керек. Мында борбордук бүчүр «жүрөкчө» кыртыштын үстүнкү бетинин деңгээлинде, ал эми тамырлары ылдый карай түз болуп жерге тийип турушуна көз салуу керек. Отургузгандан кийин сугарышат. Биринчи айда ар бир 7—10 күндөн кийин сугарып турат.

Бүлдүркөндү күтүү иши аны өз убагында сугаруу, отоо чөптөрдөн арылтуу жумшартуу жана катар аралыктарды казуу жумуштарынан турат. Июль-август айында аларды отоо менен бир убакта эле жемиш берүүчү плантация үчүн кереги жок мурутчаларды жулуп салышат. Энелик плантацияда розеткалар жакшы тамырлашы үчүн көз салып бул үчүн жерди такай жумшартып жана тез-тез сугарып туруу зарыл. Сентябрь-октябрь айларында (гүл ачуучу бү-

чүрлөрүнүн түйүлүү мезгили) жемиш берүүчү плантацияны бир, же эки солун сугарып, өсүмдүктөрдүн аралыгындагы топуракты жумшартып жана катар аралыктарды казышат. Кийинки жылдын жазында, март-апрель айларында топуракты жумшартууну жана катар аралыктарды саман же майдаланган кагаз менен жабуулоону жүргүзүшөт. Май айында (гүлдөп жана жемиш байлаган учуру) көчөттөр 2—3 жолу, ал эми июнь айында (жемиштердин бышуу мезгили) 2 жолу сугарылат.

Түшүм жыйналып алынгандан кийин участок кайрадан казылып жана ал жерге энелик плантацияда өстүрүлгөн жаңы көчөттөр отургузулат.

Бүлдүркөндүн сунуш кылынган сорттору: эрте бышуучу Дон сорту — майдын ортосунда бышат, түшүмдүүлүгү жогору. Жемиштери чоң-чоң жана даамдуу. Чүй өрөөнүндө райондоштурулган.

Ясна — майдын акырында бышат. Жемиши чоң-чоң жана ачык-кызыл түстө. Түшүмдүүлүгү жакшы. Чүй, Талас өрөөндөрүндө жана Ош областында райондоштурулган.

Өзбекстан — майдын акырында бышат, жогорку түшүмдүү, жемиши ири келип, өтө даамдуу жана эки жыныстуу гүл ачат. Чүй, Талас өрөөндөрүндө райондоштурулган.

Ташкент — июндун башында бышат, түшүмдүүлүгү жогору, жемиши чоң-чоң келип, өтө канттуу чирик илдетине чалдыкпайт.

Талисман — кеч бышат, гүлү эки жыныстуу, жемиши чоң, жагымдуу тегерек формада болот.

Ада, Нечерноземная, Сахалин — ремонттук сортторго кирет, жыл бою гүлдөп жана түшүм берет. Биринчи түшүмү (жайкы) аз, ал эми экинчи (күзгү) түшүм — өтө мол болот.

Карагат

Кыргызстанда кара, кызыл, ак жана сейрек учуроочу мөлтүрөк карагат таркалган. Жогоруда аталган карагаттардын ичинен кара карагат бааланат. Себеби анда С жана Р витаминдеринин болушу боюнча ал бардык башка мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн ичинен биринчи орунду ээлейт. Кара карагатта С витамини өтө туруктуу келет, ошондуктан жаңы мөмө гана жогорку витаминдүү болбостон, андан алынган продуктылар: варенье, шире, желе, компоттор, мармелад, вино, наливка жана башкалар да жогорку витаминдүү болот.

Кара карагат Ысык-Көл областына, ошондой эле Чүй өрөөнүнүн тоо этектеринде, тоо кыркаларында өсөт жана мыкты жемиш берет. Короо жанындагы участоктордо, корулган жерлерде, аптаптуу өрөөндүү зоналарда отургузулган карагаттардан да арбын түшүм алынат.

Карагат көлөкө жерге жакшы өсөт жана нымды сүйөт, өзү менен өзү чаңдашат, бирок башка чаңча менен чаңдаштырылганда жемиши чоң-чоң болуп көп байлайт.

Аны жашыл жана катып калган калемче, бадалды көчүрүү, бөлүү жолу менен көбөйтөт. 30 см узундуктагы калемчелерди жердин үстүнө эки бүчүр калтырып 45° бурчтукта отургузушат. Андан кийин топуракты жумшартуу жана оңдоо менен сугарып турат.

Көчөттөрдү күтүү иши — аларды сугарууну, түбүн жумшартууну жана отоо чөптөр менен күрөшүүнү кучагына алат. Көчөттөрдү күзүндө жана жазында туруктуу жерге кайра көчүрүп отургузушат. Отургузардын алдында тамырын кыркышат, бутактардын үчтөн бирин кыскартышат. Отургузуу 1,8×0,6 м схемасы боюнча жүргүзүлөт.

Карагат топурактын өтө асылдуу болушун талап кылат. Ошондуктан отургузуучу чуңкурга 1 же андан да көп чириген кык төгүлөт. Ар бир чуңкурга 2—3 түптөнүп калган көчөт отургузуп, андан кийин сугаруу керек. Вегетация мезгилинде 6—8 жолу сугарылышы тийиш. Карагатка

семирткич жакшы таасир кылат, аларды негизги бадалдан 0,8—1 м аралыкта 20 см терендикте казылган чуңкурдун астына же траншеяларга жыл сайын күзүндө төмөнкү өлчөмдө чачкан жакшы болот: бир түп бадалга 5 аш кашык суперфосфат, 2 аш кашык селитра жана калий семирткичин. Кык 3 жылда бир жолу —1 м² жерге 2 чакадан төгүлөт.

Кара карагатты кыркуу, бадалдарды суюлтуу жана жашартуу жолу менен жыл сайын жүргүзүшөт. Бул үчүн отургузгандан кийинки биринчи жылы 3—4 жарамдуу өскөн бутактарды калтырышат, узундугунун үчтөн бирине чейин кыскартылат жана алардан жемиш берүүчү бутактар түзүлөт. Жыл сайын тамырдан өсүп чыккан 3—4 бутакча калтырылат, артыкча өсүп чыккандары кыркылып салынат. Муну 3—4 ар түрдүү жаштагы бутактардан турган 15—18 бутактан күчтүү бадал түзүлгөнгө чейин ушундай жасап беришет. Кийинчерээк жемиш бербей калган карт (5—6 жаштагы) бутактар кыркылып, анын ордуна тамырдан өсүп чыккан 3—4 жаңы бутак калтырылат.

Мөлтүрөк карагат — Крандаль сорту — бакты сүйүүчүлөрдүн көпчүлүгүндө таркалган, бирок бардыгында эле жакшы жемиш бербейт. Мөлтүрөк карагаттын жогорку түшүмдүү мыкты сорттору — Өзбек, Крупноплодная, Плотномясая, Огонек — Өзбек ССРинин колхоздору менен совхоздорунда өстүрүлөт (бир түп бадалдан 25—30 кг чейин түшүм алынат). Мөлтүрөк карагаттын бадалы өтө бийик өсөт (140—180 см), жемиши кара карагаттыкынан 2—3 эсе чоң, ал кургакчылыкка чыдамдуу, зыянкечтерге жана илдетке (атап айтканда жалтырак канатка) чалдыкпайт. Ал 2,5×1,5 м схемасы боюнча отургузулат.

Кызыл карагат кара карагаттан айырмасы ал көлөкөнү сүйбөйт. Жылуу корголгон участокто жакшы өсөт жана арбын жемиш берет. Бадалдар 20 бутактан түзүлөт, андан кийин алардын начарлары, сынгандары жана картаңдары гана алынып ташталат. Бутакчаларды кыскартуу сунуш кылынбайт. Отургузуу, күтүү жана көбөйтүү жолдору кара

карагатка окшошураак. Кызыл крест, Голланд кызылы, Голланд ак сорттору түшүмдүүлүгү жагынан кара карагаттан ашып түшөт.

Крыжовник

Кыргызстандагы короо жанындагы участоктордо крыжовник өтө аз таркалган. Ал кара карагатка караганда түшүмдүү келет, бирок американалык гриб илдетине чалдыгат. Отургузуунун схемасы —2×1 м. Отургузуунун, күтүүнүн, кыркуунун мөөнөтү жана техникасы, көбөйүшү кара карагатка окшош.

Американалык гриб илдетине туруктуу крыжовниктин сорттору: Московский — 17, бадалы бийик, жайылып өсөт, жемиши кочкул-кызыл, даамдуу, түшүмдүү сорт, бир түп бадалдан 10—12 кг чейин жемиш алынат. Смена сорту — бийиктиги орточо, жемиши кызыл, тоголок, орточо чондукта, даамы канааттандырарлык.

Малина

Малина жогорку диетикалык сапатка жана дарылык касиетке ээ, болгон баалуу өсүмдүк. Андан варенье, желе, шире, сироп жана башкалар алынат. Кургатылган жемиштер чыгаруучу каражат катары колдонулат. Малинанын эки жаштагы бутактары жемиш бергенден кийин кууран калат, анын ордуна тамырынан жаңысы өсүп чыгып, алар кийинки жылы түшүм берет. Ошондуктан жемиш бербей калган бутактарды гана кыркышат.

Малинаны отургузуунун жана кыртышты иштетүүнүн техникасы карагатты күтүү сыяктуу эле. Малина жетиштүү санда нымды жана сугарылгандан кийин топуракты жумшартууну талап кылат. Малинанын да, карагаттын жана крыжовниктин да күзүндө бадалдарынын түбүн гана эмес, ал эми катарларынын ортолорун да казган өзгөчө пайдалуу.

Бутактардын учун жерге карай ийип, аны кышында топурак менен бастырып койгондо түшүм жогору болот. Ошондо бүчүрлөрү кышкы кургоодон жана температуранын кескин өзгөрүшүнөн жакшы сакталат. Отургузуунун схемасы —1×0,5 м. Отургузардын алдында тамырлардан өсүп чыккандарды 4—5 бүчүргө чейин кыркышат жана кыска калемчелерди отургузушат.

Сунуш кылынган түшүмдүү сорттор: эскилеринен — Новость Кузьмина жана жаңыларынан — Пригородная.

КОРОО ЖАНЫНДАГЫ ЖҮЗҮМЧҮЛҮК

Жүзүм — жылуулукту жана жарыкты сүйүүчү өсүмдүк. Жүзүмдүн короону кооздогондой жана ошол эле убакта жакшы жарык тийгидей кылып жайгаштыруу керек. Өтө көлөкө жерге жүзүм отургузуп кереги жок.

Эгерде участок кичине болсо, анда аны дубалга такай отургузуу келечектүү. Үйдүн дубалына жакын отургузулган жүзүм шамалдан жакшы корголот да, буланын жакшы кыштап чыгышын камсыз кылат. Бадал ар түрдүүчө түзүлүшү мүмкүн алардын түшүмдүүлүгү 5 кг дан 300 кг чейин өзгөрүлөт. Беседка формасында түзүлгөн бадалдан 20 кг чейин түшүм жыйнап алууга болот.

Сортторду тандоо

Жүзүмдүн сорту эки топко — ашкана жана вино чыгарыла турган болуп бөлүнөт. Ашкана сортундагылар, эреже катары, бир кыйла чоң-чоң жана шиңгили, жемиши кооз келип даамдуу болот, винолук жүзүм — анча чоң эмес, көп учурда шиңгили тыгыз болуп, жемиши майда, ширелүү келет.

Короо жанындагы участоктордо республика боюнча райондоштурулган гана ашкана сортторун өстүрүү максатка ылайыктуу.

Башка республикадан сортторду карантиндик сертификаты бар болгондо гана алып келүү керек, бул жүзүмдүн эң коркунучтуу филоксер зыянкечин алып келүүдөн сактанууга мүмкүнчүлүк берет.

Өзүнүн бышып жетилиши боюнча ашкана сорту эрте, орточо жана кеч бышуучу сортторго бөлүнөт. Демек участокто ар түрдүү мөөнөттөрдө бышуучу сорттордун болушу июлдун аягынан апрелге чейин (сактаганда) үйдө жаңы жүзүмдүн болушун камсыз кылат.

Бирок сорттору короо жанындагы же коллективдүү участоктун жайгашкан жерин эсепке алуу менен тандап алуу керек.

Республикада жүзүм өстүрүүнүн ири райондору Чүй өрөөнү жана Ош области болуп эсептелет. Аларда: өрөөндүү, тоо этектүү жана тоо кыркалуу сыяктуу үч зона бар. Булардын ар бири деңиз деңгээлинен жогору турушу, пайдалуу температуранын жана жаан-чачындардын өлчөмү боюнча өз ара айырмаланышат.

Чүй өрөөнүнүн өрөөндүү зонасында көбүнчө эрте жана орточо бышуучу сорттор өсөт жана жүзүмдүк жакшы түшүмүн берет. Ош областынын өрөөндүү зонасында болсо жылуулуктун көп болушу жана вегетациялык мезгилдин узактыгы менен мүнөздөлөт, бул кеч бышуучу жогорку сапаттуу ашкана сорттору, ошондой эле кургатуучу сорттор үчүн өтө ыңгайлуу.

Чүй өрөөнүндө жүзүмдүн бардык сортторун өстүрүү үчүн тоо этектери бир кыйла ыңгайлуу келет. Тоо этектериндеги зонада эрте жана орточо бышуучу сорттору гана өстүрүүгө болот.

Ош областынын тоо этектериндеги зоналар ар түрдүү мөөнөттө бышуучу жана ар түрдүү багыттарда пайдаланылуучу сорттору өстүрүүгө ыңгайлуу. Тоолуу зонада эрте жана орточо бышуучу сорттор жакшы өсөт.

Жүзүмдүн ашкана сортторунун ичинен короо жанындагы участок үчүн төмөнкү сорттор бир кыйла кызыгууну туудурат: эрте бышуучу — Саба бермети, Мадлен Анже-

вин, Кыргыз; орточо бышуучу — Шасла, Мадлен мускаты, Венгер мускаты, Кара кишмиш, Сенсо, Паркент, Хусайне; кеч бышуучу — Нимранг, Кызгылт Тайфи, Султани, Карабурну, Вартан, Олеся.

Жүзүмдү отургузуу

Отургузууга кыртышты даярдоо. Жүзүм тамырларына жетиштүү санда аба кирип турган борпоң топуракта жакшы өсөт жана арбын жемиш берет. Аны муздак аба туруп калуучу жабык жерге отургузуу сунуш кылынбайт. Аларды жантаймаларга отургузганда натыйжалуу келет. Жер астындагы сууга жакын жаткан шордуу кыртышка жүзүм отургузууга жарабайт.

Толук жарамдуу жогорку түшүмдүү түптөрдү өстүрүү үчүн кыртышты тийиштүү даражада даярдоо керек.

Кыртышты иштетүүдөн мурда ал таштардан, дүмүрчөлөрдөн, бадалдардан тазаланышы тийиш. Участокту жакшылап сугарып ага 8—10 см калыңдыкта чириген кык чачып, андан кийин 60—70 см тереңдикте коңторуп айдалат. Бул учурда чириген кыкты аралаштыруу менен үстүнкү асылдуу катмарын келечектеги жүзүмдүн түптөрүнүн тамыр системасы өнүгө турган зонага ылдыйлата түшүрүү керек.

Эгерде участоктун бардык жери айдалбаса, анда келечекте жүзүм отургузулуучу жерлер гана казылат. Дубалдарга жана тосмолорго жакын жерлерге жалгыз түп жүзүмдөр отургузуу үчүн чоңураак көлөмдө чуңкур казып жана отургузган кезде чиринди менен минералык жер семирткич төгүлөт.

Кумдуу жана таштак участоктордо коңторуп айдоо жүргүзүлбөйт. Жерди бир күрөк бойлогондой гана казуу сунуш кылынат.

Участокту бөлүү жана жүзүмдүн көчөттөрүн отургузуу. Отургузаардын алдында катарлардын багытын аныктап жана түптөрүн отургузулуучу жерин белгилөө керек. Катарлардын багыты түндүктөн түштүккө карай болгону жакшы, себеби, мында жүзүм бардык тарабынан бирдей жарык алат. Түптөрдүн ортосунагы аралык 1,25—1,5 м, ал эми катарлардын аралыгы 2 метрден кем болбоого тийиш.

Отургузаар алдында 3—4 көзчөсү бар 1—2 толук жарамдуу бутак калтырылып өсүмдүктү кыркат. Көчөттөгү төмөнкү тамырларын 20—25 см чейин кыскартышат, ал эми жогоркуларын толугу менен кыркып салышат.

Кырккандан кийин көчөттөрдү нымдоо үчүн 1—2 күн сууга коюлат. Отургузаардын алдында эки бөлүктөн турган (бир бөлүгү уйдун кыгынан даярдалган) суюк баткакка малынат.

Тамыр системасы, үстүнкү бөлүгү жакшы өнүккөн эки жана бир жылдык көчөттөрдү отургузууга болот. Кичине калемчелерди да пайдаланууга болот, бирок алар адатта начар жашайт жана андан өсүп чыккан өсүмдүк узак мезгилге чейин түшүм бербейт.

Кыртыш жаңы гана жылый баштаган жаз айы отургузуунун эң ыңгайлуу мезгили болуп саналат. Жаз кургакчыл болгон райондордо Кыргызстандын түштүгүнүн өрөөндүү зоналары (күзүндө отургузганда) дурус натыйжа берет.

Көчөттөрдү отургузган учурда терендиги 60—70 см кем эмес отургузулуучу чуңкурга органикалык-минералдык семирткич менен аралаштырылган 5—10 см калыңдыкта топурак төгүлөт, кырча жасап туруп ага согончок тамырлары 50 см терендикте киргендей кылып көчөттү отургузушат. Андан кийин чуңкурду жарымына чейин толтурат жана аны жакшылап ныктап 1—2 чака суу куят. Суу соруккандан кийин чуңкур толугу менен толтурулат.

Отургузар алдында көчөттүн жогорку жагын парафин-

дөө жакшы натыйжаларды берет. Мындай учурда кырчаны топурак менен жабышпайт. Эгерде көчөтчөрдүн учу парафинделбесе, алардын учун 2—3 см кылып топурак менен жабат. Отургузгандан кийин ошол замат сугарышат.

Жаш жүзүмдөрдү багуу

Жаш жүзүмдүк өсүмдүктөрдүн жашоо жөндөмдүүлүгү, мөмө берүүсүнүн башталышы жана продуктуулугу анын талапка ылайык багылышына байланыштуу. Бул мезгилде кыртышты иштетүүгө, аны ар дайым отоо чөптөрдөн таза абалда кармоого негизги көңүл бурулууга тийиш.

Жаш жүзүмзар вегетациялык мезгилдин ичинде республиканын түндүгүндө 6 дан кем эмес жана түштүгүндө 8—10 жолу сугарылышы керек, ал эми таштак жерлерде сугаттын саны 14—16 чейин көбөйтүлүүгө тийиш.

Сугаруу түптөрдүн эки тарабынан 40—50 см аралыкта катарды бойлой салынган жөөк боюнча топурак толук нымдалганга чейин сууну жылжытып агызуу менен жүргүзүлөт. Ар бир сугаттан кийин алардын түбүн жана катар аралыктарын жумшартуу зарыл. Сугарылып жаткан катар аралыктарды бир эле убакта сууга аралаштырылган малдын, бакма канаттуунун кыгы жана минералдык семирткич менен 2—3 жолу кошумча азыктандыруу керек.

Өсүмдүктүн согончок тамырларынын жакшы өсүшү үчүн бир жайда эки жолу катаровка жүргүзүшөт б. а. тамыр штамбынын жогорку түйүндөрүндө өскөн кыртыштын үстүндөгү тамырларды жок кылышат. Муну менен бир эле убакта төмөнкү түйүндөрдө өсүп чыккан майда бактарды да кыркып таштайт.

Качан бутакчалар 5—10 см узундукка жеткенде жеңчелерди түзүү үчүн 2—3 жакшы өскөндөрүн калтырып, артык баштарын сындырып алып салышат. Бутакчалар күчтүү өсүп кеткенде өгөй бутактарды пайда кылуу жана түптөрдү түзүүнү тездетүү үчүн кыркуу сунуш кылынат.

Жаш өсүмдүктөрдү отургузгандан кийин жылдын жазында кыркышат. Кышында аларды жаап коюшат. Камыш бойролор, саман, мешоктор, толь жабуу үчүн эң жакшы материал болуп саналат, бирок көп убакта аларды топурак менен жабышат.

Жапкандан кийин катар аралыктардын ортосундагы топуракты казуу сунуш кылынат.

Жүзүмдүн андан кийинки багылышы

Отургузулгандан кийинки экинчи жана андан кийинки жылдарда топуракты иштетүү чаралары биринчи жылдагыдай эле жүргүзүлөт. Эрте жазда катар аралыктарды 10—15 см терендикте жумшартып, андан кийин аба ырайы жылый баштаганда түптөрдү ачат.

Жүзүмзарларды ачуунун болжолдуу мөөнөтү түштүк Кыргызстанда —20—25-март, түндүктө —1—5-апрель. Бул мөөнөт жылдын шартына жараша бир топ өзгөрүп турушу мүмкүн. Бирок жүзүмдү бүчүр байлай элек кезинде ачуу керек экендигин унутпоо зарыл.

Бүчүр байлай электе ачылган бадал абанын төмөнкү температурасына тез көнүгө тургандыгын өндүрүштүк тажрыйба көрсөттү.

Отургузгандан кийинки экинчи жылы шпалерлерди орнотуу керек. Темир-бетон темир жана жыгач мамылар шпалер болуп кызмат кылат. Толук жарамдуу өскөн сорттор (орто азиялык) үчүн кыры бар шпалелерди орноткон ыңгайлуу. Мамынын узундугу 3—3,2 м, ал эми кыры бар шпалелер 3,5 м болушу керек.

Мамыларды орноткондон кийин 3—4 кабат кылып зым тартышат: биринчиси жерден 50—60 см, экинчиси биринчисинен 40—50 см, үчүнчүсү экинчисинен 40—50 см жогору болот.

Сабагынын өсүшүнө жараша аларды шпалерге байлашат .Биринчи, кургак байлоону адатта жаш бутактар сынып калбасын үчүн бүчүр байлай электе жүргүзүшөт. Жемиш байлаган сабактарды зымга желпигич сымал кылып тартып горизонталдуу абалда байлашат. Мындай учурда бутактардын тегиз өсүшү жалбыректардын жакшы жарык болушу жана жаш бутактарга азыктык заттардын келип турушу камсыз кылынат.

Экинчи байлоо — жашыл байлоо деп аталат. Мындай учурда бутактарды мүмкүн болушунча жакшы жарык тийгидей жана алардын ортолорунан аба өтүп тургудай кылып жайгаштырышат. Бул ишти куурап калган жана өгөй бутактарды сындыруу менен бир убакта жүргүзүшөт. Жаш бутактарды вертикалдык абалда байлап коюшат.

Үчүнчү байлоону бутактардын бийиктиги шпалердеги үчүнчү зымдын бийиктигинен ашканда жүргүзүшөт.

Байлоо үчүн — шпагат, кендир жип ж. б. бышык материалдар пайдаланылат.

Түптөрдү байлагандан кийин жүзүмдүн катар аралыктарындагы топуракты күрөктүн боюнун терендигинде казуу керек.

Вегетациялык сугат жай бою, күзүндө ным топтой турган сугат жүргүзүлөт. Ар бир сугаруудан кийин кыртышты жумшартышат.

Үч жылда бир жолу жүзүмгө органикалык жер семирткич (кык) жана жыл сайын негизги кошумча азык түрүндө минералдык жер семирткичтер берилип турат.


Жүзүмдүн түбүн түзүү жана кыркуу. Жүзүмдүн түп алышы жана жакшы түшүм бериши аны күтүү убагында агротехникалык иштерди туура жүргүзүүгө байланыштуу. Жашоосунун алгачкы 3—4 жылында жүзүмдүн ар бир түбүнө белгилүү форма берип, скелет түзүү керек, себеби, ансыз өсүмдүк жогорку сапаттуу мол түшүм бербейт жана аларды күтүү кыйындайт. Андан кийин жыл сайын кыркуу жолу менен ал форма сакталат.

Кыркууну туура жүргүзүү үчүн түптүн түзүлүшүн, анын айрым органдарынын аттарын жана аткарган кызматын билүү керек.

Жүзүмдүн түптөрү төмөнкү бөлүктөрдөн турат (9-сүрөт). Штамб — биринчи бутактанганга чейинки жердин үстүнкү бөлүгүндөгү көп жылдык бөлүгү, жеңче — штамбдан өсүп чыккан бир түп жүзүмдүн көп жылдык узун бутактары б. а. түптүн скелети, жемиш берүүчү звенолору — бир жылдык бутакчалары бар эки жылдык жыгачтардан турат. Адатта булар бутактан (төмөнкү 2—3 көзчө калтырып кесилген бутак) жана жемиш сабагынан же абалына жана сортуна жараша 8—12 көзчөгө кесилүүчү стрелкадан турат, мүйүзчөлөр — жемиш берүүчү звенодогу эки жылдык жыгачы, калыбына келтирүүчү бутак — бадалдын негизиндеги картайган жана зыянга учураган жеңчелерди алмаштыруу үчүн кызмат кылуучу түптүн негизиндеги бир жылдык бутакча; тамыр системасы бар жер астындагы штамб — сөңгөктүн жер астындагы бөлүгү; түптүн башы — андан жеңчелер кеткен штабдын жогорку жоон бөлүгү; бөрү бутак — штамбда жана жеңчелердин көп жылдык жыгачында өскөн бир жылдык сабак. Бөрү бутактардын арасынан майлуу бутакчалар деп аталгандарды бөлүп алуу керек, алар бир кыйла жакшы өскөндүгү жана муунактардын ортосунун узундугу менен айырмаланышат; өгөй бутактар — жалбыректардын астынан өсүп чыккан бутакчалар.

Жүзүм өстүрүүчүлүктүн практикасында жүзүмдүн түптөрүн түзүүнүн көп сандаган ар түрдүү системалары белгилүү, бирок алардын бардыгы эле жүзүмдүн бардык сортторун жана өсүү шартына бирдей даражада туура келе бербейт.


Кыргызстанда, короо жанындагы жүзүмчүлүктүн шартында штамбсыз көп жеңдүү желдеткич түрүндөгү форма кабыл алынган, бул шпалердин багытына карай жайгаш-



9-сүрөт. Жүзүмдүн түбүнүн бир бөлүгү: 1 — жердин алдындагы түбү; 2 — жердин үстүндөгү түбү; 3 — сабагы; 4 — түбүнүн баш жагы: 5 — мөмө байлоочу бутактары; 6 — орун алмашуучу бутак; 7 — рожок; 8 — мөмөлүү звеносу; 9 —тамырынын өсүүсү; 10 —валчок; 11 — посынкасы.

кан ар түрдүү узундуктагы 4—6 жеңил бүгүлгөн жеңчелери бар түп жүзүм болуп эсептелет.

Көп жеңдүү желдеткич формадагы жүзүмдөрдү биринчи кыркуу түптүн жашашынын экинчи жылында жазында жүргүзүлөт. Жогоруда айтылгандай, отургузган кезде 3—4 көзчөгө кыркылган бир же эки сабак калтырышат



10-сүрөт. Жүзүмдүн түбүнүн түзүлүшү; а — отургузгандан кийинки түп; б — биринчи жылы өскөн түп; в — кескенден кийинки түп.

(10-сүрөт). Отургузгандан кийинки жайдын ичинде мындан бир жылдык бутактар өсүп чыгат, аларды анча-мынча кыскартканда кийин кышка карата жаап коюшат. Кийинки жылдын жазында түптөрдү ачышат, анын бутакчаларынан жакшы өскөн жана ыңгайлуу жайгашкан 3—4 бутакчаны тандап алышат жана аларды 60—70 см узундукта кыркышат (шпалердин төмөнкү зымынын бийиктигине чейин) — бул келечектеги жеңчелерден болот.

Аларда жогорку 2—3 көзчөлөрдүн өсүшүнө гана мүмкүндүк берет, мындай учурда келечектеги жеңченин ар

бир төмөнкү көзчөсү түптүн сырт жагын көздөй багытталат, ал эми төмөнкүлөрүн жазында сындырган кезде кыркып салышат, анткени, жаш сабакты сындыргандан болгон жараты күзгү кыркууга караганда тез өсүп айыгат.


Экинчи кыркуу жүзүмдүн түбүнүн жашоосунун үчүнчү жылынын жазында жүргүзүлөт жана төмөнкүчө аткарылат: сырт жагына караган төмөнкү бутактар (2—3 көзчө калтырылып) кыркылат, андан кийинкилери жемиш берүүчү бутак үчүн (8—12 көзчө калтырылып) кыркылат (11-сүрөт).

Түптөрдү түзүүнү тездетүүгө да болот. Бул максатта жеңчелер үчүн арналган өтө өсүп кеткен бутакчалардын негизиндеги 6—8-жалбырактардын жогору жагынан кыркып салыш керек, муну менен өгөй бутактардын өсүүсүн пайда кылат, алардан жемиш берүүчү звенону түзүү үчүн эң жарамдууларын калтырат. Бардык артык баш өгөй бутактарды кесип салышат. Бул ыкманы бутакчалардын бардыгынын жакшы өсүшүнө жана жетилишине ишеним күтүлгөн учурларда гана колдонуу керек.

Толук жарамдуу түптү түзүү үчүн түптүн башынан өсүп чыккан (12-сүрөт) бутакчалардын эсебинен кошумча жеңчелерди калтыруу керек.

Кыргызстандын сугат жерлеринин шартында түптөрдүн тез өсүшү көп учурда жеңчеде бир звенону эмес, эки, ал тургай үч звенону калтыруунун эсебинен жогоруда айтылган көп жендүү желдеткич формага кээ бир өзгөртүүлөр киргизүүнүн зарылдыгын туудурат. Жеңчелердин саны түптүн өсүшүнө жана сортуна (2ден 4—6, ал тургай 8 ге чейин) жараша болот, ылайыгына жараша түптөрдү кыркуу жүргүзүлөт.

Биринчи кыркууда сабакта 4—5 көзчө калтырылат (ошондой эле алардын төмөнкүсү сырт жакка багытталууга тийиш). Жакшы өскөн бутакчаларды экинчи жолу кыркканда төмөнкүсүнүн ордун басууга (2—3 көзчө калтырып), андан кийинкисин жемиш берүүгө (8—9—10 көзчөк калтырып), калтырылгандардан үчүнчүсүн ордун бас-




11-сүрөт. Жазында ашык бутактары кесилгенден кийинки үч жылдык түп.

тырууга жана төртүнчү жолу кайрадан жемиш берүүгө кыркышат (13-сүрөт).

Эгерде сорттун түйүлүүчү сабактары кыска болуп жана өтө эле коюлуп кетүүсү байкалса, биринчи кыркууну эң төмөнкү 2—3 бутакчаны сындыруу учурунда алып салат. Төртүнчүнү ордун бастыргандай, бешинчиси жемиш бергендей, алтынчысын жемиш берүүчү звенолор бир кыйла эркин жайгашышы үчүн сындырган кезде алып салгандай кылып, жетинчисин ордун бастырууга кайра калтыргандай, сегизинчисин жемиш бергендей кылып кыркуу керек. Орун басуучу бардык бутакчалар түптүн сыртын көздөй багытталууга тийиш.

Орун басуучу бир бутакчага нагрузканы дагы көбүрөөк көбөйтүү үчүн жемиш берүүчү эки бутакча калтырууга болот б. а. жемиш берүүчү чоңойтулган звено түзүү керек. Мындай болгондо ордун басучу бутакчаны 3—4 көзчөгө



12-сүрөт. Толгоно түзүлгөн көп шактуу түп.


кесишет. Андан өсүп чыккан төмөнкү бутакча ордун басууга, башка экөө — жемиш берүү үчүн кыркылат (14а-сүрөт).

Орун басуучу жана жемиш берүүчү бутакчаларды кезектештирбесе да болот (жеңчелердин өтө эле узарып жана жылаңачтанып кетишин жок кылуу үчүн), кыска кыркууну жогорку түшүм алуу мүмкүндүгүн камсыз кылуучу узун кыркуу менен айкалыштырса да болот. Бул төмөнкүчө жасалат. Өткөн жылдын сабагындагы төмөнкү бутакчаны 2—3 көзчөгө кыскараак, кийинкисин 3—4 көзчөгө узунураак, андан аркысын дагы 5—6 көзчөгө узунураак, эң акыркысын 12—16—18 көзчө калтырып кыркылат (14б-сүрөт).

Ордун басууга бутак калтырбастан, жемиш берүүчү бутактын төмөнкү көзчөлөрүнөн жакшы бутакчаларды өстүрүүгө болот, бул үчүн ийилген жер негизинен 3—4 көзчөнүн жанында болгондой кылып, аны ылдый карай жаа сымал ийишет. Бул 2—3 көзчөлөрдөгү бутакчалардын жакшы өсүшүнө мүмкүндүк берет, алар кыркууда жемиш берүүчү бутак катарында пайдаланылат (14в-сүрөт).

Орун басуучуларды дүмүрсүз кылып кыркканда жарат кичине болот, бирок аны туура эмес жүргүзүү көп жылдык бутактардын тез узарып кетишине алып келет.

Айрым жылдарда жемиш берүү учурунда кыркуу үчүн бутакчалар болбой калат. Ошондуктан дүмүрсүз кылып




13-сүрөт. Ар бир шагында бир нече мөмөлүү звеносу бар көп толгонуп түзүлгөн түп.

кыркууну, орун басууга дүмүр кылтырып кыркуу менен туура кезектештирүү бир кыйла натыйжалуу болот.

Түптүн түзүлүшү аяктап бүткөндө жемиш берүүчү звенону, андан кийинки жолу кырккан жемиш берүүчү өткөн жылкы бутакчаны, анда өсүп чыккан бир жылдык бутакчалары менен кыркып салат, ал эми бутактагы эки бутакчадан төмөнкүсүн кайрадан ордун басуучу жаңы бутак үчүн, жогоркусун жемиш берүүчү бутак үчүн кыркышат (14г-сүрөт). Бул жыл сайын кайталанат. Мында өткөн жылдын жемиш берүүчү бутакчаларынын жараттары жеңченин бир тарабында болушу өтө маанилүү.

Ордун басуучу бутакта бир гана бутакча өсүп чыккан учурда аны кайрадан ордун басуучу бутак үчүн кесишет, ал эми жемиш берүүчү бутакча үчүн мурунку жылкы жакшы өскөн бутагы пайдаланылат.

Эскирген жеңчелерди жаңылары менен алмаштырып туруу керек. Жашарткан кезде күчтүү өскөн бутакчалар-



14-сүрөт. Чоңойгон мөмөлүү звенолорду кесүү (а); акырындык менен узартылган сабак (б); жаңы мөмө берүүчү звено (г); күчтүү бутактарды алуу үчүн мөмө берүүчү сабактын учу (в).

дан жаңы жеңчелер өсүп чыгат. Күзүндө бул бутакчалар 6—7 көзчө калтырылып (калыбына келтирүүчү бутак) кыркылат, алар бүчүр байлангандан кийин жогорку 2—3 көзчөсү калтырылып, төмөнкүлөрү кесилип салынат. Кийинки жылы бул бутакчалар жемиш берүүчү звеного айланат да, эски жеңче кесип коюлат.

Калыбына келтирүүчү бутакты түзүүнү жогоруда көрсөтүлгөндөй кыркып салуу жолу менен бир жыл ичинде аяктоого болот.

Түптүү чоң желпигич сыяктуу кылып түзгөн кезде (жү-

зүм өстүрүүнүн мастери Р. Мусамухаметовдор тарабынан иштелип чыккан) кыры бар шпалердеги ар бир жеңчеде 3—4 көзчө калтырылып кесилген ордун басуучу 4 бутакча, жемиш берүү үчүн 4 бутакча калтырылат. Кийинки жылы ар бир ордун басуучу бутакчадан 3—4 жаңы бутак өсүп чыгат, алардын бири ордун басуучу үчүн (2—3 көзчө), ал эми экөө жемиш берүү үчүн кыркылат.

Ошентип түптү түзүү бүткөндөн кийинки биринчи жылы жемиш берүүчү 8 бутакчанын ордуна алардын саны 16 чейин өсөт. Андан ары ал ордун басуучу 6 бутагы болгон ар бир жеңчеде 10 чейин жеткирилет жана ушул деңгээлде калтырылат. Ордун басуучу бутакчалар жемиш берүүчүлөрү менен кезектешет.

Жемиш берүүчү бутакчаларды төмөнкүчө кесишет. Эң четки, бир кыйла жогору жайланышкан бутакчада 17—20 көзчө, анда кийинки ылдыйраак жайланышканында — 14—16, андан да төмөнкүсүндө 12—14 көзчө калтырылат. Андан кийинки көзчөлөрдүн саны төмөнкүдөй: 10—12, 6—8 жана 4—6 болуп азайтылат. Эгере түп начар өскөн болсо, бир кыйла кыска кыркылат. Жемиш берүүчүгө кыркылган кезде муундарынын ортосундагы кыска бутакчаларды калтыруу керек, себеби, алар өтө көп жемиш байлайт. Энелик жеңчелер 1,5 м ашпоого тийиш.

Чоң желпигич системасын түзүү — өтө өсүмдүү Хусайне, Кызыл Тайфи, Кишмиш, Нимранг ж. б. Орто Азия сортторуна сунуш кылынат.

Быша элегинде же жайкы кыркуу — жүзүмдүн жердин үстүнкү бөлүгүнүн жана тамыр системасынын өнүгүшүн, түшүмдүн жана түптүн өсүшүнүн өз ара катышын жөнгө салуу үчүн вегетация мезгилинде жүзүмдүн бутакчаларына жүргүзүлүүчү операция.

Артык баш бутакчалардан тазалоо — өтө маанилүү агротехникалык ыкма, анын жардамы менен жемиш берүүчү түпкө акыркы нагрузканы жөнгө салышат, ошондой эле ошол формасын сактайт. Тазалоо — бул алдын ала жүргүзүлгөн жайкы кыркуу сыяктуу иштелет.

Бутактарда бүчүр байлап, гүлдөөрүнө 3—4 жума калганда (бул Кыргызстанда 10—15-майга туш келет) жемиш берүүчү жана кысыр бутакчаларды сындырып тазалоого киришишет.

Эгер тазартуудан кечигип калып, жүзүм гүлдөй баштаса, анда аны гүлдөгөндөн кийин жүргүзүү керек.

Сындырып тазалоодо кырккандагы сыяктуу эле түзүү үчүн талап кылынган бутакчалар гана калтырылат. Жүзүмдүк жер астындагы бөлүгүнөн өсүп чыккан, штамбдагы жана картайган бутактардагы же начарлап кеткендери, эгерде алар жашартуу жана нагрузканы көбөйтүү үчүн кереги жок болсо, бардык бутакчаларды кыркуу керек.

Эгер бир көзчөдөн бир нече бутакчалар өсүп чыкса, анда алардын бири өтө начары кесилип салынат. Бүр көзчөдөн өсүп чыккан бутакчалардын өсүүсү болжол менен бирдей болгон учурда кысыр же аз түшүм берүүчү бутактар кыркылат. Алардын түшүмдүүлүгү бирдей болгондо ичкисин кыркышат. Түптө нагрузка аз болгон учурда эки бутакты тең калтырат.

Бири-бирине көлөкө кылган бутактар көп болгондо негизинен кысыр бутакчаларды жоготуп бир калыпта суюлтуу керек.

Бутактарды суюлтуу көзчөлөрдө мөмөнү көп берүүнү түзүүгө, жыгачтын мыкты жетилишине жана калтырылган бутактардын өсүшүн күчөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бутактардын саны анчалык көп болбогон кезде сейрек суюлтуу жүргүзүлөт.

Сындыруу адатта бармак менен ал толугу менен жок кылынгандай кылып, бутактын негизин катуу басуу жолу менен жүргүзүлөт. Сындыруу менен бир убакта үшүк алган жана куураган бутакчалардын бардыгы кесилет.

Өгөй бутактарды кыркуу — бул жалбыректардын түбүнөн өсүп чыккан жаш калемчелерди кыркуу дегендик. Түпкө нагрузка канча аз болсо адатта өгөй бутактар көп өсөт. Түшүм канча көп болсо, өгөй бутактар ошончо аз болот. Өгөй бутактар көп болуп кеткенде шиңгилдерди көлөкө

басып жана алар начар бышып жетилет, бул келерки жылдын түшүмүн төмөндөтөт.

Өгөй бутактарды биринчи кыркуу, бүчүрлөрдү сындыруу, жазгы, экинчиси, шиңгил байлоо мезгилине туш келет. Өгөй бутактарды бүт бойдон кыркып кереги жок, ал эми жалбыректын жогор жагынан 1—2 м негизинен кыркып салуу керек, анткени, аларды толугу менен кыркуу кыштоочу бүчүрлөрдү зыянга учуратышы мүмкүн.

Түптүн нагрузкасы аз болуп, ошондой эле кыш мезгилинде же жазгы үшүктө бүчүрлөрдүн көпчүлүгү өлүп калган учурда, өгөй бутактарды кыркуунун кереги жок, себеби алар жүзүм жыгачтарынын жалбырак байлоочу бетин толуктайт, демек өсүмдүк үчүн пайдалуу.

Үзүү — өсүшүн убактылуу токтотуунун натыйжасында гүл ачуучу бүчүрлөрдү жана түптөн өсүп чыккан бүчүрлөрдү азыктандырууну күчөтүү максатында жүргүзүлөт. Бул түшүмдүүлүктү жогорулатууга, мүмкүндүк берет.

Жүзүмдү үзүү гүлдөгөнгө 2—3 күн калганда жүргүзүлөт, мында начар өскөн жалбыректары бар бутакчалардын учун акыркы шиңгилден болжол менен 6—7-жалбыректын жогору жагынан кыркып салышат.

Отводдорго арналган начар өскөн бутакчалар үзүлбөйт.

Бутакчаларды үзүү жеңчелерди ыкчам түзгөн кезде колдонулат. Мындай учурда бутакчалар өтө катуу өскөн учурда үзүлөт, бул өгөй бутактардын күзгө карата өсүшүн жана жакшы жетилишин камсыз кылат.

Чеканкалоо — өсүүнү токтотуу, жүзүмдүн шиңгилдерине жана бутакчаларга абанын, жарыктын барышын жакшыртуу максатында бутактардын баштарын кыркуу, бул жемиштердин жана шиңгилдерди тез бышып жетилтет.

Чеканкалоону качан бутакчалардын өсүшү азайганда жана өзүнүн узундугунун жарымына чейин жетилгенде (Кыргызстандын шартында августтун ортосунда) жүргүзүлөт. Мында жогорку зымдан бир аз бийигирээк өскөн бутакчанын учу кесилет. Эгерде жүзүм жай өсүп жатса, чеканкалоо жүргүзүлбөйт.

Сугаруу

Жүзүм сууну көп талап кылган өсүмдүк, бирок суу менен толук камсыз болбосо да өсө берет. Кыртыштын нымы жетишсиз болгон кезде андагы азык заттар начар өздөштүрүлүп, жүзүмдүн өсүшү жана түшүмдүүлүгү төмөндөйт.

Кыргызстандын көпчүлүк райондорунда жаан-чачындан пайда болгон ным жетишсиз, ошондуктан кошумча сугарууну жүргүзүү керек. Сугат вегетациялык жана ным топтоочу болуп экиге бөлүнөт. Вегетациялык сугаруунун негизги максаты — жайкысын кыртышта белгилүү нымдуулукту кармап турууга багытталган.

Ным топтоочу сугат жүзүмдү жапкандан кийин күзкыш мезгилинде же вегетация башталганга чейин эрте жазда жүргүзүлөт. Күзгү жана жазгы ным топтоочу сугат кыртышта майдын орто ченине чейин нымдын жетиштүү запасын камсыз кылып, көзчөлөрдүн жапырт ачылышына нормалдуу өсүп, жемиш беришине шарт түзөт.

Кыргызстанда өтө кеңири таркаган сугаттын ыкмасы — бул жөөк боюнча сугаруу болуп саналат. Бул үчүн ар бир катар аралыктарга 1—2—3 сугат жөөктөрү салынат, алар аркылуу топурак жуулуп кетпегидей кылып кичинеден суу жиберилет, ал кыртыш толук нымдалганга чейин жиберилет. Катар аралыктарда салынуучу бороздордун саны катар аралыктардын кеңдигине, жүзүмдүн жашына жана кыртыштын касиетине жараша болот. Эгерде катарлардын аралыгы 1,5—1,7 м болсо, анда 1 жөөк аралыгы 2 м болсо ал эми алардын аралыгы 2,5—3 м болсо, 3 жөөк салынат.

Эгерде жүзүм үйгө жакын бир катарга отургузулган болсо, анда түптөрдөн 50 см аралыкта эки жагынан арыкча салынат. Жалгыз түп өскөн жүзүмдү сугаруу үчүн аны айланта андан 50 см алыстыкта 15—20 см тереңдикте чуңкур жасап, ага суу куят.

Сугаруунун мөөнөтү жана нормасы жүзүмдүн жашына, суу ресурстарына, климаттык жана кыртыштык шарт-

тарга, жер астындагы суунун жакындыгына, агротехниканын деңгээлине, сорттун биологиялык өзгөчөлүгүнө жана түшүмдү пайдалануунун багытына жараша болот. Тамыр жайгашкан зонанын бүткүл тереңдигине суу барыш үчүн топуракка суунун соругушуна жараша бир жолку сугатка 80 ден 100 л/м^2 чейин суу керек. Кыртыштагы нымдын буулануышын азайтуу тамырларга абанын киришин жеңилдетүү үчүн ар бир сугаруудан кийин кыртыштын жогорку катмарынын кургашына жараша топурак жумшартылат. Участокту жапырт суу каптатып сугаруу сунуш кылынбайт, анткени бул учурда суу өтө көп чыгымдалат, кыртыш бир калыпта нымдалбайт, анын физикалык касиети начарлайт.

Республиканын түштүгүнүн өрөөндүү зонасында нымды көп талап кылган кыртышта вегетациялык мезгилдин ичинде жүзүмдөрдү 5—6 жолу; Түштүк Кыргызстандын жана Чүй өрөөнүнүн тоо этектериндеги зонасында —4—5 жолу сугаруу зарыл. Болжолдуу сугаруу төмөнкүдөй бөлүштүрүлүшү керек: майда (гүлдөгөнгө чейин, жазында жетиштүү санда жаан-чачын болуп же ным топтоочу сугат жүргүзүлсө, анда бул сугатты жүргүзүп кереги жок), июнда —1, июлдун ортосунда —1, июлдун аягында, августун башында —1, августтун экинчи жарымында, сентябрдын башында 1 жолу сугаруу керек.

Кумдуу жана таштак кыртыштарда сугаруунун саны 2—3 чейин көбөйтүлөт. Ошондой эле запастык кеч күздөгү жана эрте жаздагы сугаруу сунуш кылынат. Запастык сугаттарды колдонгондо вегетациялык сугаруунун саны 1—2 чейин кыскартылышы мүмкүн.

Жер астындагы суу кыртышка жакын — 1—1,5 м саздуу, жаткан жерлерде өстүрүлгөн жүзүмдөр 1—2 жолдон көп эмес сугарылат. Жүзүм түшүм бере баштаганда жана агротехниканы жакшы жүргүзгөндө мындай жердеги жүзүм сугарылбайт.

Гүлдөө учурунда же анын алдында сугарууга болбойт, анткени, бул гүлдүн күбүлүп калышына алып келет. Түшүмдү жыйнап алуунун алдында да жүзүмдү сугарууга

сунуш кылынбайт. Бул жемиштин бышышын кечендетип алардын жарылып кетишине жана шиңгилдердин бышып жетилишинин начарлашына алып келиши мүмкүн. Сугаруу түшүм жыйнаардан 2—3 жума мурда токтотулат.

Короо жанындагы жүзүмчүлүктүн практикасында өтө эле көп сугарууга кызыгуу байкалат. Мунун белгиси кыртыштын өтө нымдуу болуп кетишинен, бутакчалардын дүркүрөп өсүшүнөн, өгөй бутактардын көп болушунан жана түптөрдүн калың болушунан, шиңгилдердин, түшүмдүн бышышынын кечендешинен, жемиштин сапатынын начарлашынан байкалат. Анын тескерисинче, сабактын начар өсүшү жемиштин майда болушу ошондой эле жакшы түптүн да түшүмүнүн төмөндүгү, бардык агротехникалык ыкмаларды аткарганда да, кыртышта нымдын жетишсиздигин жана сугаруунун зарылдыгын көрсөтөт.

Азыктандыруу

Жүзүмзарды азыктандыруу жүзүмдөн жогору түшүм алууга багытталган агротехникалык иш чаралардын комплексинде маанилүү орунду ээлейт. Түшүм канчалык жогору болсо, сабактардын нормалдуу өсүшүн, мөмөнүн сапаттуу болушун, түзүү үчүн жемиш берүүчү бүчүрлөрдүн түйүлүшүн жана келерки жылы жемиш байлашы үчүн азык заттар ошончолук көп талап кылынат. Боз топуроктуу, кара күрөң жана агыш-күрөң топуроктуу чириндиси аз кыртыштарда семирткичтин ролу өтө жогору.

Жүзүм бир эле жерде көп жылдар бою өскөндүгүнө байланыштуу кыртыштагы азык заттардын запасы акырындык менен жакырланат. Кырташтын асылдуулугун негизинен азот, фосфор жана калий семирткичтерин чачуу жолу менен гана калыбына келтирүүгө болот. Андан тышкары кыртышта, албетте, аз санда кальций, темир жана микроэлемент деп аталган — магний, марганец, бор, жез болушу зарыл.

Азот жүзүмдүн бардык белүгүнүн өсүшү жана өнүгүшү

үчүн керек. Ал сабактарды бир кыйла узун кесүүнү, түптө көзчөлөрдүн нагрузкасын көбөйтүүнү камсыз кылат. Өсүмдүк азотту жазында көп талап кылат.

Кыртышта бул элемент жетишсиз болгондо бутакчалардын өсүшү кечендейт, жалбыректар ачык-жашыл түсүн жоготуп, сабагы жана мөмөсү начар өнүгөт. Азоттун көп болушу бутакчалардын дүркүрөп өсүшүнө, алардын начар өсүшүнө, алардын начар жетилишине, гүлдөрдүн жана түйүлдүктөрдүн күбүлүп түшүшүнө алып келет, канттын аз болушунун натыйжасында жемиш супсак болуп, ал эми виносу тунук болбой, тез бузулат.

Азот семирткичтеринен көп учурда аммиак селитрасын, аммоний сульфатын жана мочевинаны чачышат.

Аммоний сульфаты — физиологиялык жактан кычкыл семирткич, кальций карбонат тузунун көп болушунун натыйжасында щелочтун реакция болуучу топурактарда өсүүчү жүзүмдүктөр үчүн өтө баалуу. Аммоний сульфатында күкүрт кислотасынын болушу кыртышта фосфаттын эришине шарт түзөт, ошондуктан аны суперфосфат менен аралаштырып чачуу максатка ылыйыктуу.

Фосфор өсүмдүктөргө өзгөчө гүл ачуу мезгилинде өтө зарыл. Ал түйүлдүктөрдүн түзүлүшүнө, бутактарынын жана шиңгилдердин жакшы жетилишине шарт түзүп, винонун сапатын жогорулатат. Фосфор жетишсиз болгондо түшүм азаят, ал эми бир жылдык бутакчалардын жана жалбыректардын өсүшүн начарлатат.

Фосфор семирткичтеринин ичинен жүзүм үчүн өтө маанилүүсү суперфосфат болуп саналат. Кыртышта фосфор кислотасынын сууга эрий турган аз кыймылдуу бирикмелерге өтө тез өтүп кете тургандыгын эске алуу керек, ошондуктан аны топурактын тамыры жашоочу бир кыйла терең катмарына чачуу керек.

Калий өсүмдүктөрүнүн илдетке, кургакчылдыкка жана суукка чыдамдуулугун жогорулатып, жемиштин жана шиңгилдин бышып жетилишин тездетип, канттуулукту жогорулатат, жүзүм ширесинин кычкылдыгын төмөндөтөт.

Калий семирткичтеринин ичинен жүзүмгө көбүнчө, хлордуу калий чачылат. Калий семирткичи катары күл да пайдаланылат. Анда калий, фосфор гана болбостон, өсүмдүккө зарыл болгон башка азык заттар да бар.

Жүзүмгө эки же үч азык заттан турган: азоттуу сульфат нитрофосу, нитрофос, нитроаммофос, аммофос сыяктуу татаал семирткичтер да чачылат.

Жүзүмзарга 2—3 жылда бир жолу органикалык жер семирткичтер да чачышат, ал топуракты азыктык элементтер, пайдалуу бактериялар менен гана байытпастан, анын касиетин да жакшыртат. Булар кумдуу, таштак структурасыз жана катуу чополуу кыртыштар үчүн мыкты семирткич.

Жүзүмгө чачылуучу органикалык жер семирткичтин негизги түрлөрү кык, канаттуунун кыгы, сыгылган жүзүм, компост болуп саналат. Кыкта составында өсүмдүк үчүн бардык заттар болгондуктан толук семирткичтерге кирет. Койдун жана жылкынын андан кийин чочконун кыгы азыктык заттарга өтө бай, ал эми бодо малдын кыгы бир кыйла жарды болот. Кыктагы азыктык заттар кыктын чиришине жараша өсүмдүктөрдүн тамыры тарабынан акырындык менен 2—3 жылдын ичинде өздөштүрүлөт.

Короо жанындагы участоктун шартында компост семирткичтин негизги түрү катарында кызмат кылат. Компостту даярдоо үчүн өсүмдүктөн жана малдан алынган эң эле ар түрдүү калдыктар: үй жаныбарларынын, бакма канаттуунун кыгы, саман, чым-көң, жыгачтын таарындысы жана чамындысы, жалбырак, жыгачтын күлү, отоо чөптөр аңгектеги таштандылар, майда кесиндилер, жемиштердин топтору да жарактуу. Компосттоо үчүн калдыктарды бир жерге үйүүдөн мурда пайдалуу бактериялардын жашоого жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана азоттун коромжуга учурашын сактоо үчүн 10 кг массага 0,5 кг өлчөмүндө суперфосфат кошуу керек. Мына ушунун бардыгын бийиктиги жана жазылыгы 1,5 м өлчөмүндө үйүп, ага суу же кык аралашкан суюктукту куюп, үстүн жана капталын топурак

менен жабуу зарыл. Жай бою компостко суу куюлуп, нымдуу абалында кармаганы жакшы. Ал эми компосту бир түрдүү массага айлантуу үчүн аны 1—2 жолу күрөк менен аралаштырып, 10—15 см калыңдыкта топурак менен жабуу керек. 5—6 айдан кийин калдыктар чирийт, андан соң компостту пайдалана берүүгө болот.

Бакма канаттуунун кыгында көп азыктык заттар бар болгондуктан, бардык кыртышка жарайт. Аны топуракка түптөрдү кошумча азыктандыруу үчүн эзилген түрүндө гана чачат. Кыкка эки эсе көп суу кошуп 10—15 күнгө чейин коёт. Кыртышка чачардын алдында алынган массаны 4 эсе кылып суу менен аралаштырат. Ар түптүн чуңкуруна бир чака азыктык аралашманы түптүн жогору жагынан, 40—50 см аралыгынан куюу керек.

Кыртыштын химиялык жана физикалык касиетин жакшыртуу, аларда болгон азыктык заттардын эрүүсүн көбөйтүү же андагы ашыкча кычкылдыкты жоюу үчүн акиташ менен гипс пайдаланылат. Аларды кеч күздө казган кезде чачышат жана шордуу, кычкыл кыртышка колдонушат. Гипс, кык жана минералдык жер семирткич менен аралаштырылып чачылганда жакшы таасир берет, жер астындагы суулар кыртышка жакын жаткан октордо (1,5 м чейин) гипсти чачуу оң таасир бербейт, анткени, кыртыштын начар аэрациясы өсүмдүккө терс таасир берүүчү күкүрттүү кычкыл туздарды сульфиттерге жана күкүрттүү водородко чейин калыбына келтирет.

Жаш өсүмдүктүн жакшы өсүшү үчүн азыктануунун оптималдуу шарты керек. Мындай учурда жаш өсүмдүк тез ыңгайлашып жана жакшы өсө баштайт. Эгерде участокто семирткич терең киргизилүү менен бирге жер айдалбаган болсо, анда аны отургузуулучу чуңкурга салуу керек. Бул иш жүзүндө,семирткичти жер астына чачуунун бирден-бир мүмкүнчүлүгү.

Жер семирткичтин төмөнкүдөй өлчөмү сунуш кылынат: бир чуңкурга чиринди 1,5—2 кг, суперфосфат —20 г, калий тузу —4,6 г, аммиак селитрасы —10 г. Жер семирткичти

өлчөөчү идиш менен ар бир чуңкурдун түбүнө салышат жана кыртыш менен жакшылап аралаштырып, андан кийин семирткич өсүмдүктүн тамыры менен түздөн-түз кантакты болбогондой кылып 10 см калыңдыкта топурак салып, андан кийин гана отургузушат.

Отргузгандын биринчи жылы минералдык жер семирткич менен сугат убагында 1—2 жолу кошумча азыктандырышат. Экинчи жана үчүнчү жылдары 2—3 жолу кошумча азыктандырылат, ал эми биринчи жолу жемиш берүүчү жүзүмгө эсеп кылынган норманын 30% эсебинде суюк кыкка минералдык семирткичти кошуп түптүн жанындагы чуңкурга чачкан жакшы. Вегетациянын үчүнчү жылы аяктагандан кийин кыртышты казып, жемиш берүүчү түптөрдүн нормасынан эки эсе аз өлчөмдө органикалык жана минералдык семирткич чачуу керек.

Отургузгандан кийин төртүнчү жылдан баштап жемиш берүүчү жүзүм үчүн кабыл алынган азыктандыруунун системасын, түптүү азыктандырылуучу аянтын акырындык менен көбөйтүп сактоо зарыл.

Жүзүмдүн түбүнө 2—3 жылда бир жолу I м^2 жерге 5—6 кг жарым чириген кык же суперфосфат кошуп компост (50—60 г) чачышат. Аны кыртыштын үстүнө чачкандан кийин ошол замат терең казуу сунуш кылынат.

Минералдык жер семирткич жазында төмөнкүдөй өлчөмдө чачылат. I м^2 жерге аммиак селитрасы 50—60 г, суперфосфат 70—80 г, калий тузу —20—25 г. Чачуудан мурда семирткич жакшылап аралаштырылышы тийиш.

Ичке тамырлар бутактап кеткен зонага семирткичти тереңирээк чачуу жакшы натыйжа берет. Бул үчүн катар аралыктардын ортосуна 25—30 см терендикте кенен арык казылат, ага кык, компост же минералдык жер семирткичти салып топурак менен көмүшөт. Эгерде түптөр бир катарга же аллеяны, жолду жээктей отургузулган болсо, анда арыкты катардан 50—60 см аралыкта казып, семирткичти чачуу керек. Кийинки жолу семирткич төгүүчү арыкты катардын башка жагынан казышат. Эгерде түптөр жал-

гыздан отургузулган болсо, андан 50—60 см алыстыкта тегерете арык казышат. Эгерде түптүн айланасы чым, плита же асфальт менен капталса, анда зарыл сандагы семирткичти эки жолу суу менен аралаштырып чачса да болот.

Айрым ышкыбоз — жүзүм өстүрүүчүлөр өздөрүнүн жүзүмзарларында семирткич үчүн чуңкурлар жасашат. Чуңкурду эки түптүн ортосуна 30—35 см терендикте, жазылыгын бир күрөк кылып казышат. Түбүнө бир күрөк даярдалган семирткичтин аралашмасын ташташып, топурак менен аралаштырбастан көмүшөт. Аралашманы кыктын 10 бөлүгүнө суперфосфаттын I бөлүгү туура келгендей эсепте даярдашат.

Вегетациялык мезгилдин ичинде жүзүмдү кошумча азыктандыруу түшүмдүүлүктү жогорулатуунун натыйжалуу каражаты болуп саналат. Семирткич каражаты катары сууга аралаштырылган малдын, бакма канаттуунун кыгы, фекалий, суперфосфат, аммиак селитрасы, калий тузу жана башкалар пайдаланылышы мүмкүн.

Суюк кыкты төмөндөгүдөй даярдашат. Бир бөлүк кыкты эки бөлүк суу менен челекке куюп аралаштырып, капкак менен бекемдеп жаап ачытышат. I м^2 аянтка 0,5 чака сууга аралаштырылган ачыган коюу кыкты төгүшөт.

Биринчи жолку кошумча азыктандырууну май айында гүлдөгөнгө чейин 10—15 күн мурдаараак органикалык же минералдык семирткичтин аралашмасын чачкан жакшы. Минералдык жер семирткичтерден: I м^2 аянтка 15 г аммиак селитрасын жана 25 г суперфосфат чачышат. Мындай аралашманын бир чакасын 25—30 см терендикте лом менен чукулган чуңкурга (I м^2 жерде 4—5 чуңкур) куюшат.

Экинчи жолку азыктандыруу жемиш бышканга аз калганда фосфор жана калий семирткичтери чачылат: эрте бышуучу сорттор үчүн — июлдун ортосунда, кеч бышуучулар үчүн — июлдун башталышында берилет. I м^2 аянтка 20г суперфосфат, 10 г калий тузу же 30 г күл чачылат.

Кошумча азыктандыргандан кийин ошол замат сугаруу керек. Суу менен бирге семирткич тамыр жаткан кыртыш-

тын төмөнкү катмарына чейин кирет. Сугарылбаса азыктык заттардын көпчүлүк бөлүгү жогорку катмарда кала берип, андан пайда аз болот.

Айрым ышкыбоз — жүзүм өстүрүүчүлөр топуракка чачылган семирткичтин фонунда азыктык туздардын эритиндилери менен жүзүмдү бүрктүрүп кошумча азыктандыруу-ну колдонушат. Мындай кошумча азыктандыруунун эффективдүүлүгү кыртыштын жана аба ырайынын шартына, өсүмдүктүн абалына, аны жүргүзүүнүн мөөнөтүнө жана ыкмасына жараша болот.

Кыргызстан дыйканчылык илим-изилдөө институтунун маалыматы боюнча бүрктүрүп кошумча азыктандыруу жүзүмдүн түшүмдүүлүгүн 10—15% жогорулатат. 10 л сууга эсеп кылганда бүрктүрүү үчүн аралашмалардын төмөнкү концентраты: 25—40 г аммоний сульфаты, аммиак селитрасы, мочевина же күкүрт кычкыл калий суперфосфат —500 г сунуш кылынат.

Микросемирткичтерден: бор же бура кислотасын —2 г, күкүрт кычкыл марганец —2 г, күкүрт кычкыл цинк —1 г өлчөмүндө колдонулат.

Бүрктүрүп кошумча азыктандырууну гүлдөөрдүн алдында жана жүзүм бышаарга жакын жүргүзүү зарыл. Жалбыректардын күйүп калышынан сактоо үчүн жүзүмдү таң эртең менен же күн баткандан кийин бүрктүрүү керек.

Жүзүмдү жыйноо жана сактоо

Жүзүмдү жыйноо анын сортуна, вегетациялык мезгилинин, аба ырайынын шарттарына, кыртыштын өзгөчөлүгүнө, багуунун, агротехниканын ыкмасына, сугаруунун, семирткич чачуунун режимине байланыштуу болот.

Жүзүм качан нормалдуу түскө ээ болгондо жумшак тартып, сабагынан оңой бөлүнөт жана сортко таандык жагымдуу даамга ээ болгондо бышты деп эсептелинет.

Быша элегинде жыйналган жүзүм үзүлгөндөн кийин бышпай тургандыгын эске алуу керек. Толук бышып жетил-

генден кийин түптөрдүн сабактарындагы шиңгилдерди канча мөөнөткө калтыруу көп даражада аба ырайына жана сортуна байланыштуу. Эрте бышуучу сорттор толук бышкандан кийин тез бузулат, ошондуктан өз убагында жыйнап алуу керек. Ашкана сортундагы кеч бышуучу жүзүмдөрдүн көпчүлүгүндө шингелдер бузулбастан көпкө чейин сабакта кала берет.

Жүзүмдүн техникалык сортторун жыйноонун башталышы кандай виного жумшала тургандыгына жараша жүргүзүлөт. Мисалы, ак ашкана виносун жасоого кете тургандардын канттуулугу 17—18%, кызыл ашкана виносун иштеп чыгаруу үчүн —18—20%, күчтүү жана десерттик винолорду жасап чыгаруу үчүн 23% тен жогору, ал эми ширедаярдоо үчүн —17—20% болгондо үзүлөт. Шампан жасоого жумшалуучу сорттор 17—19% канттуулукка жана кислоталуулугу 8—10 г/литрге жеткенде үзүлөт. Үй шартында жүзүмдүн канттуулугун аныктоо үчүн ареометр пайдаланылат.

Сактоого, таңгактоого жана ташууга багытталган ашкана сортторундагы жүзүмдү жыйноо мезгилинде орточо 16—18% ке жакын кант болууга тийиш.

Түшүмдү жыйноодо сүрүлүп калбас үчүн жемишке кол менен тийбестен кылдаттык менен жыйноо керек. Кыркылган шиңгилдерди сабагын жогору каратып анча чоң эмес сыйымдуулуктагы атайын идишке кылдаттык менен салат.

Кургатыла турган жана вино үчүн жумшалуучу жүзүмдү анча деле кылдаттык менен жыйнабаса болот.

Жыйноо жапырт жана тандалып (2—3 жолу) жүргүзүлүшү мүмкүн. Ашкана сортундагы жүзүмдү адатта бир нече жолу жыйнашат. Ал үчүн сыйымдуулугу 8 кг ашпаган анча чоң эмес ящик же корзина пайдаланылат. Идишке салаар алдында шиңгилден кайчынын жардамы менен илдетке чалдыккан жана кургаган мөмөлөрдү кыркып салышат. Идиштин ички бетине жакшылап жүзүмдүн жалбырагын же кагаз салуу керек.

Шингилдери бириндээк, чоң-чоң жемиштүү жана кабык-часы бекем сортторду сактоого коюшат.

Жүзүмдү аба ырайы кургак болгондо эртең менен же кечинде үзгөн жакшы. Жамгыр жаагандан кийин жыйналган жүзүмдү сактоону дагы 1—2 күнгө калтыруу керек.

Жүзүмдүн шиңгилин сабагынан же бутагынын бир бөлүгүнөн рейкага, устунга, зымга байлап же текчеге бир катардан кылып тизип же ящиктерге салып бир кыйла жөнөкөй жана өтө узакка сактоого болот.

Жүзүмдү сактоо үчүн анча чоң эмес, тез шамалдатууга жана 0+8° чейинки температураны кармап тура алган жакшы бекитилген кургак жана караңгы үй даярдалышы тийиш.

Жүзүм сакталып турган жайдагы ашык нымдуулукту жок кылуу үчүн өчүрүлбөгөн акиташ салынган анча чоң эмес ящик коюлат.

Жүзүмдү жашыл жалдар деп аталган ыкма менен да сактоого болот. Бул үчүн шиңгилди эки сабагы менен чогуу жогору жагынан жана бир сабагы менен ылдый жагынан кесишет, бирок мында жүзүмдү кыркуунун эрежеси бузулбашына көз салуу керек. Жалбырактар, мурутчалар жана өгөй бутактар толугу менен алынат. Бутакчанын төмөнкү бөлүгүн суу куюлган бөтөлкөгө салып жана шиңгил идишке тийбегидей кылып атайын текчелерге жантайтып байлап коюшат. Бөтөлкөдөгү суу чирип кетпес үчүн ага бир нече тоголок жыгачтын көмүрүн салып коюшат.

Сактоочу жайды көк даттар басуудан алдын алуу максаттарында мезгил-мезгили менен күкүрт билигин күйгүзөт.

Шиңгилдерди улам-улам карап, чирип бараткан жемиштерди алып салып туруу керек.

Кээ бир ышкыбоздор шиңгилдерди суук түшкөнгө чейин сабактарында сакташат. Бул үчүн бышкан шиңгилдерди жаанга чыдамдуу кагаз менен жаан суусу ичине кирип кетпегидей кылып жабышат. Бул шиңгилди канаттуулардан, курт-кумурскалардан жана башка зыянкечтерден сактайт.

ЖАШЫЛЧА ӨСҮМДҮКТӨРҮНҮН СЫРТКЫ ЧӨЙРӨНҮН ШАРТЫНА КАРАТА ТАЛАПТАРЫ

Жашылча өсүмдүктөрүнөн жогорку түшүм алуу үчүн аны участокторго туура жайгаштыруу жана которуштуруп айдоонун шарттарын билүү зарыл. Ошону менен бирге жашылча өсүмдүктөрүнүн, өнүгүүсүндө суунун, жарыктын, абанын, жылуулуктун ага тийгизүүчү таасирлерин эске алуу керек.

Жылуулук. Жашылча өсүмдүктөрүнүн болгон талаптарына байланыштуу суукка жана кышка, жарым суукка, ысыкка чыдамдуу жана жылуулукту сүйүүчү болуп бөлүнөт.

Үшүккө алдырбаган суукка чыдамдуу көп жылдык жашылчаларга козукулак, ышкын, хрен, чеснок, көп жылдык пияз кирет. Анткени алар кыш мезгилдеринде кыртышта жатып, 8—10 градустагы суукка үшүбөстөн келерки өнүгүүсүнө чейин сапатын жоготпойт.

Ошондой эле тамыры жемиш өсүмдүктөрдөн капуста, салат, шпинат, аш көк, укроп, буурчак, салат, пияз, мелиса жана башка жашылчалар да суукка чыдамдуу келет. Бул өсүмдүктөрдүн үрөнү 10° температурада өсө берет. Алар узак убакытка чейин минус 1—2° суукка, ал эми бир нече суткага созулган (3—5° жеткен) аязка да чыдамдуу келет.

Бирок (0° тан 2° чейинки) төмөнкү температуранын таасирине байланыштуу өсүмдүктүн өсүүсү токтолуп калса, анда күн мурунтан гүл ачуучу чанагы жетилет. Алар 18—20° жылуулукта өсүүгө жөндөмдүү.

Жарым суука чыдамдуу жашылчага картошка кирет. Ал (18—20° тан) жогору болбогон температурада жакшы өсөт, бирок 0° жакын температурадагы суукта үшүккө чалдыгат.

Жылуулукту сүйүүчү жашылча өсүмдүктөргө: бадыраң, помидор, мурч, баклажан, майоран ж. б. кирет. Анын үрөнү 10—14° жылуулукта өсөт. Алардын өсүүсүнө эң жакшы температура 20—30°болуп эсептелет. Жылуулук 10—20° чейинки температурага төмөндөгөн сайын алардын өсүүсү начарлайт. Алар 0° температурада үшүккө чалдыгат да, өсүүсү токтолот. Ага жогорку температура да терс таасирин тийгизет. Мисалы, бадыраң 30° жогорку температурада дан байлабайт, ал эми 35—40° та өсүүсүн токтотот. Помидорлор да өтө ысыкты көтөрө албайт — мөмө байлоосу создугуп өсүүсү начарлап, илдетке тез чалдыгып солуй баштайт.

Ысыкка чыдамдуу жашылчаларга дарбыз, коон, ашкабак, фасоль, жана жашылча жүгөрүсү кирет. Жылуулукка карата болгон талабына байланыштуу алар жылуулукту сүйүүчү өсүмдүктөргө кирет, бирок 40° жана андан жогорку ысыкта да органикалык заттарды кабыл алууга жөндөмдүү.

Жарык. Жарыктын ар кандай шарттарына байланыштуу жашылча өсүмдүктөрү орточо, кыска жана узун күндү жактырышат, ошону менен катар эле көлөкөнү сүйүүчү жана көлөкөдө өсүүчү болуп бөлүнөт.

Тез гүлдөп жана мөмө байлоочу түштүк жакта өсүүчү өсүмдүктөр эң кеминде 12 сааттык жарыкты талап кылат. Аны жарыкты кыска мөөнөттө керектөөчү өсүмдүк деп атайт. Аларга баклажан, мурч, жүгөрү, фасолдун түштүктө өсүүчү сорттору, помидор, бадыраң, буурчак, коон, дарбыз, ашкабак кирет.

Климаты мелүүн алкактарда өсүүчү өсүмдүктөрдүн өсүп жетилүүсү үчүн күнүнө (14—17 саат) жарык талап кылынат. Узун күндүү, жарыкты сүйүүчү өсүмдүктөргө тамыры жемиш өсүмдүктөрдөн: капуста, баш пияз, жашылчалар жана теплицада өстүрүлүүчү помидордун сорттору кирет.

Орточо жарыкты сүйүүчү жашылчаларга бадыраңдын кээ бир сорттору, помидорлор, буурчак, фасоль, жемиш

өсүмдүктөрү кирет. Алар күндүн узун жана кыска кездеринде бирдей эле тез гүлдөп дан байлайт.

Жасалма жолдор менен күндүзгү жарыкты өзгөртүүнүн натыйжасында түшүмдү арттырууга болот. Мисалы, эгерде чамгырдын, салаттын жана башка жашылчалардын солдорун кечке жуук 7—8 саат күңүрт материал менен жаап койсо, анда ал көбүрөөк гүл ачпайт да арбын түшүм берет.

Көпчүлүк жашылча өсүмдүктөр жарыкты сүйөт. Ал эми помидор, мурч, баклажан көлөкөнү көп сүйбөйт, салат шпинат, кызыл кабык, согон, козу кулак, петрушка, ышкын, спаржа болсо бак-даректардын арасындагы көлөкөлөргө өсө берет. Ала көлөкөлүү бак-даректардын арасына физалис, жашылча буурчагын, фасолду, капустаны өстүрүүгө болот, бирок анын өсүп жетилүүсү кечендейт. Көк пияз күнөстүү жерди көп талап кылбаган сыяктуу эле гүлдүү капусталар да көлөкө жерде өсө берет.

Суу. Жашылча өсүмдүктөрү кыртыштын нымына өзгөчө муктаж. Бул барыдан мурда тамыр системаларынын өзгөчөлүгү менен түшүндүрүлөт. Анткени көпчүлүк жашылча өсүмдүктөрүнүн тамыры жер кыртышына тайыз жайгашкандыктан сууну өзүнө начар сорот.

Жашылча өсүмдүктөрүнүн тамыр системалары өзүнүн түзүлүшү жана өлчөмүнө жараша үч группага бөлүнүшү мүмкүн, Биринчи группага мурч, баклажан, бадыраң, пияз, салат, шпинат кирет. Булардын тамыры жер кыртышынын (0,5 м) терендигине чейин жайгашат. Экинчи группага тамыр системасы жер кыртышынын 1—2 м терендигине жетүүчү сабизди, помидорду, петрушканы кошууга болот. Жер кыртышынын 2—5 метрге чейинки терендикте тамыр системасы орун алган дарбыз, ашкабак, хрен, кызыл кызылча, өсүмдүктүн үчүнчү группасын түзөт.

Тамыр системалары начар өскөн (бадыраң, баклажан, чамгыр, капуста) өсүмдүктөр сугарууну көп талап кылат. Ал эми тамыр системасы жакшы өскөн коон, дарбыз, ашкабак, хрен, кызыл кызылча, картошка, буурчак өсүмдүктөрү кургакчылыкка чыдамдуу келет.

Нымды көбүрөөк талап кылган жашылчаларга селдерей, капуста, чамгыр, щалгам, сүйрү ашкабак, салат, шпинат, укроп, бадыраң, пияз, мурч, баклажан жана помидор кирет. Ал эми нымды азыраак талап кылуучуларга картошка, кызыл кызылча, сабиз, фасоль, маш буурчак, буурчак, жашылча жүгөрүсү, хрен, спаржа, ышкын; ысыкка чыдамдууларга дарбыз, коон, ашкабак кирет.

Өсүмдүктөр жылдын ар кайсы мезгилдерине карата нымды талап кылат. Айрыкча үрөнү көөп өсө баштаганда көп керектейт. Тамыр байлап жатканда тез-тез сугаруу менен жер кыртышынын үстүнкү (5—15 см) катмарына ным топтоо өзгөчө зарыл. Тамыры улам өскөн сайын сугарууну азайтуу керек. Анткени көп сугарганда өсүмдүктүн тамыры сыртын карай өсүп чыгып, жумшартканда зыянга учурайт.

Жашылчалар үчүн нымдуу абанын мааниси зор. Айрыкча бадыраң менен көк сабактуу өсүмдүктөр нымды көп талап кылат. Ал эми сабиз, помидор, баклажан, мурч, фасоль болсо анчалык талап кылбайт. Жер-жемиш өсүмдүктөрү кургакчылыкка чыдамдуу келет.

Жасалма жол менен жаан жаадыруунун натыйжасында абанын нымдуу болушу камсыз болот.

Кыртыштын шарттары. Жашылча өсүмдүктөрү асылдуу жер кыртышында жакшы өсүшөт. Алардын көпчүлүгү кара топурактуу саздак кыртыштарда да өсөт. Каткалаң катмарлары болбогон боз топурактуу кыртыштардан да жакшы түшүм алууга болот. Жашылчаларды өтө саздуу кыртыштарда өстүрүү кыйыныраак. Андай участкаларга жашылчаларды себүүдөн мурун саздын суусун соруктуруп агызып кетүүчү арыктарды, кургатуучу дренаждарды кууру керек. Кай бир учурда кошумча топурак төгүүгө тура келсе, анда анын астыңкы катмарына ар кандай топуракты, түркүн таштандыларды да төгө берсе болот. Андай өздөштүрүлгөн жерлерде калыңдыгы 20—25 см келген асылдуу кыртыш пайда болот.

Жашылча өсүмдүктөрүн өстүрүүдө шор топурактуу

кыртыштар ыңгайсыз келет. Шор топуракту кыртыштарга пияз, помидор, шалгам жана ашкабак барынан чыдамсыз келсе, ал эми баклажан өзгөчө чыдамдуу келет.

Шор топуракту кыртыштарды жакшыртуу үчүн гипстөө жана органикалык жер семирткичтерди арбын төгүү сунуш кылынат. Мунун ыктуу эки жолу бар, ал жерди күзүндө айдоонун алдында, жазында малалоонун алдында жүргүзүү жакшы натыйжа берет. Алардын өлчөмү: 1 кв. м участтокко 0,3—0,6 кг гипс, 4,5 кг органикалык жер семирткичтер төгүлөт.

Эгерде шор 20—25 см терендикте жатса анда терең айдап коңторбоо керек. Тамыр кыртыштын үстүңкү бетине жакын катмарда болсо анда акырындык менен айдап, кийин шорду жууп кете турган сугат жүргүзүү керек.

Аба режими. Өсүмдүктүн өсүшү үчүн абанын нормалдуу алмашуусу, түсүн өзгөртүүчү кислороддун, көмүр кычкыл газдын жетиштүү санда болушу керек. Аба алмашууну жакшыртуу үчүн кыртышты жумшартат, ал эми жабык грунттарды желдетишет. Андан тышкары көмүр кычкыл газын көбөйтүү максатында органикалык жер семиркичтерди чачышат. Теплицаларда кургак (катуу көмүр кычкыл кислотасын) музду жана атайын баллондорго толтурулган көмүр кычкыл газын колдонушат.

ОГОРОДДОГУ КЫРТЫШТЫ ИШТЕТҮҮ ЖАНА ЖАШЫЛЧАЛАРГА СЕМИРТКИЧТЕРДИ ЧАЧУУ

Жашылча өсүмдүктөрү жана картошка, кыртыштагы азыктык элементтерди көп талап кылат. Көпчүлүк кыртыштарда колдонулуп келген өсүмдүктөргө азык болуучу азот, фосфор жана калий өндүү элементтердин жетишсиздиги сезилүүдө.

Азот өсүмдүктүн сабактары менен жалбыректарынын өсүшү үчүн өзгөчө зарыл. Ошого байланыштуу жашылчалардын ассимиляциялык аппараттарынын б. а. вегетациялык мезгилинде аны камсыз кылуу маанилүү. Кыртышта

азотту ашыкча колдонуу сабактарынын өтө өсүп кетүүсүнө шарт түзөт. Ошондой эле гүлдөөсүн жана данынын жетилүүсүн кечендетүү менен картошканын сапатын төмөндөтөт.

Фосфор өсүмдүктөрдүн өсүүсүндөгү бардык процесстерде катышат. Ал өсүп өнүгүүсүн жөнгө келтирүү менен жашылча жана тамыры жемиш болуучу өсүмдүктөрдүн составында кургак заттар менен канттуулугун жогорулатууга мүмкүндүк түзөт. Фосфор жетишсиз болсо гүлдөшү жана бышып жетилүүсү кечендейт.

Калий болсо өсүп жаткан органдарга азык заттарынын тез сиңиришин, кант менен крахмалдын чогулушун камсыз кылат жана суукка чыдамдуулугун арттырат.

Органикалык жер семирткичтеринин ичинен эң баалуусу кык. Ал кыртышты азот, фосфор, калий заттары менен байытып, физикалык жана биологиялык касиетин жакшыртат. Канаттуулардын кыгынын, кара көндүн чириндиси органикалык заттарга бай.

Жашылча өсүмдүктөрү үчүн эң жакшы семирткич — компост. Бактын көлөкөсүнө же анчалык терең эмес чуңкурга шакелдерди, жалбыректарды, өсүмдүктүн калдыктарын, кара көндү коендун кыгын төгүшөт да, кезек-кезегинде (оодарып) суу менен нымдап жумшартат, ага айрыкча кыктын саркындысы жакшы. Мындай компост болжол менен 6 айда даяр болот.

4-таблица

Органикалык жер семирткичтерде өсүмдүктөргө азык болуучу элементтер болжол менен төмөндөгүдөй %

Семирткичтин түрү	Азот	Фосфор	Калий
Бодо малдын кыгы	0,30—0,45	0,15—0,25	0,30—0,60
Койдун кыгы	0,70—0,80	0,15—0,20	0,30—0,35
Канаттуулардын кыгы	0,80—1,50	0,80—1,20	0,90—1,10
Жарымы чиринди аралашма кык	0,40—0,50	0,20—0,25	0,60—0,80

Огороддогу жашылчаларга эки же үч элементтерден турган жер семирткичтерди чачуу сунуш кылынат.

Азоттуу жер семирткичтерден составында 45—46% азот болгон чубурма же майда кристал түрүндө чыгарылган мочевинаны (карбамид) жана составында 21% болгон көгүлтүр жер саргыч түстүү кристалдуу порошок түрүндө чыгарылган сульфат амонийди колдонушат.

Органикалык жер семирткичтерди күзүндө жерди тегиздөөдөн, тоңдурмалоодон мурун чачат. Чиринди менен компосту жазында жерди кайра иштетүүнүн алдында жана майда үрөндү (пияз, сабиз, петрушка) себүүдө айдоонун топурагына аралаштыра чачышат. Фосфор менен калийди органикалык жер семирткичтерге аралаштыра жазында кыртышты иштетүү менен кошо, ал эми азотту себүүнүн же жашылчанын көчөтүн отургузуунун алдында чачат.

Өсүп жетилүүсү узакка созулуучу өсүмдүктөргө азоттун жарымын кошумча түрдө кийин чачуу ылайыктуу.

Органикалык жер семирткичтер жетиштүү болсо бардык жашылчаларга чачат, ал эми жетишсиз болсо биринчи кезекте капуста менен бадыранга чачуу зарыл. Тамыры жемиш өсүмдүктөргө жаңы кыкты чачуу сунуш кылынбайт. Анткени өсүмдүктүн формасын өзгөртүп, түшүмүн азайтып жиберет. Тамыры жемиш өсүмдүктөргө чириндилерди же минералдык жер семирткичтерди чачуу ылайыктуу.

Органикалык жер семирткичтер жетишсиз учурда жашылчалардын бардыгына минералдык жер семирткичтер чачышат. Чириндиге бай кыртыштарга биринчи кезекте фосфор, ага жардыраак (боз топурак) кыртыштарга азоттуу жана фосфордуу жер семирткичтерин чачуу керек. Мындай участкаларга 3—4 жылда бир жолу органикалык жер семирткичтерди чачуу ылайыктуу.

Кыртышты кайра иштетүү жана жер семирткичтерди чачуу жумуштарын жүргүзүүнүн ирээти төмөндөгүдөй: өсүмдүктөрдү жыйып алгандан кийин удаа эле калган

маяларын бир жерге чогултат да, аңызды тырмоо менен малалайт. Жамгыр жаагандан же сугаттан кийин семирткичти чачат же көөмп коёт. Түшүмдү жыйнап алар менен семирткичтерди чачуу зарыл, анткени, күздүн жылуу кезинде айдалган жер керектүү азык заттарын жакшы кабыл алат. Участокторду кайра айдап-түзөтүүгө үстүңкү катмары астына, астыңкы катмары үстүнө чыккандай кылып 25—30 см тереңдикте айдалат. Эгерде отоо чөптөр басып же тапталып калса тырмоо менен малалап андан кийин өтө терең эмес 10—15 см тереңдикте кайра айдайт.

Эрте жазда жер тоборсуган кезде түзөтүп, малалап, туруп ага удаа эле суукка чыдамдуу (пияз, сабиз, петушка ж. б.) өсүмдүктөрүн себет. Буга удаа эле жылуулукту сүйүүчү картошка ж. б. өсүмдүктөр себилүүчү участкалар түзөтүлүп даярдалат.

Огородду сапаттуу иштетүү үчүн ар бир бакчачынын керектүү курал-жарактары болуу керек.

ЖАШЫЛЧА ӨСҮМДҮКТӨРҮНҮН ҮРӨНҮН ӨСТҮРҮҮ, САКТОО ЖАНА СЕБҮҮГӨ ДАЯРДОО

Республикада жашылча өсүмдүктөрүнүн райондоштурулган сортторунун концентрацияланган жана кондицияга жеткирилген үрөндөрүн «Сортсемовощ» бирикмесинин үнөнчүлүк чарбалары аркылуу алууга болот. Бирок кай бир бакчалардын каалаган сорттору үрөн өстүрүүчү чарбаларда өстүрүлбөйт. Андыктан жашылча өстүрүүнү сүйүүчүлөр ал сортторду өздөрү өстүрүүгө туура келет.

Үрөндүү өстүрүү. Көпчүлүк жашылча өсүмдүктөрү кайчылаш чаңдашуучуларга кирээрин эстен чыгарбоо керек. Ошондуктан бирдей эле жашылчалардын ар кандай сорттору белгилүү бир аралыкта чаңдашат. Бул аралык коон, дарбыз, ашкабак жана бадыраңдар үчүн —500 м, баклажан менен мурч —100, помидор —50 м, чамгыр, сабиз, кызыл кызылча, капуста жана башка кайчылаш чаңдашуучу жашылча өсүмдүктөрү 600 м аралыкта чаңдашат.

Көбүнчө короо жайдын жана дачанын жанындагы участкалар кичинекей болгондуктан аларга үрөндү туташ жайгаштыруу мүмкүн эмес. Ошондуктан андай участкаларга эреже катары жашылчалардын бирден гана сорту өстүрүлөт. Мында жашылчалардын ашыкча чаңдашуусунун натыйжасында сорттуулугу төмөндөйт. Бул учурда коңшулары жашылчанын кандай сорттордуу себишкенин билүү керек.

Бир жылдык жашылча өсүмдүктөрүнүн, бадыраңдын, помидордун, мурчтун, баклажандын, укроптун жана башка өсүмдүктөрдүн үрөндөрүн сепкен эле жылы өндүрүп алышат. Ал эми капустанын, пияздын, сабиздин жана башка эки жылдык өсүмдүктөрдүн биринчи жылы жемишин, экинчи жылы үрөнүн алат.

Помидор, баклажан, калемпир. Бул өсүмдүктөрдү үрөндүк дан өстүрүү үчүн аны азык-түлүк багытында өстүрүүдөн эч айырмаланбайт.

Помидордун үрөнүн алууда анын жупжумшак болуп кызара бышкан маалында жыйнайт да, андан кийин эзип сеткага сүзөт. Маңызынан чыпкаланып алынган челин 3—4 күнгө чейин айнек же эмалданган идишке ачыганча коёт. Ачыгандан кийин үрөндү челинен бөлүп жууйт жана кургатат, ал үчүн көлөкөгө жука кылып жаят жана акырындык менен аралаштырып текши кургатат.

Калемпирдин данын толук бышкандан жыйнап, жумшартуу үчүн 2—3 күн кармайт, андан кийин үрөн байлагычын кесип алат. Андан үрөнүн өзүнчө бөлүп алып, көлөкөгө кургатат. Ашыкча бышып жана кургап калган калемпирдин үрөнүнүн сапаты начарлап калаарын эстен чыгарбоо зарыл.

Баклажанды саргара бышканга чейин 10—15 күн чогултуп коет да, андан кийин кесип идишке салып 4—5 күн ачытып коёт. Ачыгандан кийин маңызын сеткага сүзөт. Үрөнүн жууп тазалап помидордукундай кургатат.

Бадыраң, ашкабак, сүйрү ашкабак, патиссон, дарбыз, коон. Бардык агротехникалык иштер бул өсүмдүктөрдүн

түшүмүн жогорулатат жана үрөнүнүн сапатын жакшыртат. Чаңдашуучу гүлдөр ачылган кезде жана дан байлаардын алдына кылдаттык менен каралат да, өсүмдүктүн түйүлдүгүнө формасына, жалбыректарына, чырпыгына окшобогондору арылтылат. Үрөндүк бадыраң, дарбыз, ашкабак кабачки жана патиссондор бирдей убакта жыйылат, ал эми коон бышканына жараша үрөндөрү бөлүнөөр замат жуулуп кургатылат. Коон менен бадыраңдын үрөнү бөлүнүп алынгандан кийин идишке салынып 2—3 күн көптүрүлүп коюлат да андан кийин жуун кургатат.

Пияз. Пияздын үрөнү анын сабагынын башындагы энелик бүрүнөн алынат. Үрөнгө керектүү формадагы жакшы баштары тандалат. Пиязды күзүндө же жаз алды менен отургузат. Күзүндө отургузулган энелик үрөнүнөн жогорку түшүм алынат. Чүй өрөөнүндө буга ыңгайлуу учур октябрдын биринчи жарымы, Ош областында экинчи жарымы болуп эсептелет. Жазында отургузууга тандалып алынган баш пияздар азык-түлүк үчүн даярдалган пияздардай эле сакталат да, кайра эрте жазда отургузулат. Үрөндүк пиязды схемада көрсөтүлгөндөй 70х15—20 см, күзүндө 8—10 см, жазында 4—5 см өлчөмүндөгү тереңдикте отургузат. Үрөндү качан гана үрөндү каптап турган кутучаларынын кабыкчалары жарылып карарып кесилип алынып топтоштуруп байланыштырылат да серенин астына кургатып жетилтет. Андан кийин үрөндү ушалап алып тазалап даядайт.

Капуста. Түшүмдү жыйноонун алдында, үшүккө чалдыкпагандарынан (5—6 түбүн) тамыры менен казып алат. Ашыкча кабыкчаларын тазалап, салкын жайга илип коёт. Тигинен же жантайтып 15—20 см калыңдыкта көөп салат. Катуу суук түшкөндө энелик капустаны жалбырак же саман менен жылуулайт.

Үрөндүк капустаны схемадагыдай 70х40—60 см тереңдикте эрте жазда отургузат. Мында кыртышка батыра отургузуп үстүнөн 2—4 см топурак менен көөмп коёт. Багуу, сугаруу, отоо иштери кадимкидей эле. Кабыктары же-

тилип үрөнү күрөң тартканда тандалып жыйналат. Сабактарын кесип алып чакан кылып топтоштуруп байлайт да, серенин астына асылган абалда кургатат, андан кийин үрөндү үбөлөп түшүрүп, кургатып даярдайт.

Үрөндү сактоо. Жакшы кургатылган үрөндү кагаз мүшөктөргө жана жабык ящиктерге салып дайыма бирдей (0° тан 16° ка чейин) температурада жана абанын нымдуулугу жогору (70—75%) болбогон салкын жайларда сакташат. Үрөндү үйдүн ичинде сактоо мөөнөтү: пияз, укроп, петрушка, сабиздики 2—3, чамгыр, капустаныкы 3—4, бадыран, кызылча, дарбыз, коондуку 4—5, буурчак жашылча жүгөрүнүкү 5—7, коон, фасольдуку 7—9 жылдан ашпоо керек.

Үрөндү себүүгө даярдоо. Үрөндү себүүдөн мурун анын өнүгүү жөндөмдүүлүгүн аныктоо керек. Ал үчүн айнек же эмалдаштырылган идишти алып, анын түбүнө таза жуулуп ысытылган кумду же күйгүзө ысытылган таарындыны салып, фильтирленген кагаз менен, үстүн сууланган чүпөрөк менен жаап коет да анын үстүнө 100 даана үрөндү нымдап салып туруп, үстүн сууланган чүпөрөк менен жабат. Анан үстүнө да сууланган таарындыны жаап, 20—25° температурадагы жылуу жерде кармайт. Мындай болгондо капустанын, чамгырдын, бадырандын, сүйрү ашкабактын, коон жана буурчактын үрөнү 1—2, пияздын, сабиздин жана петрушканын үрөнү — 4, укроптун жана сельдерейдин үрөнү 6 күндөн кийин өнүп чыгат. Мында өнүп чыккан үрөндүн санын эсептеп туруп өнүүгө жөндөмдүүлүгүнүн процентин чыгарат.

Ар кандай шарттарда өсүүгө жөндөмдүү үрөндүн сапатын текшерүүдө үрөндү сорттоп жана калибирден өткөрүү, нымдоо, кумдоо, суукта кармоо, жылытуу аркылуу химиялык заттар жана элементтер менен кайра иштетүү жүргүзүлөт.

Калибирлеп чөөдө ар кандай формадагы тешиги бар калбырлардан өткөрүлөт, ал эми сорттоо, себүүнүн алдында 5% кайнатылган туздун эритиндиси бар сууга үрөндү

салып, анын салыштырма салмагын билүү жолу менен жүргүзүлөт. Суунун үстүндө жеңил калкып калган үрөндү алып таштайт.

Үрөндүн өсүшүн тездетүү максатында себүүнүн алдында аны мешокко салып бир саат сууга кармайт. Андан кийин мешоктогу сууну сарыктырып, үрөндү желдетүү үчүн асып коет. 4—6 сааттан кийин үрөндү кайра сууга салып нымдоо кайталанат.

Буурчак менен фасолду 2—4 саат, чамгыр, капуста, бадыраң, ашкабак, дарбыз, коонду 8—12 саат, пияз менен кызылчаны 1—2 сутка нымдоо жетиштүү. Андан кийин үрөндү төгүп, чубуруу абалына жеткиче кургатат.

Үрөндүн тезирээк өнүгүшү үчүн аны угут кылып өндүрөт. Ал үчүн сууга нымдалгандан кийин мешоктун бетине калындыгы 6—8 см кылып жаят жана анын үстүн нымдалган мешок менен жабат. Үрөн борсуп кетпес үчүн суткасында 2—3 жолу которуштуруп турат. Качан гана үрөндүн 3—5% сабагы тешип чыга баштаганда өндүрүү токтотулат. Кээде үрөндү суулаган кумга аралаштырып өндүрөт.

Жылуулукту сүйүүчү өсүмдүктөрдүн төмөнкү температурага чыдамдуулугун арттыруу максатында сабагы чыга баштаган үрөндү төмөнкү 0° тан —5° температурада кармайт же өндүрүү 3—5 суткага чейин болбосо улам алмаштырып —5 тен+20—25° чейинки температурада 15—18 суткага чейин кармайт.

Бадыраңдын жана башка ашкабак өсүмдүктөрүнүн түшүмү жогору болушу үчүн, айрыкча жаңы үрөндү колдонгондо, аны 50—55° температурага чейин ысытып 3—4 саат же 1—2 ай жылуу жайларда кармоо талап кылынат.

Ошондой эле кийинки жылдарда микроэлементтердин (бор, молибден, жез, марганец, кобальт, цинк ж. б.) эритиндилери менен иштетүү талап кылынууда. Көбүнчө бул эритиндилердин тузу 0,01 ден 0,05% чейин аралашмалары пайдаланылат. Үрөндү бул элементтер менен нымдоо суу менен нымдалгандан айырмаланбайт. Микроэлементтер

менен иштеткенде адегенде үрөндү анын эритиндисине нымдап алат да, андан кийин өндүрөт жана чыйралтат.

ӨСҮМДҮКТӨРДҮ ТАНДОО ЖАНА ОГОРОДДОРГО ЖАЙГАШТЫРУУ

Огороддордо өстүрүлүүчү өсүмдүктөрдү тандап алуу бакчылыкты сүйүүчүлөрдүн жөндөмүнө байланыштуу. Эң оболу короодогу огороддордо эрте быша турган: козу кулак, шпинат, укроп, петрушка, сельдерей, чамгыр, көк пияз, ак жана гүлдүү капуста, салатты айдоого умтулуу керек.

Ошондой эле бадыранды, помидорду жана капустанын ар кандай түрлөрүн өстүрүү ылайыктуу. Көбүрөөк талап кылынуучу кызыл кызылча, патиссон, сабиз, өсүмдүктөрүн өстүрүүгө аракет кылуу зарыл. Кайсы гана огороддогу участкага болбосун жашылча буурчагын, жашыл таттуу фасолду, арамат жыттуу жашылчаларды, эки-үч ыщкын болот. Албетте кайсы гана бакчаны сүйүүчүлөр болбосун азыраак хренди, бир нече түп көп жылдык пиязды айдоого тандалып алынган жашылчаларга кошуп эрте жана кеч бышуучу картошканы айдаса болот.

Жашылча өсүмдүктөрдүн ассортименттери тандалып алынгандан кийин, аны андан ары жайгаштыруунун схемасы түзүлөт.

Өсүмдүктөрдү которуштуруу. Ар бир өсүмдүктөрдү мурункуларына караганда кийинкиси ыңгайлуураак жайгаштырылат. Мисалы, эрте бышуучу ак данектүү жана гүлдөөчү капусталарды мурунку жылы бадыраң, картошка, помидор, пияз, ышкын өстүрүлгөн солдорго айдоо жакшы.

Ар бир квадрат метр аянттан арбын түшүм алуу максатында кайталап тыгыс себүү керек.

Кайталап себүү деп бир эле аянттан жылына эки-үч түшүм алуу эсептелет. Республиканын жылуу өрөөндүү райондору үчүн төмөндөгү схема сунуш кылынат.

1. Кыш түшө электе же эрте жазда көк пияз отургузу-

лат. Пияз тез өсүү үчүн солдорду пленка менен 7—10 күн жаап коет. Апрелдин ортосунда, көк пиязды жыйып алгандан кийин ошол эле участокко сабиз айдалат да, ал августа жыйноого даяр болот. Сабизден кийин чамгырдан дагы эки жолу түшүм алынат.

2. Эрте жазда себилген капустанын түшүмүн жыйнагандан кийин консервалоо үчүн бадыраң себилет, анын түшүмү жыйналар менен ошол эле участокко укроп же чамгыр отургузулат.

3. Эрте бышуучу картошканы жыйнагандан кийин кеч жетилүүчү ак даректүү жана гүлдөөчү капустанын көчөтүн отургузат.

4. Эрте жетилүүчү апрелдин ортосунда же аягында жыйналуучу жашылчалардан кийин, помидор, калемпир же баклажандын көчөттөрү отургузулат.

Мыкты жашылчалардын парниктери күзүндө дагы бош калбайт, рамаларынын бир бөлүгүнө чамгыр, экинчи бөлүгүнө күзгү бадыраң эгилет. Анда гүлдөөчү капустаны, көк пиязды, сельдерейди жана петрушканы кошумча айдоого болот.

Тыгыс себүү. Тыгыс себүү үчүн негизги өсүмдүктөргө тоскоолдук кылбаган өсүмдүктөр тандалат. Алсак помидорду эрте жетилүүчү капуста же чамгыр менен кошуп себүүгө ылайыктуу. Мында капустаны помидордон бир ай мурун солдорунун арасына отургузат, ал эми чамгырды помидор менен бирге ошол эле солго отургузат. Кеч жетилүүчү капустаны эрте жетилүүчү менен бирге эгет. Ал үчүн жаз алды менен эрте жетилүүчү капустанын көчөтүн 70×70 см аралыкта тигет, белгиленген мөөнөттө өсүмдүктүн аралыгына кеч жетилүүчү капуста отургузулат. Андан 1—3 ай өткөндөн кийин эрте жетилүүчү капуста жыйналат, кеч бышуучу капуста калат да нормалдуу өсө берет.

Капуста менен бадыранды, ошондой эле жашыл өсүмдүктөр жана чамгыр менен кошо себет.

Канттуу жүгөрүнү көк буурчак жана фасоль менен кошо өстүрүү, бадыранды сабиз менен, сабизди салат менен

өстүрүү жакшы. Бадыранды күн карама жана кант жүгөрүсү менен өстүрүү да ыңгайлуу, анткени, алардын сабагы бадыранга тирөөч болуп калат.

КАЛКАЛАНГАН КЫРТЫШ

Кыйла эрте бышуучу жашылчалардын көчөттөрү ар кандай теплицада, парникте жылууланган солдордо, убактылуу пленкалар жабылган кыртышта өстүрүлөт.

Кыртышты калкалагычтардын курулуштарынын түзүлүшү

Теплица. Эрте жаздагы жашылчаларды эң мурун теплицалардан алышат. Аны жылытуу үчүн күндүн суук мезгилинде ар кандай электр приборлорун, ысык сууну, биологиялык жылуулукту пайдалануу керек. Бакчаны сүйүүчүлөрдүн теплицаларына биологиялык жылыткычтар ыңгайлуу.

Теплицаларды куруу үчүн шамалдан ыктоо, бирок көлөкө эмес түз жерлер тандалып алынат. Адегенде түндүктөн түштүккө карай 15—20 см терендикте келген узун аң казат. Ага фундамент орнотулат. Фундамент үчүн сынган кирпичтер жараксыз болуп калган темир бетон плиталарынын сыныктары жана тактайдын кыртыштары пайдаланылат да, андан кутучалар ашталат. Фундаменттин бийиктиги 30—40 см болот. Чуңкурдун бурчтарына узундугу 1,5 м келген тирөөч орнотулат. Теплицаларды бекитүү ушундай эле тирөөчтөрдөн жасалат. Ылдый жагы фундаментке, жогору жагы түркүккө бекитилет. Көбүнчө бекитүү үчүн узун туурасы 5х6 см келген рейкалардан жасалган шпросттор пайдаланылат. Теплицалардын аягы фундаменттердин бурчтарындагы түркүктөргө бийиктиги жарым метр келген шпростордун жардамы менен каптал дубалдары бекитилет. Теплицанын түштүк жагына туурасы

80 см келген айнек эшик жасалат, ал эми чатырынын туурасы 40—50 см жана узуну 1 м чейинки ачылма айнек форточкалар менен жабылат.

Теплицаларды айнектөө үчүн калыңдыгы 3,5 мм келген айнек пайдаланылат. Үстүңкү айнек листи астыңкысын жаап тургандай аралыгын 2 см кылып мыктар менен бекитет жана кадимки алифтен даярдалган замазка менен анын жылчыгын бүтөйт. Теплицалардын жыгач бөлүкчөлөрүн анын бузулуусунан сактай турган антисептикалык заттар менен шыбайт жана ак сыр менен сырдайт.

Күн жакка каратып, жантайыңкы тепилицаларды куруу оңой. Теплицанын төмөн жагы чуңкурдагы фундаментке орнотулат, үстү айнек чатырчалар менен гана бекитилет. Аңдын тереңдиги 1,1 м, туурасы 2,25 м, узуну теплицалардын дубалдарына жараша болот. Дубалдын капталынан чыгууга узуну 1 м туурасы 0,8 м болгондой кылып эшик казат.

Теплицанын керегесинин бийиктиги 3—3,5 м келген төрт чайырдалган тиреөчтөн турат, аны керегеге такай орнотот. Тиреөчтү майда шагыл жана цемент менен бекитет. Теплицаны курууда тиреөчтөн тышкары жоондугу 15 см келген эки узун устун, 2,5 м келген турасынан коюулучу уступ жана жантайта төбөсүнө орнотуу үчүн жоондугу 12 см келген устун керектелет. Аңдын четине кирпичтен тизип, анын үстүнө бир катар устун коюлат да, үстүңкү бетине туурасынан жантайта жаткырылган чабактар бекитилет. Жантайма тиреөчтөрдүн арасына беш-бештен оюк коюлат. Керегенин биринчи тиреөчүнө кагып тышка чыгыш үчүн бийиктиги 1,6 м келген эшиктин кутучасы даярдалат. Эшик тактайдан, кесиндилерден даярдалат. Кире беришке жаан тийбес үчүн калканыч жасалат.

Терезелөө үчүн калыңдыгы эң кеминде 3—4 мм келген айнек колдонушат жана аны теплицанын чардагындагы жыгач рамалардын оюктарына орнотуп, зымдан жасалган шпилкалар менен бекитет. Айнектин четин шыбап бүтөө үчүн ар кандай шыбагычтар пайдаланылат. Шыбагычтар-

ды (16—17% түү) алифтен жана майдаланган таруунун же (75%) кургак ундан, (14%) алифтен, (10%) цементтен жана (1%) жомдон даярдоого болот.

Теплицалар үчүн күндүн нурунун жылуулугун өткөрүүчү пленкалар жакшы. Үйдүн жанындагы жашылчаларды өстүрүүдөн мындай теплицалардын ар кандай конструкцияларын пайдаланышат. Анын түзүлүшүн «Картофель» журналынын 1979-ж. № 7 жана 11, 1980-ж. № 4 жана 1981-ж. № 4 санынан таанышууга болот.

Парник. Эрте жазда жашылчаларды алуу максатында огородду сүйүүчүлөр көчөттөрдү отургузуп, парниктерди пайдаланышат. Бир жагынан жантайма парниктер көп таркаган. Ал атайын даярдалган парниктин ящикчелеринен жана рамасынан турат. Ящиктин кутучалары жыгачтан, жараксыз тактайлардан жана темир бетон плиталарынан даярдалат. Төрт бурчтук кутучанын аягын жыгач менен бекитет, анын узуну (160 см) парниктин рамасына туура келгендей болуу керек. Кутуча менен чуңкур ар кандай жасалат, бирок алты парниктин рамасынын туурасынан кем эмес болгудай болууга тийиш, анткени, андан кичине болсо парникте жылуулук начар сакталат. Даярдалган кутучалардын бир жагы ылдый жакка кыйшайып тургандай кылып, жогору жагы 10—15 см бийигирээк орнотулат. Чуңкурлардын капталдары 50—60 см терендикте кыйшайыңкы казылат.

Биологиялык жылыткычтар катары уйдун, жылкынын, эчкинин тооктун жана койдун кыгы, кургак жалбырактар, пахта тазалоочу заводдордон чыккан калдыктар таштандылар пайдаланылат. Бул массалардын бардыгы микроорганизмдердин өнүгүүсүнүн натыйжасында чирип отунга жарактуу болот. Бирок эң жакшы биологиялык жылыткыч болуп аттын кыгы эсептелет. Таштандылар — эң жакшы биологиялык отун катары колдонулат. Ал жай ысыйт, бирок жылуулукту аттын тезегине караганда көпкө сактайт. Аны башка материалдарга аралаштырбай пайдаланууга болот. Пахтанын чигитинин кабыгынын төрттөн үч бөлүгүн

сууга нымдап туруп үйүп коёт. Ошондой эле койдун кыгын да нымдоо талап кылынат. Биологиялык отундун жакшы ысуусу үчүн аны парниктерге салуудан 1—2 жума мурун аба жакшы кирип тургудай кылып айры менен кылдат аралаштырат. Эгерде ал жардам бербесе ага ыссык аттын тезеги, же күйүүчү көмүр, кээде өчүрүлгөн акташ жана суу куюлат.

Жылуулук берүүчү (35—60° чейин) жумшак көндү; айры менен көндөйлөп, теплицага же парникке калындыгын (50—55 см) кылып салат. Эч убакта көндү бут менен таптоого болбойт. Парникке улам шыкалган сайын рама менен жаап, бойро менен бекитет да, 3—5 күн коёт. Ал убакта көң басырылат. Өтө көп чөгүп кетсе кошумча көң кошулат. Анын үстүн органкалык жылыткычтар менен туздайт жана үстүнө азыктандыруучу топурак төгөт. 1 м² теплицага 0,5 тонна, ал эми парникке 0,7 тонна биологиялык жылыткыч керектелет.

Азыктандыруучу топурактарга органикалык жана минералдык компосттор же чым, кара көң жана чиринди пайдаланылат. Огороддо же парникте мурун пайдаланган топуракты кошууга болот. Кошундулардын катнашы ар кандай болууга тийиш. Көбүнчө 20—30% чымдуу топурак, 30—40% чиринди жана 40% кара көң колдонулат. Бир парниктин рамасына калындыгы 15 см келген 0,20—0,25 м³ жана үстүнө себүүгө 0,05 м³ аралашма топурак керек.

Огородду сүйүүчүлөр теплица менен парниктерди курууда көп эмгекти талап кылат. Ошондуктан эрте бышуучу жашылчалар үчүн көчөттөрдү өстүрүүдө жылуулангган топурактарды буулантуучу кырка солдорду, жалдарды чуңкурларды пайдалануу керек.

Парниктерге биологиялык жылыткычтар болбогон учурда күндүн нурунан же терендетилген чуңкурда, дубалдардын далдоосу аркылуу жылытууга болот.

Дубалдардагы парниктерди помещениенин ичине түштүк жагынан от жагылгандай кылып курат. Жыгач улагычтарды жоондугу 10 см келген брустан же рейкадан

жасайт. Улагыч — илмектерге стандарттуу рама бекитилет.

Күндүн нурунан жылуулук алуучу парниктин терендиги 40 см кем эмес чуңкурдан турат. Анын астына жылуулук сактай турган (шлак, кум, майда таш, самандын топону) катмарлар салынат. Ал эми жердин үстүндө жасалган парник — парниктердин эң жөнөкөй тиби болуп эсептелет. Ал солдорго орнотулган бийиктиги 2025 см жана туурасы 160 см болгон кутучадан турат. Кутучанын үстүн стандарттуу рама менен жабат.

Эки жагы жантайыңкы пленкадан жасалган парник алып жүрүүгө ыңгайлуу. Ал туура коюлган айырмачтан жана устундан турат. Пленканы 50х25 см өлчөмүндө айырмачка арта салып, чатырча формасында жаап бекитет.

Буу чөнөктөрү участокторго түндүктөн түштүк багытка карай орнотот. Чуңкурдун терендигин 30 см, туурасын 80—90 см кылып казат да, калыңдыгы 40—45 см болгон биологиялык жылыткыч төшөлөт, андан соң, пияз үчүн калыңдыгы 10—12 см, бадыраң жана помидор үчүн 20—25 см кылып кыртыш салынат. Чөнөктөрдүн аралыгы 60 см болот.

Буу жалчалары экономикалык жактан пайдалуу болуп эсептелет. Ал үчүн бороздолор жасалат да, ага калыңдыгы 35 см келген ысык биологиялык жылыткыч, анан эки жагына жантайма болушу үчүн кыртыштан кошушат. Жалчалардын арасынын алыстыгы бири биринен 70 см болгондой кылып чыгыштан батышка карата жайгаштырат. Буу жалчаларына бадыраңды өстүрүү эң жакшы.

Буу чөнөкчөлөрүнө же жалчаларына отургузулган өсүмдүктөрдү ар кандай материалдар менен жабат, көбүнчө полиэтилен пленкаларын пайдаланышат.

Мындай жапкычтарды ошондой эле жылытылбаган кыртыштарга да жабууга жана ачык кыртыштагыга караганда жашылчаларды 10—15 күн эрте алууга болот.

Пленкалуу жабыкчалар керегеден жана пленкадан турат. Керегечелер ар кандай болот, бирок көбүнчө аны

туннель сыяктуу жасайт. Ал үчүн 5—8 миллиметр келген чырпыктардан жана кырчындардан жаа сыяктуу ийип жасайт. Жаанын өлчөмү өсүмдүктүн катарына жараша болот. Үч катар өсүмдүк үчүн туурасы 180 см, бийиктиги 80—90 см, эки катар болсо туурасы 85—90 см өлчөмүндө жасайт. Жаачаны чөнөктөрдүн солдорунун баарына бири биринин аралыгын 1—1,5 м болгондой кылып өсүмдүктүн үстүнөн жабат. Пленкалар асылып калбас үчүн эки-үчөөнү үстү жагынан жип же ичке зым менен бекитет. Керегелерди пленка менен чүмкөп жабат. Чет-четин топурак менен бекитет.

Мындай чүмкөмөнүн ичинде өзүнчө температуранын режими пайда болот. Мындай чүмкөмөлөрдүн температурасы, ачык жерлердегиге караганда 6—7° жогору болоорун Кыргызстандын дыйканчылык боюнча илимий өндүрүштүк бирикмесинин тажрыйбасы көрсөттү. Өзгөчө сырткы абанын температурасы 12—14° болсо, чүмкөмөнүн ичи 22—26° жетет. Пленка жабылган чүмкөмөнүн астындагы абанын жана кыртыштын нымдуулугу да жогору. Мунун бардыгы чүмкөмөнүн астында жашылчалардын жакшы өсүшүнө өбөлгө түзөт.

Ачык кыртыштар үчүн көчөттөрдү өстүрүү

Эрте жана кеч бышып жетилүүчү жашылчалар: капуста, помидор, мурч, баклажан, кээде бадыранда, көчөттөр аркылуу өстүрүлөт. Эрте отургузулуучу көчөттөр азыктандыруучу кубиктерде, чымдарда жана азыктандыруучу суюктуктар куюп толтурулган стакандарда өстүрүлөт.

Бадырандар үчүн азыктандыруучу аралашмалардын ондон беш бөлүгүн чириген көң, үчүн бөлүгүн чириген кык бир бөлүгүн чымдан жана аралаш өсүмдүктөрдүн калдыгынан даярдайт. Помидорлор үчүн — ондон жети бөлүгүн көң, эки бөлүгүн чириген кык, бир бөлүгүн чымдуу же жаңы өсүмдүктөн алат. 1 м³ көлөмдөгү жерде өскөн капустага 1 кг аммиак селитрасы, 3 кг суперфосфат, 0,5 кг калий

тузу; томатка — 4 кг суперфосфат жана 1 кг калий тузу; бадыранга —0,5 кг амиак селтирасы жана 3 кг суперфосфат берилет.

Азыктандыруучу кубиктер жетишерлик жумшак болуу керек. Анткени катуу болсо азыктандыруучу горшоктор көчөттөрдүн тамыр системаларынын өсүшүнө тоскоолдук кылат да көчөттөрдүн сапаты начар болот. Аларды чечилүүчү калбырчаларда же чакан кылып кесип алуу үчүн ящиктерде жана фанераларда жасалат.

Чымдарды даярдоо үчүн кыска өсүүчү чөптөрдү, баарынан жакшысы узундугу 8—10 см кылып кесилген бедени пайдаланат. Андан кийин өлчөмүн 6×6 же 8×8 см кылып кесип, ысык суу өтүп туруу максатында туурасынан тешик жасап коет.

Азыктандыруучу чарчы чөнөктөргө, чым жана стаканчаларга алдын ала көптүрүлгөн үрөндү себет. Бадырандан башка бардык жашылчалардын көчөттөрүн тигет.

Помидор, калемпир, баклажандардын көчөттөрүн огороддорго отургузуунун мөөнөттөрүнө жана өстүрүүнүн шарттарына жараша жаңы чыккандан баштап, 45—60 күн, бадырандар —25—30, эрте бышуучу капуста —45—50 күндү талап кылат.

Республиканын түндүк (Чүй өрөөнүндө) райондорунда ачык кыртыштарда көчөттөрдү помидордукун, калемпир, баклажандыкын март айынын биринчи он күндүгүндө: эрте жетилүүчү капустаны февралдын экинчи жарымында, бадырандыкын марттын аягында жана апрелдин башында, түштүк райондордо 10—12 күн мурун; Ысык-Көл өрөөнүндө 1,5—2 жума кечирээк отургузууга болот.

Мыкты үрөндөрдү тандап алгандан жана себүүнүн алдында даярдагандан кийин өлчөмү 50×35×8 см келген стандарттуу ящиктерге чымдуу топуактардын чириндилердин аралашмасы же кара көң менен толтурулат. Көчөттөрдүн аралыгын 3—4 см үрөндөрдүн арасын 1—2 см себет. Үрөн 1—1,5 см терендикте себилет.

Капустаны тигип өстүргөндө анын үрөнү ар бир г/м²

аянтка 12—15 граммдан, тамот 8—10, калемпир жана баклажан 10—12, данектүү салаттыкы 5—6 граммдан чыгымдалат. Бадыраңдардын үрөнүн себүүнүн нормасы 6—10, сүйрү ашкабак менен патиссондуку 30—50 граммдан себилет.

Үрөндү эккенден кийин ящиктин үстүн айнек же полиэтилен пленкасы менен жаап, жылуу жерге коет. Өсүп чыккан кезде аларды күндүз 12—15°, түнкүсүн —8—10° жарык жана салкын жайга чыгарып 4—7 күнгө чейин коет. Андан кийин көчөт өстүрүлүп жаткан ящикти жылуу жана жарык жайга алып акырын жайгаштырат. Өстүрүлүп жаткан көчөттө бир эки жалбырак пайда болгондо кубиктерге стакандарга же парниктеги кыртышка отургузат. Томаттын көчөттөрүн күнөстүү жерлерге пленкалар менен жаап жылууланган кыртыштын солдоруна тигишет.

Ар бир ящиктен 250—400 көчөт алууга болот. Кыртышка тигиш үчүн жакшы өскөн көчөттөрдү тандап алып, аны солдорго кыйшайбагандай кылып тигет.

Капустанын, баклажандын жана калемпирдин катар аралыгын 4—5 см, өсүмдүктөрдүн аралыгын 5—6 см, томат, бадыраң, сүйрү ашкабактын катар аралыктарын 8—10 см, данектүү капустанын— 3—5 см болгондой кылып тигүү керек.

Жаңы тигилген көчөттөр соолубас үчүн сугарып, анан бойролор же башка күңүрт материалдар менен көлөкөлөнөт. Калемпирдин баклажандын, помидордун, капустанын көчөттөрүн өстүрүү мезгилинде, 1—2 жолу семирткичтер менен азыктандырат. Бул көчөттөргө, аралаштырылган өсүмдүктөрдүн чириндиси, тооктун кыгы өзгөчө пайдалуу.

Көчөттөр эртең менен эрте азыктандырылып, 22—24° жылуу суу менен сугарылат. Томаттын көчөттөрү узарып өсүп кетпес үчүн тигилгенден 10—20 күндөн кийин ар бир парниктин кутучасына 10 л сууга 4 жана 6 грамм хлорхолинхлорид (ТҮР препараты) эритиндиси бүрктүрүлөт.

Парниктеги көчөттөрдү огородко отургузаардан бир канча күн мурун парниктердеги рамаларды же ящиктерди

таза абага чыгарып коет да сугарууну азайтат. Көчөттөрдүн таза абада жана жарыкта чыйралышы анын келечекте нормалдуу өсүшүн жакшыртат. Көчөттөрдү отургузаардын алдында сугарып анан тандап алат. Горшоксуз көчөттөрдү тандап алууда анын тамырларынын тегерегиндеги тоголоктошкон топурактар кошо казылып алынат.

Туура жана чыйрак өскөн көчөттөрдүн тамыр системалары жакшы өнөт жана жалбырактуу келет. Узундугу 25—30 см, 7—10 жалбырак жана түйүлдүк байлап, бирин-экин гүл ачып калган көчөттөр томатка пайдаланылат.

Жашылчаларды парниктерде өстүрүү

Бадыраңдарды өстүрүүчү парниктердин ортосуна узата кеткен чуңкурча жасап, аны сугарып андан анын ар бирине экиден көчөт эгет. Көчөттүн биринин сабагын түндүккө, экинчисиникин түштүккө каратып отургузат. Өсүмдүк өсүп жетиле электе, эки жак тарабындагы боштуктардын узундугу боюнча пияз, салат өндүү же тез жана жүйүр быша турган өсүмдүктөрдүн көчөттөрү салынган ящиктер жайгаштырылат. Помидорлорду тигүү үчүн чуңкурларды тигилген бадыраңдардын солдорунун эки тарабына жасап, аны сугарып туруп көчөт отургузат.

Көчөттү жылуу жана шамалсыз күндөрдө отургузуу зарыл. Өсүмдүктөрдү отургузаар замат парниктерди бойро менен жаап анан 25—28° келген жылуулукта кармайт. Парниктеги өсүмдүк өсө баштаганда бойрону алып таштайт.

Бүркөк күндөрдө бадыраң өстүрүлүп жаткан парниктерде температура 20—23°, ачык күндөрдө 23—30°, ал эми түн ичинде 16—18° болууга тийиш. Температуранын тез өзгөрүп турушуна жол берилбейт. Жогорку нымдуулукта кармоо маанилүү, ошондуктан парниктерди рамалардын бир жагын ар кандай бийиктикке көтөрүп желдетүү кылдаттык менен жүргүзүлөт. Бадыраңдар жылуу суу менен гана сугарылат. Гүлдөөнүн алдында сугарууну азайтат же

бир нече күнгө чейин токтотуп коет, ал эми мөмө байлай баштаганда сугаруу күчөтүлөт. Органикалык жана минералдык жер семирткичтерди улам алмаштырып ар бир 7—10 күндө азыктандырып турат. Ар бир рамага 10 литрден эритинди куюлат.

Эгерде сабактары жана жалбыракгары майда болсо, анда азыктандыруунун өлчөмүн көбөйтөт. Ал тез өзсө, мөмө байлоосу басаңдайт, мындай болгондо азоттун эритиндисинин өлчөмүн азайтат, анан фасфор жана калийдикин көбөйтөт. Бадыраңдын мөмө байлай турган туш тарабындагы сабактарынын тез өсүшү үчүн бешинчи-алтынчы жалбырагын чырпык менен байлаштырат. Сабактарды топтоштуруп, чырпык менен байлаштырып туруп жерге 1—1 см көөмп коет. Мында тез кыскарып, өсүмдүктүн азыктануусу күчөйт. Өстүрүлүп жаткан кезде 2—3 жолу ушундай кылып көмүш керек.

Помидордун, бадыраңдан айырмачылыгы — ал салкын абаны жана нымды көп талап кылат, ошондуктан парниктн желдетүүнү күчөтүү зарыл. Аларды бадыраңга караганда кезеги менен кандыра сугаруу ылайыктуу. Ар бир кутучага эки чакага чейин суу сарпталат. Помидорду ар бир 10—15 күндө улам алмаштырып органикалык жана минералдык жер семирткичтер менен кошумча азыктандырат. Помидорлор адегенде жантая өсөт, ал эми кутучадагы алкак алынгандан кийин казык кагылып ага байлаштырылат. Өсүү мезгилинин ичинде 1—2 жолу топурак салынат. Парниктеги помидорлорду бир сабактуу кылып өстүрөт жана керексизин кыркып турат. Эрте жетилүүчү помидорлорду алуу үчүн үчүнчү жана төртүнчү сабагынан байлаштырып коет. Арбын түшүм алууда ар бир чачысындагы гүлдөрдү толук сактоонун маанисн чоң. Гүлдөрүнүн жана түйүлдүгүнүн түшүп калуусунан сактоодо ТУ эритиндисин чачуу, ал эми жылуу жана ачык күндө өз убагында үзгүлтүксүз шамалдатып туруу жакшы натыйжаларды берет.

Жашылчаларды теплицаларда өстүрүү

Теплицаларда бадыраң, помидор, көк пияз, салат, петрушка, сельдерей жана башка өсүмдүктөр өстүрүлөт.

Бадыраңды теплицада өстүрүүдө кеңири таркаган өсүмдүк. Андан жылына 1 м² аянттан 20—25 кг жогорку түшүм алынат.

Кышында жана жазында өстүрүлүүчү көчөттөрдү кошумча электр жылыткычтары менен жабдылган жылуу жайларда мурунтан даярдайт. Арбын түшүм берүүчү ВСХВ жана мардин сорторунун көчөттөрүн теплицанын кыртыштарына отургузаардан мурда экинчи жалбыректарынан кыркып коет, башка сорттордун көчөттөрүнүкүн кыркпайт.

Көчөттөрдү солдорго катар аралыктарын 100—120 см жана өсүмдүктүн ар биринин аралыгын 30—35 см кылып отургузат. Кээде андан коюу же катар аралыгы 80—90 см, ал эми тасмадагы саптардын аралыгы 50—60 см болуу керек.

Өсүмдүктү отургузгандан 3—4 күн өткөндөн кийин узата тартылган зымга шпагат менен тарта байлайт. Теплицада өсүмдүк мөмө байлаганга чейин күндүз 20—24°, түнүндө 17—18°, мөмө байлагандан кийин 2—3° ка жогору температура болушу зарыл.

Абанын нымдуулугу 85—90% чейин болушу зарыл. Ушул максатта ачык күндө кыртышты нымдап эшик терезелердин кашектерин жылуу суу менен суулайт. Ысык күндөрдө азыраак гана өлчөмдө сугаруу, ошондой эле учурунда калбырчасы бар шланга менен суу чачуу жакшы натыйжаларды берет.

Өсүмдүктөрдү туура түзүүнүн чоң мааниси бар. Адатта аарылар чаңдаштыруучу сорттор (көп дандуу ВСХВ, жергиликтүү клин ж. б.) 5—6 жалбыректарынан, андан кийин 10—12, андан ары ар бир 1—2 жалбырак өткөндөн кийинки жалбыректарын үзүп турат.

Чаңдашпай туруп эле мөмө байлай турган бадыраңдын

партенокарпиялык сорттору (Спору, Гринспорт, Тоска, Бриллиант, ТСХА — 1, Московский тепличный ж. б.) төмөндөгүдөй түзүлөт: аягынан тартып жогору карай 45—50 см бийиктигине чейин боорундагы жаш бутактары жана ортоңку сабагынын башындагы гүлү алынып ташталат. Андан кийин боорундагы 5—6 сабагынын өзөгүн жана данын андан кийинки 1,5—1,7 метрге чейинки бийиктиктегилердин эки сабагынын эки мөмөсүнө, эң башындагы 3—4 сабагын 3—4 мөмөсүнө байланыштырат. Эң негизги сабагын шпаллерге жеткенде байлаштырат.

Бадыраңдарды отургузгандан 5—6 күн өткөндөн кийин кошумча азыктандырат. Биринчи жолу бир чака сууга 20—30 г суперфосфат жана 15 г калий тузунун аралашмасы кошулган 1 : 6 же 1 : 8 эсебиндеги катнашта сууга аралашкан өсүмдүктөрдүн чым аралашкан чириндиси менен азыктандырылат. Андан кийин кошумча азыктандыруу—8—10 күндө бир жана 2—3 жолу чириндилердин, кара көңдүн аралашмасы менен кошумча азыктандырылат. Керектүү учурларда жылуу суу менен сугарат, айрыкча эртең мененкиси жакшы.

Бадыраңды адегенде кол менен андан кийин теплицанын терезелерин ачуу менен чымын-чиркейлердин жардамы аркылуу чаңдаштырылат. Кол менен чаңдаштыруу төмөндөгүдөй жүргүзүлөт: күндүзгү саат 12—13 дө өсүп жетилген аталык гүлдөр үзүлүп алынат да, желекчелерин алып таштайт; андан кийин калган бөлүгүн энелик гүлгө жабат. Чаңдашкан гүлдө мөмө чоңоё баштайт. Эгер гүл чаңдашпай калса, саргарып түшө баштайт.

Помидорлор. Теплицада помидорлор бадыраңга караганда 3—5° жана абанын нымдуулугу 65—70% тен ашпаган шартта өстүрүлөт. Бадыраң сыяктуу эле, помидорлор да тигинен турган шпаллерлерге байлаштырылат. Отургузгандан 2 жума өткөндөн кийин биринчи жолу азыктандыруу, 15 күндөн кийин экинчи жолу, андан 10—12 күн өткөндөн кийин үчүнчү жүргүзүлөт.

Помидорлорго семирткичтерди чачуунун составы жана нормасы 4-таблицада берилди. Ар бир өсүмдүккө 0,5—0,8 л эритинди берилет.

5-таблица

Теплицадагы помидорлор үчүн семирткичтердин болжолдуу составы жана нормасы

Өсүү мезгилдери	10 л сууга г семирткич			
	Аммиак селитрасы	Суперфосфат	Хлордуу калий	Коровяк. (1:10) А
Теплицага отургузгандан гүлдөгөнгө чейин	15	30	20	1
Гүлдөө мезгилинде	10	40	30	—
Мөмө байлаган убакта	20	30	40	—

Микросемирткичтерди кошкондо жакшы натыйжаларды берет. Микросемирткичтин эритиндисин төмөндөкүдөй даярдайт: 10 л сууга 1 г бор кислотасын, 3 г кычкылдуу марганец калийин, 0,5 г күкүрт кычкыл жезин жана 1 г күкүрт кычкыл марганецин кошот.

Помидорду сейрек бирок кандыра сугарат. Сугаргандан кийин кургак топурак же үбөлөнгөн кара көң чачуу пайдалуу. Помидорду сезонунда экиден кем эмес түптөйт, 1—2 сабагын өз убагында алып турат. Мөмө байлап аяктаганга чейин өсүмдүктүн баш жагын кыркат.

Теплицада өстүрүү үчүн эң жарактуусу голландиялык селекцияда чыгарылган Ревермун, Экстаз, Соната жергиликтүү селекцияда чыккан — Ижорский, Гибрид ТСХА — 13, Москва күзү деп аталуучу сорттор. Көп мөмөлүү Урал, Зарево 109, Волгоградский 5/95 сорттору да түшүмдүү экендигин көрсөтө алды.

Теплицаларда жана парниктерде бош калган жерлерди көк жашылча алуу үчүн пайдаланууга болот. Ал үчүн энеликтин ичиндеги калындыгы 10—15 см келген кыртыш-

ка чамгырдын, шпинаттын, укроптун үрөнүн эгет, же салаттын пияздын көчөтүн отургузат да аны негизги өсүмдүктөрдүн арасына жайгаштырат.

Теплицада жашылчаларды саманга да өстүрүүгө болот. Таза самандын боосун же түгүн терендиги 10—30 см, туурасы 50 см келген каналдарга отургузат жана аны 2—3 жолу жылуу (3—60°) суу менен сугарат. Сууланган самандын үстүнкү бетине семирткичти (1 погон м аянтка 70—80 г калий, 90—100 г азот, 50—70 г магний семирткичин жана 150 г майда талкаланган акиташты) чачат. 2—3 күн өткөндөн кийин саман 45—60° чейин ысып чыгат. Качан гана температура 20—30° чейин төмөндөгөндө, кырка коюлган самандын жалдарына даяр көчөттүү отургузат.

Кыртышка өстүргөнгө караганда, самандагы өсүмдүктү тез сугарып жана семирткичти тез-тез чачып турууну унутпоо зарыл. Самандын ичи жетишээрлик нымдуу, бирок чирик жыттанбагандай болуу керек, ал эми алар жайгашкан каналдарда суу токтоп калбоосу керек.

Жабык пленканын алдында эрте жетилүүчү жашылчаларды өстүрүү

Көп каражат жумшабастан убактылуу полиэтилен пленкасы менен кыртышты калкалап туруп эки-үч жума мурун бадырандан, томаттан, эрте жетилүүчү капустадан жана көк жашылча өсүмдүктөрүнөн арбын түшүм алууга болот. Үрөн себилүүчү жана көчөт отургузулуучу үстү калкаланган кыртышты күз башынан таштарын, өсүмдүктүн тамырларын тазалап, органикалык жана минералдык жер семирткичтерди чачуу менен кайра айдайт. Бактардын, короо дубалдардын шамал тийбеген ыктоо жерлерин эрте жазда түзөтүп, кайра айдап туруп, анан себүү жана отургузуу ишине киришишет.

Калкаланган жайларда эрте бышуучу помидор менен капустаны, бадыранды көчөттөр аркылуу же үрөндү кыр-

тышка эгүү жолу менен, көк жашылчалардын, көк пиязды үрөнүн эгүү жолу менен тандап алып отургузат.

Демейдеги мөөнөткө караганда эгүү, көчөттөрдү отургузуу болжол менен бир ай 18—20 күн мурун жүргүзүлөт. Эгерде участоктогу кыртыш жакшы жылыса анда отургузууну дагы бир ай мурун баштоого болот.

Калкалагычтардын алдына отургузуу үчүн 25—30 күндүк бадыранды, 50—55 күндүк помидордун жана 40—45 күндүк кубиктерге же стакандарга өстүрүлгөн капустанын көчөттөрүн пайдаланышат. Үрөндөрдү нымдап жана көптүрүп өстүрүп анан эгет.

Помидорду, бадыранды, капустаны эки катардан аралыгы 30—100 см, катар саптарынын аралыгы 40—50 см, бадырандыкынын аралыгы 25—30 см, помидор менен капустанын 40—50 см аралыкта жайгаштырат. Чамгыр менен пиязды 4—5 катар кылып, бири биринен 10—15 см аралыкта эгишет.

Сепкенден же отургузгандан кийин удаа эле жаа сыяктуу пленкадан жасалган калкалагычтардын четин эгилген катардан 10—15 см алысыраак кылып жабат, антпесе өсүмдүк өскөн сайын пленканын четине тийип, ачылып жел кирип, өсүмдүк үшүп калышы ыктымал. Жаачаларды шпагат менен байлаштырып, үстүн пленка менен жабат. Пленканын четин суу топурак менен бекитет. Эки жагын узунунан шпагат менен чоё тартып, казыкка байлап коет.

Үшүктөн сакташ үчүн пленканын үстүн чүпүрөк менен жаап койсо көчөттөр жакшы өсөт.

Ачык жайдагы кыртыштын температурасына караганда пленканын астында абанын жылуулугу жогору болгондуктан өсүмдүк тез өсөт.

Өсүмдүктү өтө ысытып жиберүүгө болбойт. Ошондуктан калкагычтардын ичи убактысы менен шамалдатылат, ал эми үшүк алуу учуру өтүп кеткенде ачат да, пленкаларды алып жууп, рулон кылып түрүп, келерки жылга чейин сактап коёт. Полиэтилен пленкаларын кылдаттык

менен урунганда аны эки сезон пайдаланууга болот. Айрылып калган пленкаларды көчөттөрдү өстүрүү үчүн, мешокторду арыктын кулагын бууш үчүн пайдаланса болот.

Эрте жетилүүчү капусталарды калкалагычтардын астында өстүрүүдө анын жакшы өсүп жетилүүсү үчүн солдордо 10—12 күн кармашат. Андан кийин аны эрте жетилтүүчү аянтчаларга көчүрөт.

Ачык кыртышта өстүргөн сыяктуу эле өсүмдүктөрдү өз убагында суюлтуу, отоо, сугаруу жана семирткич берүү керек.

Убактылуу пленкалуу калкалагычтарды кожогаттардын, козукулактардын, петрушканын тез өсүшү үчүн да пайдаланса болот. Аны күзүндө дан берүүчү бадыранды, помидордун жана башка өсүмдүктөрдү төмөнкү температурада үшүктөн сактоо үчүн да колдонушат. Убактылуу калкалагычтардын астында республиканын райондорунда райондоштурулган тез бышып жетилүүчү жашылча өсүмдүктөрүн өстүрүү үчүн чарбаларда да пайдаланылат.

АЧЫК КЫРТЫШ

Картошка

Картошка — бул кыртыштын 0 дөн 25 см чейинки терендигинен орун алган, анчалык бийик эмес, сабактуу тамыры жемиш өсүмдүк. Картошканын данынан жана тамыр системасынын жакшы өсүшү үчүн кыртышта арбын кислороддун болушу ыктымал. Ысык-Көл өрөөнүнүн жана Ош областынын жаңгактуу токой зоналарындагы кара топуроктуу жерлеринен картошкадан жогорку түшүм алып жаткандыгы менен түшүндүрүлөт. Бирок ошондой болсо да тийиштүү агротехниканын натыйжасында Чүй жана Фергана өрөөнүндөгү боз топуроктуу кыртыштарынан да мол түшүм алышат.

Сорттоду тандоо. Картошканын сорттору өсүү жана өөрчүү мезгилинин узактыгы менен айырмаланат. Эгерде

эрте бышуучу картошкалардын сорттору жалпы өнүп чыккандан 50—60 күндөн кийин пайдаланууга жарактуу болсо, орточо бышкандары 80—100, ал эми кеч бышуучулары 120 жана андан да узак мөөнөттө өсүп жетилет.

Кыргызстанда төмөнкү сорттору райондоштурулган: эрте бышуучу — Седов, Искра, Белорус, орточо бышуучу— Огонек, кечирээк бышуучу — Берлихинген, Лорх жана Корнваль сорттору. Мелүүн климаттуу тоолуу шарттарда бардык райондоштурулган сортторду өстүрүүгө болот. Чүй жана Фергана өрөөндөрүндөгү ысык климаттарына Седов жана Огонек сортторун жазында, жайында сепкенде да арбын түшүм берет. Жазында себилген Берлихинген сорту июлдун аягында — августун башынан кечиктирбей жыйналууга тийш.

Кыртышты даярдоо жана картошкага семирткич чачуу. Кыртышты иштетүүнү күздөн баштоо керек. Эрте жыйналган өсүмдүктөрдөн кийин адегенде бир — эки жолу жумшартуу жүргүзүлөт. Эгерде участок маялуу болсо, биринчи жолу терендиги 5—6 см кылып айдап жумшартат. Эгер ал таза болсо, анда 10—12 см терендикте айдап жумшартат. Тайыз жумшартуу үчүн тырмоону, тереңирээкке кантаруучу айрыны, кол менен жумшарткычтар пайдаланылат. Качан гана картошканын үстүнкү бети майдаланганда, семирткичтерди чачып туруп тереңирээк айдайт.

Кеч бышуучу өсүмдүктөрдү жыйгандан кийин удаа эле айдайт.

Жазында жер кургагандан кийин коңтормону тырмайт, ал эми кыртыш жетилген кезде терендигин 18—20 см кылып кайра айдап культивациялайт.

Семирткичтердин ичинен кык, кара көң жана чиринди картошкага керектелүүчү азык заттардын эң баалуусу. Ар бири 1 м² картошканын аянтына 4—6 кг кык, же кара көң, 2—3 кг чиринди төгөт. Кык менен кара көндү күзүндө, ал эми чириндини жазында кыртышты иштетүүнүн алдында чачат. 10 м² картошканын аянтына 20—30 кг кык

жана 0,8—1 кг суперфосфат органикалык жана минералдык жер семирткичтерди аралыштырып же минералдык семирткичтердин өзүн чачуу жакшы натыйжаларды берет.

Минералдык жер семирткичтерди пайдаланганда төмөнкү жобону жетекчиликке алат. Чүй жана Фергана өрөөнүнө күзүндө айдалуучу 100 м² боз топуракту кыртыштарына 3—4 кг азот, 6—8 кг фосфор жана 1—2 кг калий семирткичи. Ысык-Көл жана Чүй өрөөнүнүн кара коңур жана боз топуракту шалбаа жерлерине, Фергана өрөөнүнүн тоо кыркаларына 2—3 кг азот, 3—10 кг фосфор 1—2 кг калий семирткичи чачылат.

Күз мезгилинде же жазгы себүү мезгилинде жетишээрлик өлчөмдө минералдык жер семирткич берилген картошканы кошумча азыктандырып кереги жок. Эгерде күзүндө же жазында, өсүмдүк начар өскөн кезде кошумча азыктандыруу сөзсүз керек. Айрыкча жаңы түйүлүп жаткан кезде берүү өзгөчө жакшы. Кечирээк берилген семирткич өсүмдүктүн илдеттерге чыдамдуулугун азайтат жана картошканын даамын начарлатат. Адатта 100 м² аянтка 1—1,5 кг азот жана 2—3 кг фосфор жер семирткичин чачат.

Тамыры жемиштерди даярдоо жана картошканы отургузуу. Күздөн баштап кылдаттык менен сактаганга карабастан тамыры жемиш өсүмдүктөрдүн бузулгандары да болот. Ошондуктан үрөндүк картошкаларды отургузаардан мурун начарларын ийри-буйруларын бөлүп тандап, салмагы 25—30, 50—80 жана 80—100 граммдыктарын бөлөт.

Жогорку түшүм алуу үчүн отургузуунун алдында өндүрүп алуу чоң маани ээ. Практикада алдын-ала өстүрүүнүн эки жолу бар: жарыкка үрөндүк картошканы 2—3 катар кылып жерге жайып 25—40 күн жарыкка кармоо, 10—15° температурада ящикке же тактынын үстүнө күндүн нуруна кармайт. Тамыры жемиш үрөндү чиринди же таарынды төшөлгөн буртка же ящикке салып 8—12 күн кармоо керек. Картошканын үрөнүнүн кыска (1—1,5 см) өскөн түйүлдүк пайда болгондо отургузат.

Тамыры жемиштерди алдын ала өндүрүп алууга шарттар болбосо, анда жылуулугу 20—25° температурада 5—7 күн, 30—35° температурада 2—3 күн кармап, жылытып алуу жакшы натыйжаларды берет. Мындай убакта үрөндө түйүлдүк байлаары менен отургузат.

Картошканы кыртыштын 10 см терендигинде жылуулук 7—8° жеткенде отургузуу ылайыктуу, көбүнчө бул убак абрикостун гүл ача турган мезгилине туура келет. Бирок бул мезгилге чейин кыртыштын физикалык абалы сапаттуу иштетилген болсо өндүрүлгөн картошканы отургуза берүү ылайыктуу. Орто жана кеч бышуучу сортторун 18—20 см терендикте жакшы айдалган кыртышка себүү ылайыктуу. Кыргызстандын жылуу райондорунда жай мезгилдеринде картошканы тигүүнүн мөөнөтү июндун биринчи жарымы болуп эсептелет.

Эрте жетилүүчү картошканын сортторун 5—8 см, орто жана кеч жетилүүчүлөрдү 2—3 см терендикке тигет. Тоолуу райондордо тайыз, өрөөндү райондордо тереңирээк тигет. Кол менен бакканда катар аралыктары 60—70 см, механикалык жол менен отургузуп бакканда — 70 см болот. Ар кандай сорттогу тамыры жемиштерди сепкенде аралыгы 25 см, орточо бышып жетилген сорттордун аралыгын 30, майдасын жүйүр, чондорун алыс отургузуу керек.

Өсүмдүктөрдү өстүрүү. Сепкенден тартып, өскөнгө чейин 20—30 күн убакыт өтөт. Бул убакыттын ичинде картошка айдалган жерди каткалап жана отоо чөптөр басып калат. Буга каршы 5—7 күндө бир жолу женил тырмоо менен тырмайт. Муну 7—8 күндө бир кайталап турат. Өсүмдүктүн бою 5—7 см болгондо культиватор же чот кетмен менен акырын түптөйт.

Өсүмдүктүн бийиктиги 15—20 см жеткенде культивацияланат жана түптөлөт. Андан 10—15 күн өткөндөн кийин гүлдөөнүн алдында дагы бир жолу түптөйт. Жумшартуу жана түптөөнү сугаттан же жаандан кийин жүргүзүү ылайыктуу, анткени, кургак топурак начар үбөлөнөт.

Ысык климаттуу райондордо картошка 4—6, тоолуу жерлерде 2—3 жолу сугарылат. Ысык климаттуу райондордо кеч бышуучу картошкалар 8—10, тоолу жерлерде 4—5 жолу сугаруу керек. Эреже катары биринчи сугат түйүлдүк байлай баштаганда, экинчиси биринчи сугаттан 12—15 күн, тоолу жерлерде 10—15 күн өткөндө сугарылат.

Жыйноо. Картошканын бышканы сабагынын соолуп кургай баштагандыгынан жана картошканын кабыгынын сыйрылбай бекем болушунан билинет. Эрте жетилүүчү картошкалар анын сабагынын бекемделе элегинде эле казылып алынат. Мындай картошкалар тез эле бузулат, ошондуктан керектөөгө жараша казылат. Эрте бышуучу картошкаларды ящиктерге, корзиналарда жана башка катуу идиштерге салып ташуу ылайыктуу, анткени, мешокко салып ташыганда кабыгы сыйрылып азыктуулугу начарлайт. Жазында себилген орто, кеч бышуучу картошкаларды сентябрдын аягында, ал эми жайында айдалганын — Чүй өрөөнүндө октябрдын биринчи, Фергана өрөөнүндө сентябрдын экинчи он күндүгүндө жыйналат.

Себилүүчү үрөндөрдү өстүрүү. Картошка мээлүүн климаттуу шарттарда өсүүчү өсүмдүк. Чүй жана Фергана өрөөндөрүнүн ысык климаттуу райондорунда өстүргөндө үрөнү тез бузулат. Ошондуктан тамыры жемиштердин үрөнүн бул өрөөндүн тоолу райондорунан көбүнчө Ысык-Көл жана Нарын областтарына өстүрүү ылайыктуу.

Үрөндүү картошканын жогорку агротехниканы колдонуу менен өстүрөт. Үрөндүк картошканы өстүрүүдө илдеткечалдыккан жана өсүүсү начар өсүмдүктөрдүн аянтчаларын 2—3 жолу тазалоо керек, ал эми жыйноо убагында түбүнөн чыккан майдаларын жана илдеткечалдыкканларын бөлүп таштайт.

Эрте жетилүүчү картошканын мыкты сортторунун үрөндөрүнөн (КирНПОЗдун жашылчачылык боюнча бөлүмүнүн маалыматтарына караганда) бир эле жайда эрте жазда себилген картошканын аңызын пайдаланып, андан

эки түшүм алууга болот. Эрте жазда мурун үрөнү өстүрүлгөн картошканы себүү ыңгайлуу.

Жазында себилген эки түшүм берүүчү өсүмдүктөрдү багуу, эрте жетилүүчү картошкаларды баккандай эле ар бир түбүнөн 5—6 дан жаракту картошка байлаганда жыйналат. Чүй өрөөнүндө бул мезгил 20—30 июнга туура келет. Кечирээк жыйналып алынган картошканын аңызына кайрадан экинчи жолу отургузуу мүмкүн эмес.

Жаңы казылып алынган картошканы экиге бөлүү анын өсүүсүнө түрткү берүүчү 10 л сууга 100 г тиомочевина жана роданистий калийин 50 г эсебинде гиберлендин эритиндисине салат.

Кыртышта үрөндү бузулуп кетүүдөн сактоо максатында, эритменин ар бир 10 литрине 500 г ТМТД кошуп 2—3 күнгө чейин аны пайдалануунун мөөнөтүн узартууга болот.

Жартысынан кесилген үрөндөрдүн ар бир түбүнүн аралыгын 15—20 см болгондой, ал эми катар аралыгын 60—70 см кылып алдын-ала сугарылган бороздолорго отургузат да, солдорго сууну жылдырып сугарат. Өсүп чыгаардын алдындагы сугат 5—7 күн мурун жүргүзүлөт.

Кошумча түрдө айдалган экинчи өсүмдүк 20—30 күндөн кийин чыгат. Себилген өсүмдүктөрдү багуу бир — эки жолу жумшартып түптөө, отоо жана 4—6 жолу сугаруу менен чектелет. Түшүмдү жыюу октябрдын башында, ал эми Ош областында экинчи декадасынын аягында жүргүзүлөт. Үрөндүк картошканы серенин астында жакшылап кургатат жана сактайт. Аларды корзиналар менен ташып, ящиктерге же контейнерлерге салып погребтерде сактайт.

Помидор, калемпир, баклажан

Помидор, калемпир жана баклажан — баалуу жашылча өсүмдүктөрү. Бул өсүмдүктөр эң жогорку азыктуулугу менен айырмаланат. Аларда кант, минералдык заттар, органикалык кислоталар жана витаминдер көп.

Помидорлорду өзүнчө, варенье, маринаддо жана соус, сок ар кандай тамактарга татымал түрүндө колдонот. Таттуу калемпирди жаңы кезинде салатка кошуп же сырьё түрүндө ар кандай жашылчаларды консервалоого, тамактарга даамын кошуу үчүн пайдаланат. Баклажандын данынан икра, сотэ жана башка консерваланган азыктүлүк даярдайт.

Помидор, калемпир, жана баклажан паслен түркүмүнө кирген, жылуулукту сүйүүчү өсүмдүктөр болуп эсептелет. Адатта аларды көчөттөр аркылуу өстүрөт, бирок Чүй жана Фергана өрөөнүнүн жылуу райондорунда помидорду көчөтсүз эле өзүнчө өстүрүү жолу менен жогорку түшүм алышат. Эреже катары, эрте жана орточо бышкан сорттор көчөттөр менен, орточо бышкан сорттор көчөтсүз жолдор менен өстүрүлөт. Бул өсүмдүктөр азык заттарга бай келген жумшак кыртыштарда жогорку түшүмдөрдү берет.

Келерки жылы помидор, калемпир жана баклажан айдалуучу участокторго күзүндө коңтормо кылып кайра айдоонун алдында минералдык жана органикалык жер семирткичтер чачылат.

Минералдык жер семирткичтердин ичинен нитрофос эсептелет. Алар 10 м² аянтка 0,8—1 кг өлчөмүндө (составында 20—23% азот жана 17—22% фосфор) берилет. Эгерде нитрофос жок болсо, ар 10 м² аянтка составында 0,5 кг мочевина же 1 кг сульфат амонийи болгон 1—1,5 кг суперфосфат берилет. Азот жер семирткичтерин, айрыкча аммиак селитрасын көп өлчөмдө берүүгө болбойт. Анткени алардын таасири менен жашылча өсүмдүктөрүндө адамдын организмине заяндуу азоттук кошундулар пайда болот.

Күзүндө органикалык жер семирткичтеринин ичинен ар бир 10 м² аянтка 30—40 кг кык же жазында 20—30 кг чиринди төгүлөт. Бирок органикалык жана минералдык жер семирткичтерди кошуп чачуу барыдан жакшы.

Помидордон арбын түшүм алуу качан гана отургузуу-

да анын ар биринин түбүнө 200—300 г чиринди жана 10—12 г суперфосфат төккөндө байкалат.

Эгерде кандайдыр бир себеп менен күзүндө семирткич берилбесе, анда участокту жазында айдоонун, көчөттөрдү отургузуунун, же үрөндү себүүнүн алдында берилет.

Көчөттөрдү отургузуу түнкү абанын температурасы 10° жогорулаганда жана жазгы үшүктүн коркунучу өткөндө жүргүзүлөт. Помидорлордун эрте жетилүүчү сортторунун көчөттөрүн Ош областынын жылуу райондорунда апрелдин 15инде, Чүй өрөөнүнүн жылуу зоналарында 25-апрелде, Ысык-Көл жана Нарын областтарында 25-майда отургузулат. Эрте жана кеч жетилүүчү сорттордун көчөттөрүн жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөттөн 5—10 күн кечирээк тигишет. Калемпирдин баклажандын көчөттөрүн орто жана кеч бышуучу помидорлорго удаа тигет.

Көчөттөр катар аралыгы 60—70 см болгондой тигилет. Эрте бышуучу калемпир, помидорлордун сортторунун катар аралыгы 20 см, орточо бышуучу помидорлордуку 25—30, баклажан менен кеч бышуучу помидорлордуку 35—40 см болот. Көчөттөрдү парниктегиге караганда 4—6 см терендикте отургузат. Өсүп кеткен көчөттөрдүн башы эки жакка ийилип кетпес үчүн солдун узатасына карата өскөндөй жантайыңкы кылып тигүү ылайыктуу.

Көчөттөрдү алдын-ала сугарылган бороздорго, болбосо кургак чуңкурларга тигип удаа сугаруу керек. Сугаруу экинчи күнү, андан кийинки сугаруулар керектүү учурларда жазында 10—15, жайында 7—10 күндөн кийин кайталанат. Адегенде чуңкурга 0,8—1 л суу куюлуп, андан кийин акырындык менен суунун ар бир өсүмдүккө чыгымдалуучу өлчөмүн 4—6 литрге чейин жеткирет да солдору боюнча сугарат.

Өсүмдүктүн жалбыректарынын каралжын тартып чүрүшө-соолуй баштаганы суунун жетишсиздигин билгизет.

Сугаттан 2—3 күн өткөндөн кийин каткалаң тарта баштаган катар аралыктарын 8—12 см терендикте жумшартуу ылайыктуу. Андан 15—20 күн өткөндөн кийин

түшүмдүү жогорулатууга көмөк катары отоо чөптөрдү арылтуу, түбүн көтөрүү менен жумшартуу кайталанат.

Эгерде жазында жана күзүндө семирткичтер чачылбаса, 2—3 жолу кошумча азыктандырылат. Биринчисин көчөттү отургузгандан 15—20 күндөн кийин, экинчисин жана үчүнчүсүн ошондой эле убакыт өткөндө азыктандырат. Жазында жана күзүндө семирткичтер жетишээрлик түрдө берилсе, кошумча азыктандыруу бир эле жолу жүргүзүлөт, же кошумча азыктандырылбайт.

Кошумча азыктандыруу үчүн ар кандай чириндилердин, канаттуулардын кыгынын жана азот-фосфор семирткичтеринин сууга аралаштырылган эритиндилери пайдаланылат. Кургак семирткичтерди өсүмдүктүн түбүнөн 10—15 см алысыраак кылып арыктарга төгөт.

Помидорлорду дачадагы жана короодогу участкаларда өстүрүүдө анын сабактары мөмөсүн көтөрө албай жатып калбоо үчүн бийиктиги 30—35 см жеткенде казыктарга же шпалерге тигинен тургандай кылып байлаштырып коёт. Байлаштыруу керек болгон учурда гана кайталанат.

Кээде помидорлордун тез бышышы үчүн де-Барао, Микадо, Премьер, Победа жана башка ага окшош сортторунун ар бир түбүнө 2—3 жалбырагын калтырып, керексиз бутактарын үзүп таштайт. Керексиз бутактардын 5 см чейинкиси үзүлүп ташталат. Мындай болгондо өсүмдүктөрдү иреттөө жана шпалерге байлоо үстү жабык кыртыштарда жүргүзүлөт.

Кыска сабактуу сорттор иреттелбестен эле өз алдынча өстүрүлөт. Өсүшүн тездетүүгө жана түшүмүн жогорулатууда — ТУ же гиббереллиндин эритиндисинен даярдалган химиялык стимуляторлорду өсүмдүктүн гүлдүү бутактарына чачат.

Помидорлордун үрөнүн сээп өстүрүүчү кыртыштарга күзүндө чачылуучу семирткичтер, көчөттөргө чачылгандай эле өлчөмдө берилет. Жаз алды менен жумшарта тырмап үрөндү 3 см чейинки терендикте катары менен себет. Өсүмдүк 2—3 сабак байлаганда, керектүү өсүмдүктөрдөн

экиден көбүрөөк түбүн калтырып суюлтат. Акыркы суюлтуу 5—6 жалбырак байлаганда жүргүзүлөт.

Себилген помидорлорду багуунун калган жолдору, көчөттөр аркылуу өстүрүлгөндөрдүкүндөй эле.

Калемпир менен баклажандардын өсүп жетилүүсү, помидорлордукундай эле, бирок помидорго караганда тез сугарылып турат, ансыз даны майдаланып жана катуу болуп кетет.

Помидорлор улам бышканына карата жыйналат. Таттуу баклажан менен калемпир анчалык быша электе, ал эми ачуу калемпир кыпкызыл болгондо жыйнайт.

Ош областында помидорлордун төмөнкү сорттору: эрте бышуучу — Утро, орто бышуучу — Подарок, кеч бышуучу — Кыргыз, консервалоо үчүн — Новинка Приднестровая, бир убакта жыйнап алуу үчүн Ермак жана Факел өстүрүлөт. Чүй өрөөнүндө, жогоруда аты аталгандардан башка эрте бышуучу Талалихин 186, орточо — Глория жана Волгоград 5/95 сорттору сунуш кылынат. Талас жана Ысык-Көл өрөөнүндө эрте бышуучу — Утро жана Талалихин 186 сорттору гана сунуш кылынат.

Мурчтардын сортторунан: таттуу — болгардык 79, Крупный желтый 903, Бируинторул 65, Падарок Молдавы, ачуу — Астрахандык 629, Слоновой хобот 304, баклажандын сортторунан — Дон 14 жана түшүмдүү Дондук сорттору өстүрүлөт.

Бадыраң, ашкабак, кабачки, паттиссондор

Бадыраң, ашкабак, кабачки жана паттиссондор ашкабактын түрлөрүнө кирет. Ал жылуулукту жана нымды сүйүүчү өсүмдүк. Көлөкөдө начар өсөт жана түшүмү төмөндөйт. Бадыраңдын начар жана кыртыштын үстүнө карай жайгашкан тамырларынын айрыкча гүлдөө жана түйүлдүк байлоо мезгилдеринде нымга болгон талабы күчөйт. Кыртышта нымдын жетишсиздиги бадыраңдын ачуу

болуп калышына алып келет, жаңы байлай баштаган түйүлдүктөрү солуп түшүп калат.

Ашкабактын түрлөрүнө кирген өсүмдүктөр кыртыштын түзүлүшүнө жана азык заттарына бай болушуна чоң талап коёт жана органикалык семирткичтер жетиштүү болгон жумшак кыртыштарда арбын түшүм берет. Ошондуктан Кыргызстандын бардык райондорунда семирткичтерди чачуу алардын түшүмүн кыйла көбөйтүүнү жана сапатын жакшыртууну камсыз кылат. Айрыкча күз мезгилдеринде ар 10 м² аянтка 40—60 кг кык, 1—1,5 кг суперфосфат чачуу жакшы натыйжаларды берет.

10 м² аянтка жалаң гана минералдык жер семирткичтерден 1,5—2 кг нитрофос, же 0,5 кг мочевина кошуу менен 1,5—2 кг өлчөмүндө суперфосфат чачуу — түшүмдү кыйла көбөйтөөрү байкалды. Кошумча азык катары азот-фосфор жер семирткичин чачуу жакшы натыйжаларды берет.

Бул өсүмдүктөр үчүн кыртышты даярдоо — терендиги 25 см болгон коңтормо айдоо менен күз башында жүргүзүлөт. Жазында кышкы нымды сактоо максатында малаланат.

Ашкабак түрүндөгү өсүмдүктөр кеч себилишине байланыштуу, участокту отоо чөп басып кетсе, анда себүүгө 3—5 күн калганда терендигин 18—20 см кылып кайра айдаш керек. Бадыранды короодогу участокторго көчөттөр аркылуу же кыртыштын өзүнө эле үрөндү себүү жолдору менен өстүрүшөт. Картошка себүүнүн жакшы мезгили: Ош областынын райондорунда апрелдин орто чени, Чүй өрөөнүндө — апрелдин аягы, Ысык-Көлдүн батыш тарабында 5—10-май, чыгышында жана Талас өрөөнүндө 7—15-май, Нарын областында 10—20-май болуп эсептелет. Бадырандын үрөнүн себүүнү (10 күн) кечеңдеткенде, анда эрте берүүчү түшүмүн кыйла төмөндөтөт. Бадырандын күзүндө туздалуучу сортторун себүү Ош областтында июндун 1—2 он күндүгүндө, Чүй өрөөнүндө майдын аягында, июндун башында жүргүзүлөт.

Ашкабактын, кабачкинин жана патиссондун уругу жазында эле бир жолу себилет. Себүүнүн схемасы катар же түз багытта болушу мүмкүн. Бадыранды кыска чырпыктуу (Успех 221 тибиндеги) сортторун 90+50×15—20 см же 70×15—20 см, узун чырпыктууларын — 140+70×18——20 см схемасында себүү ылайыктуу. Ашкабактын узун чырпыктуу сортторун себүүнүн жакшы схемасы— 3×1,4 м, кабачкинин жана патиссондун түптүү формасы ар бир түбүндө 1—2 өсүмдүк болгон 140+70×70 см же 70×70 см схемасы эсептелет. Бадыранды үрөнүн 3—4 см, ашкабактын 4—5 см терендикте отургузат.

Өсүмдүктө 1—2 кадимки жалбыректары пайда болгондо суюлтуп, 3—4 жалбырак пайда болгондо экинчи жолу суюлтулат. Экинчи суюлтууда өсүмдүктүн катар аралыктарын жумшартып, отойт жана азыраак түбүн көтөрөт. Ушул убакта кошумча азыктандыруу ылайыктуу, айрыкча суюк кылып даярдалган кык же канаттуулардын кыгы аралашкан суюк семирткичти колдонуу жакшы.

Ашкабак түркүмүндөгү жашылча өсүмдүктөрү — эки айрык гүлдөгөн бирдей өсүмдүк. Көпчүлүк убактарда эң башкы сабагында чандаштыруучу гүлдөрү өсөт, ал эми төмөнүрөөк жагындагы шагында чандашуучу энелик гүлдөрү өсөт.

Бутактарынын тез өсүшү үчүн 6—7 кадимки жалбыректары пайда болгондо ортоңку сабагынын учтарын кесип таштайт. Бадыранларды ачык кыртышта өстүргөндө ага катар өсүүчү өсүмдүктөр да өстүрүлөт. Керегелерге узата тартылган зымга өсүмдүктөрдүн аралыгын 20—30 см болгондой кылып тигинен байлап коёт.

Бадыранды аралыгын 70—80 см алыстыкта себет. Үчүнчү жалбыректары өсүп чыкканда эң учун кыркып таштайт. Жакшы өскөн бутактары: жалбыректуу болсо, бийигинен тик өстүрүлөт, ал эми калган шактары тик өсөт.

Качан гана башкы сабагы зымга жеткенде анын да учу кыркылат. Ошентип калган сабагы да жогору өскөн-

гө чейин улантылат. Боорундагы сабактары (түйүлдүк байлангандан кийин) экинчи же үчүнчү жалбырагынын үстүнөн кесилет. 2,5—3 айдан кийин сабактарында жалбырактары болбой калганда, аны жерге түшүрүп, топурак менен көөмп коет.

Бадыранды сөзсүз түрдө кошумча азыктандыруу керек. Семирткичтер катары канаттуулардын жана малдын кыгын минералдык семирткичтерге кошуп, сууга аралыштырып суюк түрүндө пайдаланат.

Өсүү мезгилинде 2—4 жолу катар аралыктары жумшартылып отоо чөптөрү арылтылат жана түбү көтөрүлөт, керексиз бутактары кыркылат. Ошондой эле башка жашылчаларга караганда аз-аздан бирок, тез-тез сугарылып турулат. Түшүмдү жыйноо мезгилдеринде сугаттын аралыгы Чүй өрөөнүндө жана Ош областында 4—5, Ысык-Көл ойдуңунда 7—8 күндөн ашпоо керек. Ашкабак 10—15 күндөн кийин сугарылып турат. Бадыранды, кабачкинин жана патиссондун үрөндөрү күнүгө эртең менен жыйналат, бирок эки суткада бирден кем эмес жыйналууга тийиш. Ашкабакты үшүккө жеткирбей, жалбырактары бүт куурап калган кезде бир эле жолу жыйнайт.

Ашкабак түрүндөгү өсүмдүктөрүнүн төмөнкү сортторун өстүрүү сунуш кылынат: Бадырандыкынан: Ош областында эрте бышуучу — Успех 221, Шедрый 118 жана Конкурент, (универсалдуу багытта) салатка жергиликтүү Маргелан, туздоого — Донской 175, Победитель. Чүй өрөөнүндө жогорку аты аталгандардан башка туздалуучу — Урожай 86 сорту. Ысык-Көл өрөөнүндө — Успех 221, Конкурент жана Урожай 86. Талас өрөөнүндө, Ысык-Көлдө райондоштурган сортторго кошуп жергиликтүү Маргелан жана Победитель сорту өстүрүлөт. Нарын областында эрте бышуучу Успех 221 жана Конкурент сорту өстүрүлөт.

Ош областында жана Чүй өрөөнүндө ашкабактын Кашкардык 1644 жана Рекорд сорттору райондоштурулган.

Ош области, Чүй өрөөнү жана Ысык-Көл областында

кабачканын Гректик 110 сортун өстүрүү сунуш кылынат. Патиссонду өстүрүүгө мүмкүн болгон бардык райондорунда, анын Белый 13 деген сортун өстүрүү натыйжалуу.

Капуста

Капустанын 7 түрү белгилүү. Даректүү (ак жана кызыл даректүү), савойдук, гүлдүү, жалбыректуу, кольраби, брюсселдик, пекиндик.

Капустанын бардык түрлөрү витаминге бай, айрыкча «С» витаминине (аскорбин кислотасы) жеңил сиңирүүчү формада углеводдор, минералдык (калий, кальций, фосфар ж. б.) туздар бар.

Тамакка баалуулугу боюнча азырынча капустанын аз таралган айрым түрлөрү белгилүү. Ак даректүү гүлдүү жана жалбыректуу капустага караганда брюселдик сортунда «С» витамини үч эсе көп. Ошондой эле савойдук, пекиндик, кызыл даректүү жана кольраби капусталарында да аскорбин кислотасы көбүрөөк экендиги менен айырмаланат.

Капуста эки жылдык өсүмдүк. Биринчи жылкы өсүүсүндө дарак байлайт, экинчи жылы үрөн алынат. Капуста суукка чыдамдуу келип, абанын жана кыртыштын нымдуулугун өзгөчө талап кылат. Ал үчүн мелүүн климат баарынан ыңгайлуу, ошондуктан Кыргызстандын тоолуу райондорунда өстүргөндө арбын түшүм алынат.

Республиканын калкы негизинен ак даректүү капустаны өстүрүшөт. Кийинки жылдары гүлдүү жана кээ бир аз тараган капусталарга калктын талабы артууда жана ал жашылча өндүрүү көбөйгөнүнө байланыштуу аны өстүрүү да арбыды.

Ак даректүү капуста. Капусталар үчүн участокту күз башынан даярдайт. Айдоодон мурун аңыздагы өсүмдүктөрдүн калдыктарын тазалап, ар 10 м² аянтка 40—60 кг кык 0,3—0,6 кг азот, 0,5—0,7 кг фосфор, 0,1—0,2 кг калий

жер семирткичи чачылат. Эрте бышып жетилүүчү капусталарга кыктын ордуна чиринди (20—30 кг) төгүү жакшы.

Органикалык семирткич жок болсо, жалаң эле минералдык 0,5—0,6 кг өлчөмүндө азот, 0,7—1,0 кг фосфор жана 0,15—0,2 кг өлчөмүндө калий семирткичтери берилет. Чиринди жазгы айдоо менен кошо же өсүмдүк тигилүүчү бир чуңкурга (0,5 кг эсебинде) салынат. Картошканын терендигин 25—30 см кылып күзүндө, ал эми жазында терендигин 15—20 см кылып кайра айдайт жана жакшылап малалайт.

Тез бышуучу капустанын сортторунун көчөттөрүн эрте жазда — Чүй өрөөнүндө жана түштүктө 15—25-мартта, бирок 10-апрелден кечиктирбей, тоолуу райондордо 15-апрелден 10 майга чейин, орточо бышуучуларын 15—25-июнда отургузат.

Көчөттөрдү мурун сугарылган чуңкурга эң ылдыйкы жалбырагына чейин жеткире тигет. Өсүмдүк тигилгенден кийин дагы сугарат. Жакшы жанданып өскөндөн 2—3 күн өткөндө кайрадан сугарылып турат.

Отургузуунун схемасы. Тез бышуучу сорттор үчүн катар аралыктары 25—30 см, орточо жана кеч бышуучулардыкы 40—50 см болот. Андан коюраак отургузуу азык заттарына бай кыртыштарда жүргүзүлөт.

Өсүмдүк жакшы тамыр алганда (отургузгандан 8—10 күн өткөндө) биринчи жолу минералдык (азот, фосфор) ошондой эле органикалык жана минералдык семирткичтердин аралашмасы (суюк, кык, канаттуулардын кыгы, коровьяк) менен дарек байлай баштаганда экинчи жолу кошумча азыктандырылат. Минералдык семирткичтердин өлчөмү 10 м^2 аянтка 0,15—0,2 кг берилет. Коровякты жана канаттуулардын кыгын пайдалануунун алдында сууга 7—10 эсе, суюк кыкты 3—4 эсе көбүрөөк кошуп аралаштырат. Мындай семирткичти берүүнүн нормасы солдун ар 1 погондук метрине 1,5—2 л семирткичти өсүмдүктөн 5—7 см алыстыкта жумшартуунун алдында берет.

Андан кийинки багууларга: сугаруу, отоо чөптөрдөн

арылтып жумшартуу, илдеттер жана зыянкечтер менен өз убагында күрөш жүргүзүү кирет.

Эрте бышып жетилүүчү капусталар 4—6 жолу, орточо бышуучулар — 9—13 жолу сугарылат. Сугаруунун саны жана анын нормасы сууга жакын жана саздак жерлердеги кыртыштарда азыраак, боз топуракту жана кара коңур жерлерде көбүрөөк. Кыш мезгилдеринде көпкө чейин сактала турган капусталарды сугаруу, түшүмдү жыйганга эки жума калганда токтотулат.

Капустанын үрөнүн сээп өстүрө турган кыртыштар күзүндө себүүнүн алдында кылдаттык менен даярдалат. Себүүнүн схемасы көчөттөрдү отургузуу жолу менен өстүргөндөй эле. Жаш өсүмдүктөрдү жалбырагын жеп жиберүүчү кайчылаш түстүү кенелерден сак болуу керек.

Өнүп чыккан өсүмдүктөр сөзсүз суюлтулат — биринчиси эки жалбырак пайда болгондо (ар түбүнө 2—3 төн өсүмдүк калтырылат), экинчиси 5—6 жалбырак байлаган кезде биротоло суюлтулат. Суюлтканда жакшы өскөн өсүмдүк калтырылат. Акыркы суюлтууда алынып ташталган өсүмдүктөрдү жаңы участокторго жана ала болуп калган жерлерге тигүү үчүн пайдаланса болот. Өсүмдүктү багуунун калган жолдору, көчөттү отургузуп бакканды-кындай эле.

Капустаны дареги чоңоюп нык болуп, ал эми кабыкчасы жалтырап агыш тартып калганда жыйнайт. Кышка сактай турган даректердин сыртына 2—3 кабыкчасын түбүнөн 5—6 см калтырып кесип алат же тамыры менен казат.

Кыргызстанда ак даректүү капустанын 7 сорту райондоштурулган, алар тез жетилүүчү биринчи номердеги 147 жана Июндук орто бышуучу — Слава 1305 жана Надежда, орто бышуучу —Кыргызстандык жана Судья 146 жана чоң даректүү кеч бышуучу сорту.

Гүлдүү капусталар өсүп жетилүүчү мезгилдерде азык заттарын көп талап кылат.

Эрте бышуучу ак даректүү капусталарды өстүрүү үчүн

аны карапага өстүрүлгөн көчөттөрдү өз убагында тигүү керек. Отургузуунун схемасы 60×20—25 см. Багуу эрте бышуучу ак даректүү капустаныкындай эле.

Гүлдүү капустаны жай күз мезгилдеринде да экинчи өсүмдүк катары көчөтсүз өстүрүүгө да болот. Гүлдүү капустанын башы ак болушу үчүн анын 1—2 жалбырагын үзүп салып үстүн көлөкөлөп жаап коёт.

Кыргызстанда Ата мекендик орточо жана эрте бышуучу сорту райондоштурулган. Өлкөдө андан башка тез жана орточо бышып жетилүүчү (Урожайная, Мовир 74, Прогресс, Гарантия, Ранняя Грибовская 1355 ж. б.) сорттору кеңири таркалган. Огородду сүйүүчүлөр көрсөтүлгөн сортторду өздөрү айдап көрүп, анын ичинен каалагандарын тандап алса болот.

Кольраби. Бул сортто «С» витамини арбын, ошондуктан аны «түндүктүн лимону» деп аташат. Тез бышканды-гы менен бааланат. Даректүү капусталардын бардык сорттору-на караганда 10—12 күн эрте бышат.

Кольраби чийки кезинде пайдалуу. Аарчылып, туздалган жана каймак кошулган чийкиси диетикалык тамак болуп эсептелет. Ошондой эле куурулган жана бышырылган түрүндө май жана сухар менен кошо желет, андан сорпо да даярдалат.

Эрте бышуучу капуста үчүн мурун көчөтү ак даректүү капустанын көчөтүн өстүрүүнүн мөөнөтүндөгүдөй эле даярдалат.

Аны 2—3 сап кылып, экинчи солдон аралыгы 45 см алыстыкта саптарынын арасы 20 см болгондой тигет. Багуусу эрте жетилүүчү капустаныкындай эле. Сабагына дан байлоочуларды зыянкечтерден жана күн мурунтан жарылуудан сакташ үчүн сабагын жерге тийгизбөө керек. Кольраби сорту өтө нымдуулукту жана өтө кургакты сүйбөйт, ошондуктан аны аз-аздан, тез-тез сугарып туруу жакшы. Ашыкча кургатып жиберсе катып кетет жана сабагынан дан байлоочулар сапатын начарлатып жиберет.

Кольбаринин өсүп жетилүү мезгилинин кызыкчылыгы

жана аз гана аянттан сабизге, пиязга, көчөтсүз помидорлорго жана башкаларга кошуп өстүрүүгө мүмкүндүк түзөт.

Эрте бышуучу сабагына дан байлоочу өсүмдүктөрдүн диаметри 7—10 см болгондо жыйнайт. Эгерде жыйноону кечиктиргенде сабагы дандуулар катып, даамдык жана тамакка жарамдуулук сапатын жоготот.

Суныш кылына турган Венская белая 1350 сорту. **Брюсель капустасы** пайдалуусу. Капустанын ичинен пайдаланылуучу брюсель капустасынын дареги кичине 2—2,5 см гана болот. Анын ар бир түбү 40 тан 60 чейин түп дарек байлайт. Алар назик, даамдуу сапаты менен айырмаланат. Анда 141, 9 мг чейин «С» витамини бар.

Брюсель капустасы — 10° чейинки температурадагы суукка чыдайт. Багууга болгон талабы ак даректүү капустаныкындай эле, бирок жаңы кыкты семирткичке кошуп чачпайт. Ошондуктан органикалык семирткич катары кара көң менен кык аралашкан компост жана чиринди колдонулат. Жарыкты өтө талап кылган өсүмдүк, ошондуктан коюу сээп отургузууга болбойт. Эрте бышуучу капусталарды кошо сээп, көчөттөрдү тигүү ыкмасы менен өстүрүүгө да болот.

СССРде — Геркулес 1342 сорту райондоштурулган.

Кызыл даректүү капустада цианидин көбүрөөк болгондуктан жалбырагы жана дареги кызгылт-көгүлтүр түсү менен айырмаланат. Аны өзүнчө (салатка) жана маринаддалган түрдө пайдаланат. Ак даректүү капусталардыкындай эле көчөтсүз жана көчөт тигүү ыкмасы менен өстүрөт.

СССРде каменная голова 447, Гако, Михнёвская сорттору райондоштурулган.

Савой капустасында даректүү капустага караганда кургак заттар, белок, «С» витамини жана минералдык туздар көбүрөөк болот. Башка капусталардын түрлөрүнөн айырмалуулугу, анда каротин, горчица майы, фитонциддер арбын. Ошондуктан жаңы кезинде тамак үчүн ылайыкталган.

Өстүрүүнүн технологиясы ак даректүү капустаныкы сыяктуу. Жогорку түшүм алууга өз убагында сугаруунун, ысык күндө жасалма жаан жаадыруу менен салкындатуунун мааниси чоң.

Ашкана жашылчалары

Тамыры жемиш жашылчалардын ичинен кыйла тарагаңы ашкана кызылчасы, сабиз жана чамгыр болуп эсептелет. Бул өсүмдүктөр тамакка өзгөчө жарамдуулугу жана дарылык касиеттери менен өзгөчөлөнөт.

Айрыкча сабиз каротини (провитамин А) көптүгү менен айырмаланат, ал эми кызылча адамдын организминде азык заттарын жөнгө келтирүүчү бетаин — заттары менен өзгөчө ролду ойнойт.

Кызылчадан жасалган тамак, жүрөктүн иштешин жакшыртат жана склероз болгон тамырларга пайдалуу.

Тамыры жемиштерден чамгыр менен трупта витаминдерден башка, организмдеги зыяндуу заттарды тазалай турган минералдык туздар көптөгөн физиологиялык жегич туздар бар. Тамыры жемиш болуучу трупта, ага өзүнчө жагымдуу ачуу даам берип турган фитонцит жана эфир майы бар.

Ашкана жашылчаларынан сабиз, кызылча, труп көпкө чейин сакталат жана пайдалуу.

Тамыры жемиштер өсүмдүктөр терең катмардуу кыртышта жакшы өсөт, себеби, оор топурактуу кыртышта катар аралыктары начар иштетилет, түзүлүшү жана формасы бузулат, түшүмдүүлүгү кескин түрдө төмөндөйт.

Күзүндө аңыз өсүмдүктөрдүн калдыгынан толук тазалангандан кийин, айдоонун алдында ар 10 м^2 участокко 300 г суперфосфат, 150 г калий кошулган 24—30 кг чиринди же компост семирткичи берилет.

Ашкана жашылчаларын пайдалануунун мөөнөтүн узартуу максатында аларды жазында, жайында жана кышка карата себүү жүргүзүлөт. Кыш алдында жана эрте жаз-

да себүү эрте продукция алыш үчүн, ал эми жайкы себүү — кышка сакташ үчүн колдонулат. Жайында айдалган сабиз, ашкана кызылчасы келерки түшүмгө чейин сакталат.

Тамыры жемиштердин үрөнүн жазында мүмкүн болушунча эртерээк, же Чүй өрөөнүндө 10—25-мартка, ал эми бийик тоолуу зоналарда 10—30-апрелде, жайкысы ошондой эле 10—20-июнда, 20-июндан — 10-июлга жана 15-майдан 10-июлга чейин себилет.

Чүй өрөөнүндө жана түштүктө кургатылган үрөндөр суук түшүп калганда ноябрь — декабрдын башталышында жүргүзүлөт. Бирок жылуулук узакка созулган жылдары анын таасири менен өнүп кетет, ошондуктан кыш алдында себилүүчү өсүмдүктөр начар өсүүчү сабиздин Нантскую 4, кызылчанын Бордо 237 сортторун себүү керек.

Чүй өрөөнүндө жана түштүктө трупту 25-июлдан — 15-августка, бийик тоолуу зооналарда 10—30-апрелде жана 30-майдан 10-июнга чейин себет.

Чамгырды болсо узак убакыт пайдалануу үчүн арасынан 10—12 күн өткөрүп бөлүп, эрте жазда, талаачылык жумуштардын башталышында себет. Чүй өрөөнүндө жана түштүктө жайкы себүү колдонулбайт, анткени, жогорку температурада продукциянын түшүмү жана сапаты начарлайт.

Коллективдүү жана үйдүн жанындагы огороддо саптардын аралыгын 7,5 см 3—5 саптуу схема менен туташ себет. Үрөндү расходдоо 10 м² аянтка сабиз 6—8 кг, кызыл кызылча 12—15, труп 4—5, чамгыр — катар сепкенде 7—8 жана удаалаш сепкенде — 15—20 кг өлчөмүндө болот.

Кыштын алды менен (кызыл кызылча жана сабиз) себүүнүн нормасы 15—20% ке көбөйтүлөт. Кыштын алдында жана жазында себүүдө кыртышка чиринди же кара көндү кошуп жумшартат.

Эрте жазда себүү түздөтүлгөн талаада, ал эми жайында жана кыш алдында кырдалган солдорго жүргүзүлөт.

Жайкы себүүдө өсүмдүк өсүп чыгаарга чейин солдордо ным сактоо, ал эми кыш алдында өсүп кетүүсүнө жол бербөө максатында сугарылат.

Биринчи жолу суюлтуу, кызылчада 1—2, сабиз менен трупта 3—4 жалбырак байлаганда экинчи жолу, биротоло биринчи суюлтуудан 20—30 күн өткөндөн кийин, ар бир 4—5 см жерде бирден кызыл кызылча — 8—10 см, трупту — 1—15 см жерде бирден калтырып суюлтат. Экинчи жолу суюлтуудан жулунуп алынган өсүмдүктөр тамак ашка пайдаланылат.

Чамгырды суюлтуу 1—2 жалбырак байлаганда, ар бир тез бышуучу сорттогу өсүмдүктөрдү 3—4 см аралыкка, кеч бышуучулардан 5—6 см аралыкка бирден өсүмдүк калтырып суюлтат. Коюу болуп калса сабактары өсүп дан байлабай калат.

Тамыры жемиштер өсүп жетилүү мезгилинде кыртыштын бир калыпта болушун талап кылат. Кечендетип сугаруу өсүмдүктүн данынан жарылып кетүүсүнө алып келет. Ошол эле учурда нымдын көп болушу илдеттердин көбөйүп кетишине өбөлгө болот.

Өсүүнүн биринчи мезгилдеринде жана данынын пайда болуп жаткан кездеринде 10—15 күн өткөндө, ал эми даны чоңое баштаганда 8—10 күндө бир жолу сугарат. Эгерде тамыры жемиштерди кышка сакташ үчүн өстүрсө, анда түшүмдү жыйноого 2—3 жума калганда сугатты токтотот. Сугаттан кийин тоборсуур замат жумшартуу керек.

Кыртышта азот жетишсиз болуп, өсүмдүк начар өсүп жана күңүрт түстүү болсо, анда чөп-чардын чириндисине (1 : 8) эсебинде, канаттуулардын кыгына (1 : 10) эсебинде ар 10 л сууга 15 г аммиак селитрасы же мочевина кошулган аралашмадан даярдалган органикалык семирткичтер чачылат.

Кошумча түрдө берилүүчү мындай семирткичтер өсүмдүктөн 7 см алыстыкта 10 погондук м аянтка 10 л өлчөмүндөгү аралашма өсүмдүктүн солдоруна чачылат. Ошондой эле минералдык семирткичтерден хлордуу кальций

жана аммиак селитрасы же мочевина теңме-тең аралаштырылган суперфосфатты чачуу (1 пог, м ар бир минералдык жер семирткич) натыйжалуу.

Эрте жазда жана кыш алды менен себилген өсүмдүктөрдүн түшүмүн июнь-июлда, ал эми жайкы мөөнөттө себилгендериникин октябрда жыйнайт. Адегенде кызылчаны, андан кийин суукка чыдамдуу болгон сабиз менен трупту жыйнайт. Эрте жазда себилген чамгырды майда, андан кийин бышканына жараша калгандары жыйналат.

Казылаар менен баш жагындагы жалбыректары кесилип, сактоого жарамсыздарын бөлүп сорттойт.

Кыргызстанда сабиздин 4 сорту райондоштурулуп өстүрүлүүдө. Алар: Нантская 4 (тез бышуучу), Мирзои красная 228, Мирзои желтая 304 жана Шантанэ 2461 (орточо бышуучу жана ысыкка чыдамдуу), кызыл кызылчанын 2 сорту — Египетская плоская (тез бышуучу), Бордо 237 (орто бышуучу), чамгырдын 3 сорту — Вировский белый (тез бышуучу), Дунганский местный (кеч бышуучу), Красный великан (орточо бышуучу), труптун 1 сорту — Маргеланская местная.

Пияз жана чеснок

Пияз менен чеснок кеңири таркаган жашылчалардан. Аларды өзүнчө, ар кандай тамактарга татымал даярдоого колдонот. Ошондой эле консерва өнөр жайында, медицинада пайдаланат. Бул жашылчаларда көп болгон эфир майы, жана фитонцид, адамды грипп оорусунан сактайт, организмдин башка инфекциялык ооруларга туруктуулугун күчөтөт.

Алар адамдын ичтейин ачат да, тамак сиңирүү бездеринин иштешин жөнгө салат.

Азыркы кезде пияздын 400 түрү бар. Баарынан кеңири таркаганы баш пияз, шалот, батун жана порей.

Баш пияз — эки жылдык өсүмдүк. Биринчи жылы баш байлайт, экинчи жылы үрөнү пайда болот жана азык зат-

тарына бай келет. Кыртышты жакшылап иштетүүгө өзгөчө талап коет.

Мурунку өсүмдүк жыйылаары менен күз башынан кыртышты даярдайт. Участоктун терендигин 25—28 см жеткирип айдайт да, жазында жакшылап малалап түздөйт.

Күзүндө участоктун ар 10 м² жерине 20—30 кг чиринди, 03—04 кг фосфор жана 0,1—0,15 кг калий, ал эми жаз алды менен 0,15—0,20 кг фосфор жана 0,1—0,15 кг азоттук семирткичтерди чачуу сунуш кылынат. Эгерде органикалык жер семирткичтер болбосо, жалаң гана минералдык 0,8—1,0 кг фосфор жана 0,1—0,15 кг азот семирткичи чачылат.

Чүй өрөөнүндө жана республиканын Түштүк райондорунда пиязды үч мөөнөттө эрте жазда, жайында жана кыш алдында, ал эми түндүгүрөөк райондордо бир гана жолу эрте жазда себилет.

Узак убакытка чейин сактала турган пиязды эрте жазда — мартта — апрелдин башында себүү ылайыктуу. Жайкы себүү августта, кыш алдында себүү ноябрда же декабрда жүргүзүлөт.

Эрте жазда себүүнүн нормасы 10 м² аянтка 8—10 г жайында жана кыш алдында себүү 12—14 г.

Себүүнүн ыкмасы — туташ себүү жана саптарынын арасынын аралыгын 7,5 см кылып эки катар себилет. Кеңири тилкелер аркылуу себүү жакшы, мында үрөн тилкелердин аралыгы 45 см, туурасы 8—15 см болуп себилет.

Пиязды сезонунда 2—3 жолу отоп, эки жолу суюлтулат — биринчи жолу 1—2 жалбырак байлаганда, экинчиси 20—25 күн өткөндөн кийин жүргүзүлөт. Суюлткандан кийин азот жана фосфор жер семирткичтеринен 10 м² аянтка 0,1—0,15 кг чачылат.

Августта себилген пиязды өнүп чыкканда удаа эле 4—5 күндө бир жолу, эрте жазда айдалгандарды жазгы жаан токтогондон кийин сугарат. Өсүүнүн биринчи күндөрүндө тез-тез сугарат, экинчи сугаттын аралыгы 10 күнгө чейин узартылат. Өсүмдүктүн өсүү мезгилдеринде бардыгын 10—

12 жолу сугарат да, түшүм жыйналганга бир ай калганда токтотот.

Пиязды ачык күндөрү, сабагы жерге ийилип жата баштаганда жыйнайт. Пияздын баштарын (8—10 күн) кургатып учунан 3—5 башты калтырып сабагын кесип таштайт. Кээде сабагын кеспестен эле топ-топ кылып боолап коёт.

Республикада пияздын Заря, Каратал, Испандык 313 сорту өстүрүлөт. Заря жана Каратал сортторунда эфир майынын болушуна карата анын ачуулугу орточо. Испан 313 сорту таттуу группаларга кирет.

Пияздын көчөттөрүн отургузуунун жолу пияздын көчөттөрүн талаага отургузаардан 40—50 күн мурун анын үрөнүн парниктерге же өзүнчө участкаларга себет. Ар бир (1,5 м²) рамага болжол менен 4000 көчөт бергендей кылып 0,2 гектар жерге жете тургандай 25 г үрөн себет. Көчөттөрдү отургузаардын алдында сугарат. Отургузуу үчүн тандалып алынган өсүмдүктүн узундугу 2 см калгандай кылып тамырын кесип, жалбырагынын да бирден үч бөлүгүн кесет.

Көчөттөрдү парниктегиге караганда мурдатан даярдалган анчалык терең эмес солдорго аралыгын 4—5 же 6—8 см кылып (сортуна жараша) тигет.

Солдорду көчөт отургузууга чейин кандыра сугарат.

Көк пиязды өндүрүү. Көк пиязды өстүрүү үчүн көчөт катары баш пияздын майда (тандалган) түптөрү пайдаланылат. Баш пиязга караганда: кыйла назик сабактарды шалот-пиязы, көп жалбыраktуу (батун ж. б.) пияздары берет.

Тандалып алынган пиязды ачык жерлерге өстүрүү үчүн эрте жазда жер кыртышы айдоого жараган кезде, күзүндө, (1-октябрдан 15-октябрга чейин) кыш алдында отургузат. Эрте жазда эгиле турган пияздарды температурасы 18—20° болгон жылуу жайларда же өнүп кетүүдөн сактоо максатында төмөнкү температурада сактоо керек. Кыртышка жетишээрлик өлчөмдө органикалык жана минералдык жер семирткичтер чачылат.

Пияздын сабагын тез өстүрүү үчүн мурунтан өстүрүп алуу ылайыктуу. Ал үчүн жылуу жайларда пияздын майда түптөрүн суулап алып, жука катмарда жерге жаят жана сууланган мешок менен жабат. Качан гана түбүнөн үч тарам болуп көгөрүп өсүп чыга баштаганда отургузат. Пияздарды участкага туурасы 1 метрден ашык эмес, катар аралыгын 45—60 см кылып жал-жал кылып отургузат.

Күзүндө 5—7 см жазында 3—4 см терендикте тигет. Жакшы агротехникалык негизде даярдалган участокторду өсүмдүк анчалык багууну талап кылбайт. Мында өсүү мезгилинде бир эле жолу азот семирткичин (1 м² аянтка 70 г) берүү керек.

Көк пияздын тез өсүүсү үчүн полиэтилен пленкаларын жабууга ыңгайлуу керегелер жасалып, үстүн жаап коет.

Шалот пиязы. Бул түштүктө өскөн баш пияздын бир түрү. Аны да жабык жана ачык кыртыштарда көк пияз үчүн, ал эми түндүгүрөөк жактагы райондордо — баш пияз алуу максатында өстүрөт. Шалот тез жетилип бышкандыгы менен айырмаланат жана эң жумшак пияз берет.

Пияздын башы чоң болбойт, бирок 6—7 ден түп алышы ыктымал. Пияздын башы жеңил болот. Сортуна жараша ачуу, жарым ачуу жана таттуу болот.

Шалотту багуунун агротехникасы баш пиязды өстүргөндөй эле. Үрөнүн өстүргөндө бир түбүнөн 3—5 баш байлайт, ал эми өсүп жетилүү мезгилдеринде бутактары ар бир түбүнө 25—30 дан баш байлайт.

Русский фиолетовый 729, Краснодарский 583, Кубанский желтый, Ванский, Казакстанда — Алма-Атинский, Первомайский сорттору кеңири таралган.

Батун пиязы — көп жылдык өсүмдүк, ал көндөй трубкалуу сабак байлайт. Мунун көк сабак алуу үчүн өстүрөт, ал эрте жазда кар алдында да өсө берет. Жай айларынын кайсы гана мезгилдери болбосун узундугу 25—30 см жеткенде кыркып алып пайдаланат. 1 м² аянттан

3—4 кг түшүм алат. Үрөнүн себүү жана түбүн бөлүп тигүү жолу менен көбөйтүлөт. Эрте жазда жана кыш алды менен себилет. Себүү түз ленталуу көп саптуу ыкма менен жүргүзүлөт. Себүүнүн нормасы ар 10 м² аянтка 15—18 г. Бир жерде 2—4 жыл өсүшү мүмкүн. Экинчи жылы жебе байлайт, аны улам пайда болгон сайын үзүп таштоо ылайыктуу.

Батундун эки жылдыгын өстүрүү практикалануунда, мындай өсүмдүктү сабагын кеспестен түбү менен чогуу жыйналат. Күз жана кыш мезгилдеринде көк пияз үчүн жабык жайларда өстүрүп алса болот.

Батун пиязынын Грибовский — 21, Майский 7, Одесский 35 сорттору бар.

Порей пиязы — өсүү мезгили токтолбогон эки жылдык өсүмдүк. Жалбырактары кеч күзгө чейин өсөт, ал эми түштүк райондордо өсүүсү токтолбойт. Жаш кезинде толугу менен тамакка пайдаланат, өсүп жетилген кезинде сабагын пайдаланышат.

Порейди күзүндө (август — сентябрь) жана эрте жазда өстүрөт. Күзүндө себилген порей жакшы сабак байлагандыктан, ал толугу менен тамакка пайдаланылат.

Багуу негизинен чыккан өсүмдүктү суюлтуу: өз убагында жумшартуу, сугаруу, түптөө менен чектелет. Биринчи жолу суюлтуу өсүмдүктүн аралыгы 7—8 см кылып өсүп чыккандан кийин эки жума өткөндө, экинчиси андан бир ай өткөндөн кийин жүргүзүлөт. Суюлткандан кийин кошумча түрдө минералдык жер семирткичтер берилет. Өсүү мезгилдеринде узун ак сабак алуу үчүн чыгып жаткан сабактарынын түбүнө чейин 3—4 жолу топурак менен көөмп түптөйт. 6—8 күндө бир жолу сугарылат.

Орточо бышуучу Болгар (узун сабактуу) жана кеч бышуучу Карантан (кыска сабактуу) сорттору таркаган.

Шаллот, батун, порей, пияздарынын түбүнө 10 м² аянтка 50—60 кг өлчөмүндө органикалык жана минералдык семирткичтер чачылат.

Чеснокту башка пияздардын жанына жакын себет.

Чеснок бульбочкалары (сабагынын башындагы дандуу бүрлөрү) кыртыштын астындагы бир дандуу денекчелери аркылуу көбөйөт.

Бульбочкалар аркылуу алынган чеснокту өстүрүп алуу үчүн эки жыл талап кылынат. Биринчи жылы бульбочкалардан бир данектүү сабагы, экинчи жылы экиге бөлүнүп турган пайдалануурга жарактуу сабагы өсөт.

Чеснокту нематод илдеттеринен арылтууга мүмкүнчүлүк бар экендигине карабастан аны бульбочкалар менен көбөйтүү ыкмасы аз таркаган.

Бульбочкалар аркылуу чеснокту көчүрбөй тигүү ыкмасы менен өстүрүүгө болот. Себеби биринчи жылы өсүп чыккан данекчесинен чеснок алуу үчүн экинчи жылга калтырылат.

Данекчелери аркылуу өстүргөн сабактарды отургузуунун алдында бирдей өлчөмдө экендигин тандайт. Текши өсүп, бир мезгилде бышышы үчүн аларды бирдей убакта отургузат. Өсө турган данектери, түбү жана бульбочкалары канчалык чоң болсо, ошончолук түшүмү жогору болот.

Кыргызстанда жебелүү формадагы жергиликтүү дунгандык сорту өстүрүлөт, аны кыштын алдында сээп өстүрөт. Көчөттөрдү отургузуунун мөөнөттөрү: Чүй өрөөнүндө — 25-сентябрдан — 10-октябрга, түштүк райондордо — 1—10-октябрга, Ысык-Көл жана Талас өрөөнүндө 1—15-сентябрга чейин белгиленет.

Солдор менен саптардын аралыгын 15—20 см, өсүмдүктөрдүн бири биринин арасын 4—5 см кылып шахмат формасында отургузушат.

Себилүүчү материалдарды чыгымдоо. Себилүүгө жарактуу үрөндөрдү чыгымдоо төмөндөгүдөй: ар 10 м² аянтка (чондугуна жараша) түбүндөгү даны 260 тан 460 г жарты данекчелери 300—800 г бүрүндөгү үрөндөрү — 150—300 г себилет. Түбүндөгү даны жана данекчелери 6—8 см, бүрүндөгү үрөндөрү — 3—5 см терендикте отургузулат.

Мурунку өсүмдүктөрдү жыйгандан кийин участокторду өсүмдүктөрдүн калдыгынан толук тазалап, сугарып жана

ар 1 м² аянтка (40 г) фосфор (20 г) азот жана чириндинин аралашмасынан 3—4 г себилет.

Багуу, отоо, сугаруу, өсүмдүктүн түбүн жумшартуу, жебеси пайда боло баштаганда анча мынча түбүн көтөрүү менен чектелет.

Өсүмдүк жаңыдан өсө баштаганда азот (5 м² аянтка 10 л сууга 30 г) семирткич, жебеси түшкөндө 10 л сууга 15 г азот, 30 г фосфор жана калий семирткичтеринен минералдык семирткичтер жетишээрлик түрдө берилет.

Чүй өрөөнүндө жана түштүк зоналарда өсүмдүктүн өсүү мезгилинин биринчи жарымында 5—7 күндө бир жолу, экинчиси— 8—10 күндөн кийин сугарылат.

Жебелери сөзсүз үзүлүп ташталат. Бул болсо түшүмдү 30—40% жогорулатат. Жебелери үрөн алыш үчүн жакшы өсүмдүктөрдө гана калтырышат. Бульбочкалары чоң болушу максатында; гүлүнөн өсүп чыккан майда дандарын акырын үзүп (пинцет менен алуу жакшы) таштайт.

Бульбочкалары түшүп калбасы үчүн, чесноктун сабагы саргара баштаганда, гүлдөгөн бутакчаларынын түбүнөн бульбочкалар толук бышканга чейин кеңири баштыкчалар жасалат да, ага кийгизилип коюлат.

Чесноктун түшүмү гүлдөрү саргара бышкан кезде жыйналат. Жыйноону кечендеткенде чеснок өтө катуу бышып кетет да, сырты бузулуп, дандары тарам-тарам болуп жарылып, продуктуулук сапаты төмөндөйт. Майда өскөн чесноктун даны көөп, өсүүгө багыт алат да, сактоого жараксыз болуп калат. Жыйналган сарымсактарды кургатып, учтарындагы сабактарын кесет жана сорттойт.

Таттуу даамдуу жашыл жашылчалар

Жашылча өсүмдүктөргө салат, кытай капустасы, укроп, кайчы салат, бадыраңдын чөбү, козу кулак кирет. Жашылчалардын баалуулугу организмде азык заттарынын витаминдин, органикалык кислоталардын, минералдык туздардын, микроэлементтердин болушун камсыз кылат.

Салат — тез бышуучу, суукка чыдамдуу жашылча өсүмдүгү. Салатты жаңы кезинде өзүнчө тамак катары же ага чамгырды, бадранды жана помидорлорду кошуп пайдаланууга болот. Жалбыректарынан өзүнчө майдалап туурап, тамакка кошот. Өсүп жетилүүчү мезгили 30—40 күн. Даректүү салаттар жалбырагынан тышкары тоголок дарек байлайт. Анын өсүп жетилүү мезгили 55—95 күн. Ромен — салаты тигинен турган чоң жалбырак байлайт. Өсүп жетилүү мезгили 70—100 күн.

Эрте жетилип бышуучу капусталарды көчөтүнөн тигип өстүрөт жана аны капусталардын көчөтү сыяктуу даярдайт. Кыртышка анын үрөнүн себүү менен да өстүрүүгө болот. Салатка жашыл өсүмдүктөр сыяктуу эле, 10 $м^2$ аянтка 50—60 кг кык жана 1,5 кг суперфосфат чачат. Кыртышты күз башынан жакшылап даярдайт, кайра эрте жазда катар аралыктарын 45—50 см аралыкта лента сыяктуу, жалбыректуу жана даректүү салаттардын ленталарынын арасын 8—10 см болгондой себет. Жалбыректуу салаттарды ар бир 5—6 см аралыктагы катарга бирден, даректүүлөргө —25—30 см жерге бирден өсүмдүк калтырып суюлтат. Багуу өз убагында жумшартуу, отоо жана сугаруу менен чектелет.

Кытай капустасы — дарек же гүлдүү жалбырак байлаган эрте бышуучу бир жылдык өсүмдүк. Тамакка дарегин жана жалбырагын колдонот. Көчөттөрдү бир жерден экинчи жерге көчүргөндө көбүнчө солуп калат, ошондуктан аны кагаз стакандарга өстүрүп, ошол боюнча тигет. Өсүп жетилүү мезгили 40—50 күн. Катар аралыктары 40—50 см, өсүмдүктөрдүн аралыгы 30—35 см болот. Багуу иштерине суюлтуу, жумшартуу, отоо жана сугаруу иштери кирет.

Укроп — суукка чыдамдуу өсүмдүк. Жалбыректарын салаттарды, балык, эт консерваларын, сорпону, жашылча тамактарынын даамын келтирүүчү татымал катары колдонулат. Көк сабагын жана данын кондиттер жасалгала-

рынын, чайдын, маринаддын, туздалган жашылчалардын жытын чыгаруу үчүн пайдаланат.

Укроп көлөкө участкаларда начар өсүп-өнүгөт. Аны өзүнчө же башка өсүмдүктөргө өстүрүүгө пайдаланат. Ургун жазгы талаа жумуштардын башталышында же кош алды менен себет. Катарынын жана катар аралыктарынын аралыгы жалбырактуу салаттардыкындай эле. Үрөнү себилгенден кийин 85—95 күндө бышат, көгүн 25—30 күндөн кийин пайдаланылат.

Кайчы-салат — тез бышуучу жана суукка чыдамдуу өсүмдүк. Кайчы салаттын жаш көк сабагынын жагымдуу жыты болот жана аны эт, балыктан жасалган тамактарга жана консерваларга татымал катары пайдаланат.

Кайчы салатты өстүрүүдө кыртыш дайыма нымдуу болушу керек. Ысык күндөрдө өсүмдүк гүлдүү сабак байлайт, ал майда жана тез катат, ошондуктан жай мезгилдеринде сепкенде аны нымдуу жана көлөкөлөнгөн участокторго жайгаштыруу зарыл. Жай мезгилдеринде себүү үчүн күн мурунтан сабак албай турган жазы сабактуу сортторун пайдалануу жакшы.

Кайчы салатты эрте жазда себет жана күзгө чейин ар бир 2—3 жумада себүүнү кайталап турат. Катарларынын аралыктары 10—15 см (1 м² аянтка 2 г) үрөн жумшалат. Чоң аянттарда 2—5 сапка чейин ленталуу ыкма менен себет да, саптардын аралыгы 20 см, ленталардын аралыгы 50 см болот. Үрөнү тайыз 0,5—1 см терендикте себилет. Ал жер бетине өнүп чыккандан кийин 2—3 күн өткөндөн кийин түшүмүн жыйнайт.

Бадыранды чөбү же бурачник жагымдуу жытка ээ. Жалбыректары өзүнчө, салатка, өсүмдүктөрдөн жасалган сорпого тамактарга гарнир үчүн кошууга пайдаланылат. Аны гүлдөй турган сабагы чыкканга чейин жыйнайт.

Аны эрте жазда же кыш алды менен ар 1 м² аянтка 8—10 үрөнүн себет. Жалбырактуу салат катары өстүрөт. Өсүмдүктөрдү багуу катар аралыктарын жумшартуу үчүн отоо чөптөрдөн арылтуу менен чектелет.

Козу кулак — суукка чыдамдуу көп жылдык өсүмдүк. Сабактарын соус, көк сорпо даярдоого колдонот.

Кышында эч жабуусуз эле жакшы сакталат жана эрте жазда өсүп чыгат. Мөмө берүүчү бактардын көлөкөсүнө да өстүрүүгө болот, бирок ачык жайларга караганда жалбыректары жай өсүп, түшүмү кечирээк жыйналат. Себүү эң эрте мөөнөттө жүргүзүлөт. Бир эле жерде 3—4 жыл өстүрүүгө болот. Багуусу отоо, (жайында 2—3 жолу) жалбыректарын сорттоп үзүп алып (жайында 3—4 жолу үзүлүп алынат) түбүн жумшартат. Жалбыректарынын узундугу 10 см болгондо жаракту болуп эсептелет.

Ышкын — гречиха түркүмүнө кирген көп жылдык жашылча өсүмдүгү. Бир жерде 15 жылга чейин өсө берет. Ышкын узун жалбыректуу болуп өсөт. Тамырынан өсүп чыккан узун сабактуу жана жоондугу 4 см келген өсүмдүк.

Ышкындан компотко, киселге, мармаладка, вареньеге, чыкка, сокко, кваска, джемге, пюреге жашылча сорпосуна, виного ачыткы даярдалат. Бул жарыкты талап кылбайт (жалбыректардын арасында өсө берет) суукка жана кышка чыдамдуу өсүмдүк. Кышында анчалык калың кар болбогондо 30° температурадагы суукка чыдайт, жазда өсүп чыкканда үшүккө алдырбайт. Түбүнөн бутактап өсүп көбөйөт. Терең айдоого жаракту, ным жетиштүү болгон ар кандай кыртыштарда өсө берет. Ышкын айдалган ар бир 10 м^2 аянтка 100 кг кык чачуу менен жогорку түшүмдү өстүрүп алууга болот.

Үрөндү кыштын алдында же эрте жазда катар аралыктарын 20—30 см жана 2—3 см терендикте сээп көчөттөрдү өстүрүүгө болот. Өсүмдүктүн аралыгын 10—15 см алыстыкта суюлтат. Көчөттөрдү багуу бир нече ирет суюлтуу жана кошумча азыктандыруу менен чектелет. Кык жана кыктын сууга аралаштырылган аралашмасынын бир чакасына 20 г суперфосфат жана 15 г калий тузун кошумча кошуп азыктандырылат.

Ышкындын солдорунун аралыгын 1 метрден себет. Ан-

чалык чоң эмес участоктордо коюулатып 80×80 см аралыкта отургузат. Күзүндө отургузулган өсүмдүктүн түбүн көтөрөт. Өз убагында отоп, катар аралыктарын жумшартып, семирткич чачып жана кургакчылык болгон убакта сугарып туруу керек.

Ышкын түпкү тамыры аркылуу көбөйөт. Эрте жазда же августа бөлүп-бөлүп отургузат. Ар бир бөлүгүндө бир нече тамыры бар топ-топ болушу зарыл. Отургузуу жана андан кийинки багуусу, үрөнү аркылуу өстүрүп баккандай эле болот.

Козу кулактын көгүн дайыма өстүрүп алууга болот. Аны декабрдан жазга чейин жылуу жайларда жана подвалдарда өстүрүү ылайыктуу. Ышкындын көк жалбырагын алууга 3—4 жылдык тамырлуу түбү керек. Күзүндө андай түптөрдү тоголоктошкон топурактары менен казып алып пайдаланат. Өстүрүүнүн алдында 1 м² аянтка 8—10 дон өсүмдүктүктү бирине бирин такай коюп, арасына топурак толтурат да жылуу суу менен сугарат. Мындай убакта температураны 15—18° С да кармайт. Түшүмдү жыйноо тигилгенден 4—6 жума өткөндө бутактарынын узундугу 20 см болгондо жүргүзүлөт. Жыйноо жазында 1—1,5 айдын ичинде өткөрүлөт. Июлда түшүмдү жыюу токтотулат. Бул түптөн ар бир жолу 4—5 тен жалбырак алынат, андан көп алса кийинки түшүмү төмөндөйт. Жалбыректары кесилбестен жулунуп алынат. Жалбыректын жулунган учундагы пластинкалары кесилип ташталат.

Жашылча өсүмдүктөрүнүн башка түрлөрү. Көк жалбыректуу жашылчаларды алуу үчүн шпинат, спаржа, мангольд (жалбыректуу кызылча) көп жылдык пиязы айдалат. Өсүмдүктүн бардыгынын үрөнү майда, ушуга байланыштуу жердин структуралыгын жана азык заттарына бай болушун талап кылат. Алар кыртышты жакшылап, майдалап жана семирткичтер менен азыктандырууну талап кылат.

Анын үрөнүн 1,5 см терендикте себет. Өсүмдүктүн дүркүрөп өсүшү үчүн үрөндү сепкенден удаа эле анын үстүнө

майдаланган чиринди же компостон сээп коет. Андай майда аралашманын калыңдыгы 0,5—1 см болуш керек. Өз убагында сугарып, отоо чөптөрдөн арылтып, ага удаа эле жумшартуу жолу менен багылат.

Печений даамдуу көк сабактарды эрте жазда алат. Анын даамы ачуу, бирок жагымдуу жыты бар. Аны жаңы кургатылган, бышырылган түрүндө жашылча консервала-рын даярдоодо колдонот.

Печений даамдуулардын группасына бир, эки жана көп жылдык өсүмдүктөр кирет. Алсак, анис, базилик, кервель, коринадр, чабер — бир жылдык өсүмдүк. Аларды жалбы-ractуу салаттарды даярдоо үчүн өстүрөт, петрушка, сельдерей; тмин — эки жылдык өсүмдүк; мелисса, фенхель, хрен — көп жылдык өсүмдүктөр, аларды козу кулак сыяк-туу бир жерде 3—4 жылга дейре өстүрөт.

Петрушка жана сельдерей. Булардын жалбыractарын, бутактарын жана тамырындагы данын тамакка пайдала-нат. Жумшак бутактарын алыш үчүн жай мезгилдеринде түптөп, жаш жалбыractарын бир нече жолу кесип алып турат. Суук түшөөр алдында тамырындагы жемиштери жыйналат. Жалбыractары 1—1,5 см узундукта кесилет, ал эми тамырындагы жемиштерди сабиз сыяктуу сактоого жыйнайт.

Өсүмдүктү катар себүү ыкмасы менен катар аралык-тарын 45 см, ар бир өсүмдүктүн аралыгы 8—10 см, ал эми жалбыractуу петрушканыкы 3—4 см болгондой кы-лып эрте жазда себет. Тез жана текши өсүшү үчүн се-бүүнүн алдында үрөндү сууга нымдап алат. 1 м^2 аянтка 1—1,5 г жакын үрөн себилет.

Органикалык семирткичтер чачылган кыртыштын жо-горку түшүм алууга болот. 1 м^2 жерге 4 кг кык чачылат. Өсүмдүктү багуу негизинен сугаруу, отоолордон арылтуу жана жумшартуу болуп эсептелет.

Хрен. Тамырын кырып, майдалаган түрдө ар кандай тамактарга татымал катары пайдаланат. Жалбыractарын жашылчаларды маринаддоо жана туздоодо колдонот.

Хрен адамдын ичтейин ачат жана күчтүү фитонциддүү өзгөчөлүгү менен айырмаланат. Тамыр бутакчалары менен көбөйөт, аны жакшы даярдалган кыртыштарга жазында же күзүндө тигет.

Бутактар 50—60×30—35 см схемасы менен отургузулат. Бутакчаларды 45° жантайыңкы кылып отургузат да, бутакчанын учу кыртыштын 3—4 см терендигинде көмүлгөндөй кылып түптөйт.

Багуу отоолордон арылтуу, сугаруу жана жумшартуу менен чектелет. Өсүмдүктүн майда болуп калбоосу максатында гүлдөй турган учтарын үзүп таштайт.

Тамырларын жалбыректары саргая баштаганда же жашылчаларды маринаддоо жана туздаш үчүн керектөөгө карата күзүндө жыйнайт.

Буурчак жашылча өсүмдүктөрү жана кант жүгөрүсү

Буурчак өсүмдүктөрүнө буурчак, маш буурчак жана фасоль кирет. Алар эң жогорку азык — заттарына ээ.

Буурчак жашылчаларын өзүнчө жана консервалоо түрүндө пайдаланат.

Фасолду, буурчакты жана маш буурчакты органикалык же фосфор семирткичтери жетишээрлик чачылып мурда капуста, бадыраң жана томат өстүрүлгөн участокторго өстүрүү жакшы натыйжаларды берет. Буурчак өсүмдүктөрүнө бактериялуу — азоттуу бактеринаны жана нитрагинди чачуу жакшы натыйжаларды берет.

Буурчак менен маш буурчак суукка чыдамдуу өсүмдүк. Үрөнүн эрте жазда, жазгы талаа жумуштары башталганда себет. Фасоль болсо кыйла жылуулукту сүйгөн өсүмдүк, ошого байланыштуу бадыраң менен бирдей мөөнөттө себилет.

Буурчакты себүүдө солдун катар аралыктары 45 см өсүмдүктүн бири биринин аралыгы 4—5 см жана эки катарынын аралыгы 15 см болгондой эки катар кылып себет. Үрөн 3 төн 5 см терендикте себилет. Өсүмдүктү багуу

убагында суюлтуу 3—4 жолу сугаруу жана 2—3 жолу жумшартуу керек.

Кыргызстанда буурчак жашылча өсүмдүктөрүнүн төмөнкү сорттору; буурчактыкынан — Жегалова 112 (канттуу), Ранний Грибовский 11 жана Превосходный 112 (жумшарткычтуу) маш буурчактыкынан — Орустун черные, Белорустук жана — Ценава 3 фасолу өстүрүлөт.

Кант жүгөрүсү — бир жылдык өсүмдүк. Тамакка жаш сотолору пайдаланылат, аны консервалайт же бышырат. Даны катып келе жаткан фазасында эң жакшы тамактык жана даамдык касиетке ээ.

Жүгөрү жылуулукту сүйгөн өсүмдүк. Анын үрөнү 12—13° температурада өсө баштайт. Жакшы өсүшү үчүн 18—12° температура ынгайлуу. 1—3° суукта үшүк алат.

Кант жүгөрүсү семирткичти өзгөчө талап кылат. Ошондуктан бул өсүмдүк айдалуучу участокко органикалык жер семирткичтерди (ар 10 м^2 аянтка 30—40 кг) чачуу ылайыктуу, ал эми жазында себүүнүн алдында чириндилерден даярдалган аралашмалардан жана 10 түп өсүмдүккө 20 г суперфосфат, эзилген бир чака эритиндини себүү менен кошо же солдорго семирткич чачуу ылайыктуу. Өсүмдүктүн катар аралыктары 70 см ал эми катарларынын аралыгы 35 см өлчөмүндө себилет.

Суюлтканда ар бир түпкө 1—2 ден өсүмдүк калтырылат. Өсүп жетилүү мезгилдеринде түбүн көтөрүү менен 2—3 жолу жумшартылат. Өсүмдүктүн өсүшүнө жараша кошумча азыктандырылат. Семирткичти жерде ным жетиштүү болгондо чачуу натыйжалуу. Ар бир 7—8 күндө суу 20 см чейинки терендикке жеткендей кылып сугарылат. Өсүмдүктүн керексиз бутагын, же болбосо эки жагындагы ашыкча шагын үзүп алып таштайт. Жүгөрүнүн сотосун катып бара жатканда жыйнайт.

МӨМӨ-ЖЕМИШ ӨСҮМДҮКТӨРҮНҮН ЗЫЯНКЕЧТЕРИ ЖАНА АЛАРГА КАРШЫ КҮРӨШҮҮНҮН ЧАРАЛАРЫ

Жемиш берүүчү өсүмдүктөрдүн зыянкечтери менен илдеттери алардын өсүшүн начарлатат. Ошондой эле жаш бактардын мөмө байлоо мөөнөтүн узартып, өсүп-жетилүүсүн кечендетүү менен жемиш берүүчү бактардын түшүмүнүн санын жана сапатын төмөндөтөт. Мына ушундан алыс болуу үчүн, дайыма туура жана өз убагында зыянкечтерди жок кылуу үчүн төмөнкүдөй профилактикалык иш чараларды жүргүзүү керек.

1). Жыл сайын бактын түбүн айланта жана катар аралыктарын айдап салуу жана отоо чөптөрдөн арылтуу.

2). Күзгү жана жазгы мезгилдерде алмалар менен алмуруттардын түбүндөгү жана жоон бутактарындагы чирип калган кабыктары тазаланып ташталат. Муну менен бирге алманы жеп жиберүүчү көпөлөк курттары, күрөң жөргөмүш кенелеринин жумурткалары, жалтырак канаттар, желедөөчү жөргөмүштөрдүн ургаачылары, жалкы жибек курттары жана башка зыянкечтер жок болот. Андан башка уу заттарын тозуп калуучу бактын тактарынын сыртындагы өлүү кабыкчаларынын алынып ташташына байланыштуу эрте жаздагы зыянкечтерге каршы дарылоонун натыйжалуулугун жогорулатат.

3. Көптөгөн илдеттерди таркатуучу куурап калган жана илдетке чалдыккан бутактарды кесип таштоо жолдору менен арылтат.

4. Көптөгөн ооруларды таркатуучу инфекциянын каналы болгон куураган шактарды, бактардан кесип таштап арылтат.

5. Жай мезгилдеринде бактын ичиндеги түшүп калган жемиштерди жыйнап чыгарып таштайт. Пайдаланууга жараксыз мөмө-жемиштерди жерге көөмп салуу керек, бул болсо алманы жана кара өрүктү жегич курттардын санын азайтат.

Алманын кескелдириги же жалбырак жегич алмага, алмурутка жана башка жемиштерге зыян келтирет. Анын жумурткасы бутактарда жана жемиш байлоочу бүчүрлөрдө кыштайт. Жазында жумурткадан кызгылт сары личинкалар чыгат. алар жаңыдан өсө баштаган бүчүрлөрдүн, андан кийин жаш жалбыректардын жана гүлдөрүнүн ширесин сорот. Мында личинкалар көптөгөн тамчы заң (бал сыяктуу чачынды) бөлүп чыгарат. Бир айдан кийин личинкадан чоң көпөлөктөр өсүп чыгат. Алар бактарга учуп чыгат жана чөптүү өсүмдүктөрдөн тамактанат да күзүндө кайра жемиш берүүчү бактарга конуп жумуртка таштайт. Жалбыректарга жабышкан бал сыяктуу заңдардын таасири менен ачыла элек гүлдөрдүн өсүүсү токтойт да, мөмө байлагычтар кургап түшүп калат.

Жемиштердин (көк алманын, алмуруттун, шабдаалынын) митеси. Мителердин колониялары өсүмдүктөрдүн ширесин соруп, жалбыректардын, жаш бүчүрлөрдүн, бутактардын астынкы бет жагында жайгашат. Мына ошондуктан жалбыректар чүрүшүп, кургап, чырпыктар ичкерип, куурап калат.

Мителер жазында жана жайында тирүү личинкаларды тууйт, ал тез өсөт да чоң ургаачы мителерге айланат. Жай айларынын ичинде 13—15 жолу тукумдайт. Күзүндө бутактардын түбүнө жумурткалайт да, алар ошол жерде кыштайт. Жазында андан личинкалар чыгат жана жаңы өнүгүү цикли башталат.

Акациянын жалган калкалангычтары жемиштердин бардык породаларына зыян келтирет. Экинчи жолку личинкалар бутактарда, кабыктардын алдында, бүчүрлөрдүн түбүндө жана чириген кабыктардын арасында кыштайт. Эрте жазда, 6—8°С температурадагы жылуулукта бутактарга жылып чыгып жука жана жумшак кабыктардын ширесин сорот. Личинкалар өскөн сайын жон жагындагы сырткы денеси катууланат жана бөлүнүп чыккан мом

сыяктуу жабышкактар менен жабылат. Жаздын аягында — жайдын башталышында өсүүсү токтолот да, калканчылардын алдында жумурткалайт. Андан пайда болгон личинкалар жалбыректардын алдынкы бетине жабыша жылып жүрүп андан тамактанат. Жалбыректар түшөөр алдында личинкалар бутактарга жана кабыкчалардын арасына кышташ үчүн көчөт.

Кара өрүктүн жалган калкалангычтары көп данектүү жемиш берүүчү бактардын породаларына; абрикос, шабдаалы, кара өрүк, алча, өрүк жана башкаларга зыян келтирет. Биологиялык жактан акациянын жалган калкалангычтарына окшош. Экинчи жолку личинкалары кыштайт. Чүй өрөөнүнүн шартында, май айынын аягында личинкалар чоңоюп калат да жумуртакалайт. Ал жумурткадан тез эле «жалгыз аяк» деп аталуучу личинкалар туулат. Алар өсүп жаткан жаш бутактар менен жалбыректарга жабышып жылып жүрүп күзгө чейин андан тамактанат. «Жалгыз аяктардын» көбөйүп орун алуулары майдын үчүнчү он күндүгүнөн, июндун биринчи он күндүгүнүн аягына чейин созулат. Бул убакта жалган калкалангычтардын кышка даярдануу чараларын көрүүсүнө да байланышкан.

Мөмө жегич күрөң кенелер көптөгөн жемиштерге, айрыкча алмага зыян келтирет. Кенелердин жумурткалары кызыл, майда, шар түрүндө болот да, бутактардын түптөрүндө кыштайт. Жазында бүчүр байлай баштаганда, жумурткадан личинкалар чыгат. Алар жаңыдан өсө баштаган жалбыректардын ширесин соруп, 2—3 жуманын ичинде бир нече жолу түлөп чоңоёт. Жай мезгилинин ичинде 4—5 жолу тукумдайт. Жалбыректар кенелердин зыянынан өсүүсүн токтотуп, түсүн өзгөртөт (алманыкы күрөңгө, кара өрүктүкү күңүрт түскө айланат).

Бакты желелөөчү жөргөмүш кене башка мөмө-жемиш бактарына караганда алмага көбүрөөк зыян келтирет. Ургаачылары бактын түбүнө катмарланып түшүп калган жалбыректардын астында жана башка жабык жайларда кыш-

тайт. Жазында алар жалбыректын астыңкы бетине жайгашып, анда жумурткалайт. Жумурткадан чыккан личинкалар жалбыректын ширеси менен тамактанат. Андан 8—15 күндөн кийин личинкадан чоң жөргөмүш кенелери өсүп чыгат. Жай мезгилдеринде 8—9 жолу тукумдайт. Зыянга учураган жалбыректар саргарып куурап түшө баштайт. Кенелер көбөйүп кеткенде даректар бүрүн түшүрүп, жемиштери майда болуп чүрүшүп калат.

Соруучу зыянкечтерге каршы күрөшүүнүн чаралары. Эрте жазда, соруучу зыянкечтерге чалдыккан данектүү жана чемичкелүү породадагы бак даректарды, бүрдөй электе ДНОК препаратынын (10 л сууга 100 г) же нитрафендин (10 л сууга 250—300 г) эритиндиси менен бүркүлөт. Эки препарат тең кыштап чыккан зыянкечтерди; ошондой эле ар кандай ооруларды козгогучтарды өлтүрөт. Бирок нитрафен эртең мененки суук болбой, күндүн жылуулугу 10—12°С температурада болгон учурда гана натыйжалуу.

Бүрлөрү байлап, гүлдөгөнгө чейинки мезгилге чейин 20% метафос же карбофостун (10 л сууга 20 г) эритиндиси менен бүркүү керек. Көрсөтүлгөн препараттар болбосо, адамга зыянсыз болгон кайнатылган миңдумана, картошка, тамекинин жана махорканын эритиндилерин пайдалануу керек. Ал үчүн алардын өткөн жылкы жалбыректарын, сабактарын даярдап, кургатып жана кагазга, полиэтилен пленкаларына ороп, же кагаз мешокторго салып сактайт.

Миңдумананын кайнатылган эритиндисин соруучу зыянкечтерге каршы пайдалануу натыйжалуу. Ал үчүн 10 л сууга 800 г майдаланган кургак миңдумананы салып 30 минут кайнатат. Даярдалган суюктукту тундуруп сүзүп алат да 20 г кара самын кошот.

Картошканын сабагынан кайнатылып алынган тундурманы кенелер менен митекурттарына каршы пайдаланат. Аны 10 л сууга 1,2 кг көк сабакты, же 600—800 г кургак сабакты салып 3—4 саат кайнатып даярдайт да, анан тундуруп сүзүп алып бакка бүркүү үчүн пайдаланат.

Тамеки менен махорканын кайнатмасын жана тундурмасын мителерге каршы пайдаланат. Аны даярдаш үчүн 1 кг майдаланган тамеки менен махоркага, 10 л сууну куюп 30 минута кайнатат. Аны тундургандан кийин сүзүп алат. Керектелүүчү эритиндини даярдаш үчүн анын бир бөлүгүнө 10 бөлүк суу жана 40—50 г кара самын кошот. Тундурманы даярдоо үчүн 1 кг тамекини же махорканы сууга салып 1—2 сутка куюп коет.

Өсүмдүк гүлдөгөндөн кийин 15—18 күн өткөндө бүркүлөт. Уу химикаттарды пайдалануу түшүмдү жыйноого 25—30 күн калганда жүргүзүлөт.

Кемирүүчү зыянкечтер

Алманын күбөсү. Анын көпөлөк курту жаш алмалардын бутактарынын түбүндөгү калканчаларда кыштайт. Жазында калканчалардан чыгып жаш жалбырактарга жармашат. Күбөлөр бузулган жалбыракка желе тартат да жайдын башталышында ак пилланы түзүп, андан куурчакчага айланат. Арадан 15—20 күн өткөндөн кийин пилладан көпөлөктөр учуп чыгат да жумурткалайт, андан курту чыгат.

Күрөшүүнүн чаралары. Даректар бүр байлай баштап, көпөлөк курту жаңыдан кыймылдай баштаганда энтобактерион же БИП биологиялык инфекциялык препараттын (10 л сууга 50—100 г) эритиндиси менен бүркүүнү жүргүзүү керек. Аталган препараттын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн аралашмага кадимки нормасынан 10 эсе азайтылган өлчөмүндө (10 л сууга 50 г) энтобактерионду +2—3 г хлорофосту кошот.

Алма гүлдөгөндөн кийин керектүү гана учурларда аталган препараттарды же кайнатмалар менен тундурмаларды бүркөт.

Алманын жемишин жегичтер алмурут менен алмага зыян келтирет. Чоңойгон көпөлөк курттар пилланын ичине кирип эски кабыктын астында жана алманын өзөгүнүн

түп жагындагы жарақаларда кыштайт. Жаш көпөлөк курттар жемиштердин данегине чейин кирип алып жумшак жерлерин жейт. Бир эле көпөлөк курту 2—3 жемишке зыян келтирет. Зыянга учураган жемиштер түшүп калат. Жемиштерди жегичтер Чүй өрөөнүндө жана республиканын түштүгүндө эки-үч, Ысык-Көл өрөөнүндө бир жолу тукумдайт.

Кара өрүктү жегичтер алчага, кара өрүккө, көк султанга, абрикоско, шабдаалыга зыян келтирет. Көпөлөк курттар пиллада кабыктын астында, бактардын түбүндөгү коңулдарда кыштайт. Көпөлөк курттарынан зыянга учураган жемиштер сапатын жоготот жана түшүп калат. Республиканын түштүгүндө эки-үч, ал эим Ысык-Көл өрөөнүндө бир жолу тукумдайт.

Жалбырак түйүүчүлөр бардык жемиштерге, айрыкча алмага жана бир катар декоративдик породадагы бак даректарга зыян келтирет. Алардын жумурткалары жалбырактарды чүрүштүрүп жиберет, сабактарынын жана сөңгөктөрүнүн түбүндө кыштайт. Чүрүштүрүүчүлөр көпөлөк курттардын үчүнчү тукумдашынан пайда болуп ак желелүү пиллаларга оронуп алып бактын эки ача бутактарынын кычыктарында жарақаларда кыштайт. Бул эки түрү тең бактын бүрлөрүн, гүлдөрүн, жалбырактарын, андан кийин жемиштерин зыянга учуратат. Көпөлөк курттар жаңы түйүлө баштаган жемиштердин сыртындагы гүлдөргө, жалбырактарга айланта желе тартып өстүрбөй чүрүштүрүп салат. Чүй өрөөнүндө жогоруда айтылган эки түрү тең тукумдайт, биринчиси апрель-майда, экинчиси июнь-июлда.

Жалбыракты чүрүштүрүп жиберүүчүлөрдүн биринчи тукумдарынын пайда болушу алманын күбөсүнүн өсүү мөөнөтүнө туура келет. Күбөлөргө каршы сунуш кылынган биологиялык препараттар (энтобактерион жана БИП) ошондой эле жалбырактарды чүрүштүрүүчүлөргө пайдалануу жакшы натыйжаларды берет.

Мөмөлөрдүн жегичтерине каршы күрөшүү чаралары.

Көпөлөктөрдүн учушу жана жумурткалоо мөмө жегичтердин ар бир пайда болгондорунуку бир ай же андан да узагыраак мөөнөткө созулат, ошондуктан алардын ар биринин өсүү учурунда дарыны бүркүү керек.

Жемиштердин кеч бышуучу сортторунда пайда болуучу 2—3 жолку тукумдарын жоготуу үчүн дарылар менен өз убактысында 4—5 жолу бүркүү керек, эрте бышуучу сортторуна 2 жолу дары бүркүү жетиштүү.

Чемичке породасындагы алмаларды жеп жиберүүчү курттарга каршы бактарды биринчи жолу дарылоо кеч гүлдөөчү алмалардын гүлдөшү аяктап калганда, ал эми кара өрүктүн гүлдөшү токтоору менен дарылоо керек. Химиялык препараттардан 80% түү техникалык хлорофос (10 л сууга 20—30 г) бир аз уу химикаттар кошулган энтобактерион —3 же БИП (10 л сууга 2—3 г хлорофос же 30—50 г энтобактерина —3) пайдалануу кыйла натыйжа берет.

Экинчи жолку дарылоо, биринчисинен 13—15 күн өткөндөн кийин жүргүзүлүп, кеч бышуучу сортторуна 20—25 күндөн кийин үчүнчү жолу дары бүркүлөт, ал эми андан 15—16 күндөн кийин төртүнчү жолу дарылайт. Республиканын түштүгүндө бешинчи дарылоо ылайыктуу. Мындай иштетүү жалбыракты тоголоктоп жиберүүчүлөргө да каршы оң таасирин тийгизет.

Илдеттерди пайда кылуучу курттарды жоготуунун дагы бир жолу, анчалык чоң эмес участкаларга кагаздан, мешоктон кармагыч илгичтерди жасоо пайдалуу. Аны жай мезгилинде курттаган алма-өрүктүн түшөөр кезинде илип коет. Ага жаңыдан тукумдаша баштаган көпөлөк курттар жыйналат. Жай мезгилдеринде ар бир 5—7 күндө текшерип аны ошол замат жоготуп турат. Күзүндө түшүм жыйналаары менен калгандарын жыйнап алып өрттөп салат.

Алчанын былжырлуу таарыгычы кара өрүккө, айрыкча алчага, гиласка, алмурутка, долоного зыян келтирет. Чоң көпөлөктөрүнүн учушу Чүй өрөөнүндө майдын аягында

июндун башында, ал эми Ысык-Көл өрөөнүндө июнь-июль айларында байкалат. Таарыгыч курттар жалбыректын астыңкы бетине жумурткалайт. Жалбыректын үстүнкү бетинен жакшы көрүнөт. Пайда болгон жалган көпөлөк курттардын жашыл-сары түсү кара былжырчалар менен жабылат. Алар жалбыректардын көгүн жеп жибергендик тен тор сымал болуп калат да саргарып түшө баштайт. Кыргызстанда бирден үчкө чейин тукумдайт.

Күрөшүүнүн чаралары. Таарыгычтарга каршы сактануунун чаралары жалган көпөлөк курттарынын массалык түрдө тууй баштаган кезинде жүргүзүлүү керек. Ал үчүн адамга зыянсыз каражаттар пайдаланылат.

Мөөнөтүнө карабастан ар бир түп бакка 200 г же 1 гектарга 40 кг дарынын чаңдары менен дарылоо жакшы натыйжаларды берет. Түшүмдү жыйгандан кийин уу химикаттардан 80% түү хлорофос (10 л сууга 15 г) карбофос (10 л сууга 20 г) пайдаланууга болот.

Жалгыз аяктардын 10—12 см терендикте кышташын эске алып күзүндө жана жазында бактын түбү айланта айдалат.

Карагаттын жалтырак канаты. Анын көпөлөк курттары карагаттын жана крыжовниктин бутактарынын өзөгүнө оюп из жасайт. Жаралангаң бутактар адегенде соолуйт, андан кийин куурап калат. Көпөлөк курттар бутактардын ичинде эки жылга чейин өсүп-өнөт, жазында алар куурчакчага айланат да, андан кийин көпөлөк болуп учат.

Күрөшүүнүн чаралары. Зыянкечтерди жоготуу үчүн өзөгүнө көпөлөк курттар жойлогон, куурай баштаган карагаттын бутактарын таза жерине чейин кесип таштайт жана аны өрттөп салат. Жаң мезгилдеринин ар бир 15—20 күнүндө кесүүнү жүргүзүү керек.

Карагаттар гүлдөгөндөн кийинки кездерде учуп жүргөн көпөлөктөрдү жок кылуу үчүн 2% түү хлорофос менен аралыгын 14—16 күн өткөрүп, же пияздын, чеснок, ромашканын тундурмасы ошондой эле кайнатмасы менен ар бир 7—10 күн өткөндөн кийин бүркүү менен дарылайт.

МӨМӨ-ЖЕМИШ ӨСҮМДҮКТӨРҮНҮН ИЛДЕТТЕРИ ЖАНА АЛАРГА КАРШЫ КҮРӨШҮҮНҮН ЧАРАЛАРЫ

Алманын жана шабдаалынын дарагы бал илдетине чалдыкканда алардын бүрлөрү, даректардын сыртын агыш түстүү жабышкак каптап кетет. Бара-бара өсүүсү токтоп, карарып, куурап кетет. Жалбыректары өспөй калат да акырындык менен куурайт жана түшөт. Кышында үшүккө чалдыккан даректар жазында начар өсүп бал ооруусунун жабышкактары менен чапталышып калат. Илдетке чалдыккан гүлдөр мөмө байлабайт. Илдетке чалдыккан шабдаалынын мөмөсү даамсыз келет да тез чирийт.

Майда жабышкак учкун оорусу грибоктордон турат да, ал шамал аркылуу тарап таза бактарды илдетке чалдыктырат.

Инфекциялар кышында оорулуу бутактарда жана түшүп калган жалбыректарда сакталат.

Илдетке каршы күрөшүүнүн чаралары. Кыштан чыккан мителерди жок кылуу үчүн илдетке чалдыккан бүрлөрдү, бутактарды, жалбыректарды күйгүзүү, участокту казуу жолу менен жоготот. Даректарга 1% түү коллоиддүү же дисперстүү күкүрттүн, 0,5—1,0 градустуу ИСОнун (күкүрттүү-акиташтын кайнатмасы) эритиндисин чачат. Биринчи жолу бүрдөй баштаганда, экинчи жолу гүлдөгөндөн кийин, үчүнчү жана төртүнчү жолу арасынан 10—12 күн өткөрүп бүркүп дарылайт. Бүркүүнү жолдогу майда топурактан же акиташтын таштандысынан 1 : 1 эсебинде майдаланган күкүрткө кошуп алмаштырууга болот.

Шабдаалыны 0,5% түү ИСО же 0,5% коллоиддүү же дисперстүү күкүрт менен, биринчи жолу илдеттин белгилери билингенде, экинчи, үчүнчү жолу ар бир 10—12 күндө бүркүп дарылоо ылайыктуу.

Учкун оорусуна каршы элдик каражаттардан кыктан жана чөптөн даярдалган суюк тундурма эсептелет. Аларды төмөндөгүдөй даярдайт 1 кг чириген чөпкө же эзилген кыкка 2 л суу куюп 3 күн коюлат. Андан кийин тундурма-

ны сүзүп алып, ага үч эсе көбүрөөк суу куюп аралаштырат. Мындай суюктукту күкүрт препараттарын пайдаланган схемасы менен бактарга бүркөт.

Алманын жана алмуруттун котуру Кыргызстандын бардык жерлерине, айрыкча тоо этектериндеги бактарда таркаган. Ал илдетке жалбыректары, ал эми алмуруттун бутактары менен шактары чалдыгат. Ага чалдыккан жалбыректардын астынкы бетинде адегенде майланышкан так пайда болот, андан кийин ал бархат сыяктуу каралжын жабышкак (грибоктордун уюткусу, ал аркылуу ооруган даректардан, соо даректарга таркайт) менен капталат. Илдетке чалдыккан даректын бүрлөрү түшүп куурап калат.

Бул илдет айрыкча мөмөлөргө өтө зыян келтирет. Аларда кара тактар пайда болот, грибоктордун уюткусу жабышуу менен формасы бузулат. Мөмөлөр чүрүшүп, жарака кетип түшө баштайт.

Күрөшүүнүн чаралары. Илдеттерди болтурбоо үчүн профилактикалык иштерди жүргүзүүдө илдетке чалдыккан жалбыректарды, шактарды кесип, өрттөп салуу керек. Бүрлөр жаңы гана көбөйө баштаганда 5% түү борд суюктугу менен бүркүү («Жашыл» бүркүч) натыйжалуу. Кыштаган зыянкечтерди жок кылуучу ДНОК же нитрафена «Жашыл» бүркүч менен алмаштырууга болот. Гүлдөгөндөн кийин 1% түү борддун суюктугу же аны алмаштыруучу (0,5% түү жездин хлордуу окиси, 0,4% купрозон ж. б. лар) менен эки жолу бүркөт. Илдетке өтө чалдыкканын 5—6 жолу дарылайт.

Монолиоз (мөмөнү чириткич, монолиалдык күйүк) — алманын, алмуруттун жана данектүү мөмө өсүмдүктөрүнүн грибок оорусу. Мөмө берүүчү жемиштердин сабактарын, шактарын, гүлдөрүн, мөмө байлагычтарын жана мөмөлөрүн илдетке чалдыктырат. Мөмөлөр быша баштаганда чалдыгат. Адегенде, көбүнчө механикалык жолдор менен (кагышып жарылган же курт-кумурскалардын тиштегенинен) тытынды болгон жерлерде кичинекей так пайда бо-

лот. Акырындык менен мөмөнүн баары чирий баштайт. Алма менен алмурут карарып, жалтырайт (мумификацияланат) анда грибоктун уюткусу сыяктуу бозомук пайда болот. Чирикке чалдыккан мөмөлөрдүн айрымдары түшүп, айрымдары сабагында туруп чүрүшүп жараксыз болуп калат.

Өзгөчө гүлдөрүнүн ооруга чалдыгуусу коркунучтуу, анткени, андан желе сабактарына тарайт жана бүрлөрүнүн куурап калышына алып келет.

Бир нече күндүн ичинде гүлдөрдүн, мөмөлөрдүн, жалбыректардын илдетке тез чалдыгуусу **монолиалдуу күйүк** деп аталат. Куураган жалбыректар сабактарында туруп куурап калат.

Жоон шактарынын илдетке чалдыкканында анын ортосунан жарака кетет, данектүү жемиштердин андай жаракаларынан чайыр сыяктуу суюктук агат да, таза сөңгөктөр анын тегерегинде сууланып турат. Грибоктор ошол илдетке чалдыккан жерлерде кыштайт. Жазында андан споралар пайда болот да шамал жана чымын-чиркейлер аркылуу таза даректарга таркайт.

Күрөшүүнүн чаралары. Илдетке чалдыккан бүрлөрдү, бутактарды жана мөмөлөрдү жоготуу үчүн мөмө байлаган шактарды 10—15 см узундукта мөмөсү менен кошо кесип алып тездик менен өрттөп салат. Түшкөн алмаларды чогултуп бактан чыгарып таштайт. Химиялык жолдор менен дарылоо, долоного жүргүзүлгөндөй эле болот. Данектүүлөрдү бүр байлай электе 3% түү борддун суюктугу («Жашыл» бүрккүч) жана мөмө байлап өсүп жетилүү мезгилдеринде 1% түүсү менен бүркүп дарылайт.

Мөмө берүүчү өсүмдүктөрдүн куурап (кара рак, цитоспороз) калышы Кыргызстанда, айрыкча ысык климаттуу өрөөндөрдүн зонасында кеңири таркаган.

Цитоспороз шактардын сыртында кара так пайда болуу менен башталат, көбүнчө сууктун таасири тийген же механикалык түрдө урунду болгон жерлерде такыр тереңделип, өлчөмү чоңоё баштайт да, кара, күрөң жана кыз-

гылт түскө айланат. Илдетке чалдыккан жемиштердин сыртында споораларды өзүнчө бөлүп турган грибоктордун телолору пайда болот да, андан таза бактарга жугат.

Мында бактын өзөгү кургап, өсүүсүн токтотот. Данектүүлөрдүн чайыры чыга баштайт. Илдетке чалдыккан бутактар менен шактары акырындык менен куурай баштайт. Кара ракта сөңгөктөрү жана сабактарынан башка жалбырактары менен мөмөлөрү да чалдыгышы мүмкүн, мында кара тактар пайда болот.

Грибоктор, өсүмдүктүн илдетке чалдыккан бөлүктөрүндө кыштайт.

Күрөшүүнүн чаралары. Бактарды отургузган эле жылдан баштап акташ керек. Сыйрылып калган кабыктарынын ордун дезинфекциялап жана майлап коюшат. Чириген мөмөлөрдү жыйнап алып жоготуу керек. Куураган жана илдетке чалдыккан шактарын өз убагында кесип өрттөп салат. Куураган түптөрдү түбү менен жулуп алып бактан алыс таштоо зарыл. Бутактар илдетке чалдыккан жеринен 10—15 см ылдыйраак курч шаймандар менен кесилип ташталат. Кабыктарды болсо тазасынан 1—2 см кошуп кесип алат. Кесилген жерлерди 1—3% түү көк таштын эритиндиси менен дезинфекциялап, бактын замазкасы же майлуу сыр менен жаап салат. Илдетке катуу чалдыккан эски бактарды 3% түү темирдин, же 1% түү көк таштын эритиндиси менен жалбырагы чыкканга чейин чачып дарылайт.

Хлороз өсүмдүктүн жалбырактарын жана башка бөлүктөрүн кыйла саргартып жиберет. Ал жугуштуу (мите же трипаска чалдыккан вирус же грибок) болушу мүмкүн. Кыргызстанда жугуштуу эмес хлороз көп таркаган. Себеби шорлуу топурактардагы өсүмдүктөрдүн темирди өзүнө аз сиңирип алышынын (кыртышта акиташтын ашыктыгына байланыштуу) натыйжасында темирдин жетишсиздигинен болот. Өсүмдүктүн тамыры жайгашкан кыртышында нымдын ашыкча болушу да хлороз илдетине чалдыгат.

Күрөшүүнүн чаралары. Шор топуроктуу кыртышты

дренаждоо жана жуу үчүн суусу көбүрөөк болгон участоктун кыртышын кургатуу. катар аралыктарынын физикалык, химиялык касиетин жакшыртуу үчүн люцернаны сээп өстүрүү керек. Бактарда мөмөлөй турган бүрлөрдүн өсүшүнө чейин 1% түү, өсүү мезгилинде 5% түү темирдин купоросунун эритиндиси менен бүркүп дарылоо зарыл. Ошондой эле катар аралыктарына кык же компост жер семиртkичтерин чачуу керек.

Ыштуу грибок мителердин бөлүп чыгарган жабышкактуу суюктуктарында жайгашат. Андагы өсүмдүктүн сырткы жагына жабышып каптап турган жапкычтар, бал сымал ширелери жалбыractарга жарыктын жана абанын өтүшүнө тоскоолдук кылат.

Ага каршы күрөшүү үчүн мителерди, кабыкчаларды жана бал сымал жабышкактарды жок кылуу менен чектелет.

Мөмөлөрдүн ачуу чириктери бардык мөмө берүүчү өсүмдүктөргө зыян келтирет. Адегенде тереңирээк күрөң так пайда болот, андан кийин чирийт. Сырткы жагына грибоктордун уюткусу жабышат.

Ачуу грибокторго *каршы күрөшүү,* монилиоздорго жана паршилерге каршы жүргүзүлгөндөй эле.

Данектүүлөрдү тешип салуучу (клястероспориоз) — Кыргызстандын бардык аймактарына тараган грибок оорусу. Жалбыractарда адегенде акырындык менен чоңоё баштаган майда кызгылт тактар пайда болот да, андан кийин майда-майда болуп тешилип калат. Жемиштерде күрөң тактар пайда болот, анын сырткы жагында кооздолгон сыяктуу өзүнчө көбүңкүрөөк келген урчук чыгат. Бүрлөрүндөгү жаракачалардан чайырлары агат. Кийинчерээк жаракачалар ачылып калат. Илдетке чалдыккан бүрлөрү кургап калат да, анын мөмөлөрү пайдалануuга жараксыз болот. Грибоктор уюткулар аркылуу таркайт. Алар жараксыз болгон жаракаларда, түшүп калган мөмөлөрдө жана жалбыractарда сакталат.

Күрөшүүнүн чаралары. Илдетке чалдыккан сабактар-

ды жана бүрлөрдү кесип өрттөп салуу керек. Эрте жазда (дан байлоочу бүрлөр өсүп чыга электе) өсүмдүктү 4% түү борд суюктугу («Көгүлтүр» бүркүч) же 5 градустуу (по Боме) акиташтуу-күкүрт кайнаткычы менен дарылоо жакшы. Желекчелери түшкөндөн кийин ар бир 12—15 күндө кайталап 0,5% түү хлордуу жездин же 0,4% түү купрозон менен дарылоо керек.

Шабдаалынын жалбыректарынын тармалданып кетиши — грибоктуу илдетке байланыштуу. Аларды козгогучтар бүрлөрдө жана бутактарда сакталат. Илдетке чалдыккан жалбыректар ийрейе баштайт да, борпоң келип, ачык кызыл же кызгылт түскө айланат. Төмөнүрөөк жагында агыш же бозомук түстөгү грибоктун уюткусу пайда болот. Жалбыректары толгонуп, саргарып түшө баштайт. Илдетке чалдыккан мөмөлөрдүн формасы бузулат да чырпыктары жооноюп жана ийрейип кетет.

Күрөшүүнүн чаралары. Илдетке чалдыккан бутактарын кезеги менен кесип салып бакты жашартуу менен монолиозго жүргүзгөндөй мөмө байлаганга чейин 5% көк таштын эритиндиси менен бүркүлөт.

Крыжовниктин учкун шүүдүрүмү (жалпайып калуусу) крыжовник өскөн жерлердин баарында таркаган, илдетке жалбыректары, чырпыктары жана мөмөлөрү чалдыгат. Майда агыш тарткан жабышкак пайда болот да, андан кийин кийиз сыяктуу катат. Грибоктор өсүмдүктүн бул илдетке чалдыккан жерлеринде сакталат. Жазында жана жайында споралар аркылуу таркайт.

Күрөшүүнүн чаралары. Илдетке чалдыккан жерлерди кесип жоготот. Таза өсүмдүктөн 6—7 ден ар түбүнө калтырып калганын суюлтуп алып таштоо жана эрте жазда катар аралыгындагы кыртышты айдап салуу керек. Түптөрдү жана катар аралыктардагы кыртышты өсүмдүктүн өсүү мезгилинде (эрте жазда жакшы) 3% түү темирдин купоросу же 1% түү көк таштын эритиндиси, же самын аралашкан кир жуучу сода (10 л сууга 20 г сода жана 1 г кара самын) менен биринчи жолу, гүлдөгөндөн

кийин, ар бир 7—10 күндө бүркүп дарылайт. Дарылоону түшүм жыйнаганга 15 күн калганда токтотот.

Жемиштердин жалбыректарынын темгилдениши. Карагаттын, малинанын, кожогаттын жалбыректарында кара, күрөң же агыш темгилдер пайда болуп кетет, алар болсо жалбыректардын куурап түшүшүнө алып келет. Бир же эки жылдык малинанын чырпыктары жаракаланып учтары куурай баштайт.

Күрөшүүнүн чаралары. Түшүп калган жалбыректарды, илдетке чалдыккан чырпыктарды кесип өз убагында бир жерге жыйып өрттөп салат. Илдетке катуу чалдыкса — жалбыректары өсүп калганда (мөмөлөй турган жерин) 1% түү борд же 0,5% түү жездүү хлордун окисинин суспензиясы менен ар бир 10—12 күндө бүркүп дарылоо зарыл. Кожогатты гүлдөөнүн алдында жана түшүм жыйналаары менен дарылайт.

Малинанын вирус оорусу. Жалбыректары мозаика түстүү келет да, майда бырыштуу (тармалдуу) болот жана өтө саргарып (жугуштуу хлороз) кетет. Тамыр системалары кичинекей, чырпыкка окшош. Өсүмдүк күн мурунтан солуп калат. Өсүмдүктүн вирусу таза өсүмдүктөргө негизинен аары, чиркейлер, өзгөчө өсүмдүктүн митеси аркылуу таркайт.

Каршы күрөшүүнүн чаралары. Илдетке чалдыккан өсүмдүктөрдү кыйып алып, өрттөп, мителерди жоготуу керек.

Нематоддор көчөттөр аркылуу таркаган жана өсүмдүктүн ичинде жашаган өтө кичинекей (узуну 1 мм чейин) мите курт. Алар өсүмдүктү өтө начарлатып жиберет, жалбыректары чүрүшүп калат, сабактары өспөй кыска болот. Мөмөсү, гүлдөрү жана жемиштери бузулуп калат. Өсүмдүк мөмөнү начар байлайт да акырындык менен соолот.

Күрөшүүнүн чаралары. Кожогаттын нематоду карантиндүү зыянкечтерге кошулат, ошондуктан аны байкаар замат республикалык карантиндөө инспекциясына кабардап, алар менен бирге жоготуунун иш чараларын жүргү-

зүү керек. Өсүмдүктүн сабагында пайда болгон нематоддордон арылтуу үчүн ал сабактарды кыркып алып жоготот да, жаңы таза көчөттөрдү отургузат.

Жемиштин боз чириндиси. Малинаны, кожогатты, карагатты жана крыжовникти толук бышкан кезинде бозомтук басат. Мында жемиштер жумшап, солгун тартып калат да, жытын, даамын жана түсүн жоготот. Грибоктун уюткусунан жуккан жабышкак түшүмдү жыйнаган учурда таркайт.

Күрөшүүнүн чаралары. Участоктун өтө эле нымдуу болушуна жол бербөө керек. Илдетке чалдыккан жемиштерди жыйнап алып жоготуу зарыл. Мөмө байлай баштаганда катар аралыктарга майда самандан төшөш ылайыктуу. Күзүндө катар аралыктарды айдап, участкада тазалык сакталууга тийиш.

ЖҮЗҮМДҮН ИЛДЕТТЕРИНЕ ЖАНА ЗЫЯНКЕЧТЕРИНЕ КАРШЫ КҮРӨШҮҮНҮН ЧАРАЛАРЫ

Кыргызстанда желелөөчү жөргөмүш кенелеринин ичинен желелөөчү кенелер, жүзүмдүн котур курту, жалбыракты чүрүштүрүүчү грозда ооруларынын ичинен — оидиум, тактуу некроз, бактериялуу рак жана башкалар.

Республикадагы жүзүмдөр филоксер жана милден таза, бирок карантинди дайыма сактоо керек.

Желелөөчү жөргөмүш кенелери жүзүмдүн төмөн жагына жайгашат да анын ширесинен тамактанат. Желеге чалдыккан жалбыректар адегенде негизги өзөгүнөн, андан кийин бардык жагынан саргарат. Мындай чалдыгуу түшүмгө гана зыян келтирбестен, түптөрүнүн өсүшүн, жемиштеринин канттуулугун төмөндөтөт.

Күрөшүүнүн чаралары. Күзүндө ашыкча бутактарды кесээр замат чогултуп жүзүмдөн алыс алып барып калган калдыктарынын баарын өрттөп салуу керек. Зыянкечтерди болтурбоо үчүн жүзүмдүн өсүп бышуу мезгилинде

участокторду отоо чөптөн тазалап туруу керек, Жүзүмдүн түйүлдүгү пайда болгондо фосфордуу органикалык пестициддер — фосфамид (0,1%), фазалон (0,2%), кельтан (0,2%), жүзүмдүн түптөрүн акиташтын чаңы аралашкан майдаланып (1 бөлүгү күкүрт+2 бөлүгү аралаштыргыч) эзилген күкүрт менен бүркүү керек. Июлдун аягында августтун башында кенелердин пайда болгон жерлерин байкап, экинчи жолу дарылайт.

Жүзүмдүн котур курту. Жүзүмдүн кийиз сымал катып калуусуна алып келет. Жалбыректардын үстүнө бүдүр, астына ойдуңча пайда кылып, сары тарам менен каптап калдайтып салат. Ага катуу чалдыккан жалбырак өсүмдүктү начарлатып, түшүмүн азайтат.

Күрөшүүнүн чаралары. Көктөм өткөндөн кийин бардык калдыктарды алып таштоо жана жоготуу керек. Жазында — түптөрдү 0,5% түү ДНОК (10 л сууга 50 г), 3—5% полибаритти (10 л сууга 300—500 г), жайында — күкүрттүн коллоидүү суспензиясынын (10 л сууга 200 г) же кельтандын (0,2%) эритиндиси менен бүркүп дарылайт.

Гроздуу жалбырак түйүүчтөр негизинен республиканын түштүгүндө таркаган. Ал жаңыдан пайда болуп келе жаткан түйүлдүктөргө, гүлдөргө жана мөмөлөргө зыян келтирет. Жай айларынын ичинде үч жолу тукумдайт, анын ичинен өсүп жетилген жемиштерди бузуучу жана чирүүгө чалдыктыруучусу эң кийинки тукуму болуп эсептелет.

Күрөшүүнүн чаралары. Кесиндилерди өрттөө, отоо чөптөрдү жоготуу, көпөлөктөрү учкандан кийин хлорофостун (0,2% же 30) карбофостун (10 л. сууга 40 г) эритиндиси менен бүркүп дарылоо керек.

Оидиум (үбөлөнгөн шүүдүрүм). Илдетке жүзүмдүн бардык көк сабактары, гүлдөрү, чырпыктары, жемиштери, жалбыректары чалдыгат. Алардын сыртын бозомук күл түстүү жабышкактар каптайт. Чалдыккан гүлдөр куурайт жана түшөт. Илдетке эрте чалдыккан жемиштер өсүүсүн токтотот, ал эми кечирээк чалдыккандары жарылып, кур-

гайт. Илдетке чалдыккан чырпыктарга үбөлөнгөн жабышкак пайда болот да, андан так болгон жерлер өсүмдүктүн күрөң тарта баштаган сабактарынын формасын бузат.

Күрөшүүнүн чаралары. Өсүмдүктү өз убагында көк чагында суюлтуп, ашыкча түптөрдү алып таштоо, коюлануудан сактайт жана жакшы шамалдануусуна шарт түзөт. Чырпыктары 10 см жеткенде же гүлдөөнүн алдында ар бир түпкө 15—20 г өлчөмүндө майдаланган күкүрттү чаңдатып чачып дарылайт. Жүзүм гүлдөгөндөн 15—20 күн өткөндө керектүү учурларда үчүнчү жолу дарыласа болот.

Эгерде биринчи жолу дарылап жаткан учурда абанын температурасы +20°С болсо, чаңдатып дарылоонун ордуна күкүрттүн коллоиддүү суспензиясы (1% же тиовиттин 0,5% эритиндиси) менен бүркүп дарылайт.

Гүлдөп жаткан мезгилде чаңдатып сээп гана дарылаш керек. Тактуу некроз (кургатуучу) жүзүмдүн түбүнө, айрыкча Чүй өрөөнүндө жерге көмгөндө чоң зыян келтирет.

Оору жыгачты жана анын кабыгында куураган тактарды пайда кылат (некроз) ал эми так адегенде майда болот да, андан кийин акырындык менен чоңоюп кабыктардын жана сабактарынын баарын солутуп салат. Айрыкча илдетке өтө чалдыгуу кышында абанын температурасынын тез алмашуусунда кездешет.

Некрозго чалдыккан түптөрдө, өсүмдүктүн сууларынын жылып жүрүүсүнөн бузулат, чырпыктарынын өсүүсү токтолуп, бүрлөрү начар өсөт, андан кийин шактарынын, бүт түбүнүн куурап калуусуна алып келет.

Күрөшүүнүн чаралары. Кесиндилердин барын чогултуп өрттөп салып, жүзүмдүн түптөрүн жерге көмөөрдө ДНОКтун (1%, көк таштын 5% же нитрафендин 3%) эритиндиси менен дарылайт. Түптөрдү кышка карата жерге эмес, органикалык материал (камыш калкагычтар, өсүмдүктөрдүн калдыгы) менен жабуу керек.

Бактериалдуу рак. Кыргызстандын түндүк тарабында көбүрөөк кездешет. Негизинен ар кандай формада жана

өлчөмдө сабактары менен шактарында жолугат. Алар үчүн кыйла азык заттары сарпталат. Ошого байланыштуу жүзүмдүн түптөрү начарлап, начар мөмө байлайт, ал эми сабактары акырындык менен куурайт.

Күрөшүүнүн жолдору. Илдетке чалдыккан түптөрдү кесип өрттөп салат, ал эми кескич кайчы менен арааны формалиндин (5%) эритиндиси менен дезинфекциялайт. Рактуу шишимектерди жоготкондон кийин анын ордун ДНОКтун (2%) эритмеси менен сыйпайт. Бул илдетке чалдыккан жүзүмдү күзүндө ДНОКтун (10 л сууга 200 г) эритиндиси менен бүркүп дарылайт. Рак менен ооруган жүзүмдүн бутактарын көчөт даярдоого жана таркатууга тыюу салынат.

ЖАШЫЛЧА ӨСҮМДҮКТӨРҮНҮН ЗЫЯНКЕЧТЕРИ ЖАНА АЛАРГА КАРШЫ КҮРӨШҮҮ ЧАРАЛАРЫ

Жашылча жана бакча өсүмдүктөрүнүн зыянкечтери түшүмдү кескин төмөндөтөт жана продукциянын сапатын начарлатат. Бул өсүмдүктөрдө химиялык каражаттардын жардамы менен аларга каршы күрөшүү башка өсүмдүктөргө караганда бир кыйла даражада татаалданган анткен себеби, алардын көпчүлүгүнүн түшүмүн жыйнап алуу (бадырандардын, чамгырдын, салаттын жана башкалардын) 2—3 күндө мезгил-мезгили менен жүргүзүлөт, ал эми өсүмдүктөрдөгү уу химикаттар 15—20 күнгө сакталат. Мындан тышкары жашылча өсүмдүктөрүнүн түптөрүндө (чамгырдын, ашкана кызылчасынын, сабиздин) уу химикаттарды колдонгон кезде, аларды топуракка чачканда өзгөчө бир жагымсыз жыт жана даам пайда болот. Ошондуктан жашылча жана бакча өсүмдүктөрүндө химиялык препараттарды колдонуу катуу чектелген болууга тийиш, ал эми зыянкечтерден коргоо үчүн күрөшүүнүн агротехникалык жана биологиялык чараларын жүргүзүүгө зор көңүл буруу керек.

Таарыгычтар жана жалган таарыгычтар. Булар тырсылдак коңуздардын жана сасык коңуздардын личинкалары. Личинкалар сырткы көрүнүшү жагынан бири-бирине окшош, түсү сары, бозомтук же кара күрөң денеси узун болот. Алар жерде жашашат. Ар түрдүү өсүмдүктөрдүн тамырларына тамыр моюндарына жана түптөрүнө, анын ичинде капусталарга, бадыраңдарга, сабиздерге, кызылчаларга, пияздарга, помидорлорго, себилген үрөндөргө жана өнүп келаткан ашкабактарга, дарбыздарга, коондорго, кабачкилерге зыян келтиришет.

Агротехникалык чаралардын: топуракты жакшы иштетүүнүн, участокту күзүндө казуунун, отоо чөптөрдү жок кылуунун, айрыкча жогорудагы зыянкечтерге каршы күрөшүүдө жер семирткичтерди, калий жана аммиак чачуунун чоң маанеси бар.

Чоң коңуздарга каршы ууландырылган жашыл таткантыкчтарды колдонушат, аларды (10 л сууга 20 г препарат эсебинде 80% түү) техникалык хлорофос чачыратылган чөптөрдөн даярдайт.

Кемирүүчү көпөлөктөр. Буларга түнкү көпөлөктөрдүн бир нече түрлөрү кирет, алардын курттары сабактарды, жалбыректардын өзөктөрүн, ошондой эле түптөрдүн жогорку бөлүгүн, кээ бир учурда помидорлорду кемирип жешет.

Күрөшүүнүн чаралары. Көпөлөктөрдүн курттары отоо чөптөр менен жакшы тамактанышат. Ошондуктан отоо чөптөрдү дайыма жок кылып туруу көпөлөктөрдүн санын бир кыйла көп кыскартууга мүмкүнчүлүк берет. Ошондой эле участокту күзүндө сугаруу жана кыртышты андан кийин казуу кыштоочу курттардын чоң бөлүгүн жок кылууга өбөлгө түзөт.

Азыркы кезде көпөлөктөргө каршы күрөшүүдө биологиялык методду кеңири колдонушат. Жумуртка тууй баштаган мезгилинде участокко жумуртка жей турган трихо-

раммаларды коё беришет. Бул кичинекей курт-кумурска, зыянкечтин жумурткасынын ичине өзүнүн жумурткасын тууйт, мына ошентип аларды жок кылат. Аянты 0,02 га участокко үч мөөнөттө — жумурткаларды адеп тууй баштаганда, массалык түрдө тууй баштаган кезде жана экинчисин чыгаргандан 3—5 күндөн кийин трихограммалардын 1—1,5 миң даанасын коё беришет. Трихограмма зыянкечтердин жумурткасын 90% ке чейин ууландырат, ошондуктан химиялык каражаттарды колдонуунун кереги жок.

Трихограммаларды алуу үчүн кварталдык комитеттер же бак өстүрүүчү шериктештик аркылуу Кыргызсельхозхимиянын республикалык биология лабораториясына кайрылууга болот.

Жылаңач илдет жашылча өсүмдүктөрүнө зыян келтирет. Алар жалбыректарды жешип, ал эми түптөрдө терең көндөйлөрдү жей башташат.

Күрөшүүнүн чаралары. Өсүмдүктөрдү зыянга учуроодон коргоо үчүн жер желими көп санда көбөйө турган арыктардагы жана башка нымдуу жерлердеги чөптү чаап салуу керек.

Жашылча өсүмдүктөрү эгилген топуракка 100 м^2 аянтка 2—2,5 кг эсебинде күйгүзүлгөн акиташ же акиташ менен (1 : 1) катышта тамеки чаңынын аралашмасын себишет. Айрым өсүмдүктөрдү минералдык кургак жер семирткичтерден жасалган — калий тузу, суперфосфат менен тегерек кылып курчап коюшат. Бул жумушту качан жер желими уюгунан сойлоп чыккан кезде, караңгы киргенде же түн ичинде жүргүзүү керек. Анчалык чоң эмес участоктордо өсүмдүктөрдүн арасындагы жашынуучу жайлардан, күндүз зыянкечтер кирип алышкан, капусталардын жалбыректарынан кол менен жыйнашат.

Капустанын зыянкечтери

Капуста бити бүткүл жай мезгилинин ичинде жалбыракка зыян келтирет. Күзүндө ургаачылары тууган жумурткалар капустанын талаада калган өзөгүндө, сурепкада, койчу сумкада кыштап чыгышат. Жазында алардан личинкалар өсүп-өнүгүп чыга башташат, андан кийин ургаачылары жаңы туулгандардын эсебинен көбөйө баштайт. Ар бир ургаачысынын айланасында биттердин колониясы өсүп чыгат, алар өсүмдүктөрдүн ширеси менен тамактанышат, мына ушунун негизинде жалбыректар өңү өчүп, куруша баштайт, капустанын башынын өсүүсү токтолот. Жылына капуста битинин 10—12 мууну өсүп чыгат.

Күрөшүүнүн чаралары. Капуста битинин пайда болушун алдын-ала эскертүү үчүн айдоолордогу жана алардын айланасындагы отоо чөптөрдү, айрыкча сурепканы, койчу сумканы системалуу түрдө жана кылдаттык менен жок кылуу зарыл. Эгерде капуста бити бар болсо, махорканын же тамекинин маңызы менен бүрктүрүү керек. Маңызды даярдоо үчүн майдаланган 1 кг тамекинин жалбырагына жана сабагына 10 л суу куят жана жабык идиште 30 минут кайнатышат. Суунун кайнашына жараша мурунку деңгээлине чейин толтуруп куюшат. Алынган маңызды тундуруп коюшат жана электен өткөрүшөт. Бүрктүрөөрдүн алдында 1 бөлүк маңызды 10 бөлүк суу менен аралаштырышат жана ага 40—50 г кир самын кошушат.

Капустаны (0,2% түү 10 л сууга 20 г кошулган) концентрациядагы техникалык хлорофос же 0,2% түү карбофостун эмульсиясы менен бүрктүргөндө жакшы натыйжаларды берет. Жалбыректардын жогорку жана төмөнкү жактарына суюктуктун текши бүрктүрүлүшүнө жетишүү керек, анткени, биттер препарат менен түздөн-түз контакт болгон кезде гана өлөт.

Капуста күбөсү. Зыянкечтин курттары пленка өндүү терезечелер түрүндө үстүнкү кабыкчаны бүтүн калтырып, жалбыректын жумшагы менен тамактанат.

Ак көпөлөктөр (капустанын жана чамгырдын). Курттар чоң-чоң тамырларды гана калтырып, жалбыректардын четтерин жешет. Бир жайдын ичинде 2—3 мууну өсөт. Куурчакчалар даректардын сөңгөктөрүндө, имараттардын дубалдарында кышташат.

Капуста көпөлөгү. Жаш курттар жалбыректарда көзөнөктөрдү пайда кылып, кемирип жеп, жалбыректар менен тамактанышат, ал эми андан чоңдору капустанын башына кирип алышып, анын көңдөйчөлөрүн кемирип жешип, заңдар менен булгашат. Жайдын ичинде 2 мууну өсөт.

Капуста күбөсү, ак көпөлөктөр, капуста көпөлөгүнө каршы күрөшүү чаралары: капуста өстүрүүнүн агротехникасын бекем сактоо, участокто отоо чөптөрдү жок кылуу жана биологиялык препараттар менен бүрктүрүү болуп саналат. Энтобактеринди жана БИПти колдонуу жакшы натыйжаларды берет. Алар 10 л сууга 50 г эсебинде 2 г хлорофосту кошуу менен сууда эритилет. Аны менен өсүмдүктөрдүн курттары жаңыдан жанданып өсүп жаткан мезгилинде бүрктүрүшөт. Зыянкечтер экинчи-үчүнчү күндө өлө баштайт жана анын толук жок болушу 10—12 күнгө созулат, андан кийин бүрктүрүүнүн зарылчылыгы болсо кайталанат. Биологиялык препараттар адам жана пайдалуу курт-кумурскалар үчүн зыянсыз, тийиштүү даражада натыйжа берет, ошондуктан аларды пайдаланган кезде башка чаралар талап кылынбайт.

Бадырандардын, ашкабактардын жана башка өсүмдүктөрдүн зыянкечтери

Бакча бити кабачкаларга, бадырандарга, дарбыздарга зыян келтирет, ошондой эле калемпирде, баклажандарда, маш буурчактарда, сабиздерде жана башка өсүмдүктөрдө кездешет. Бул биттердин личинкалары жана нимфтери отоо чөптөрдө кышташат да жазында өсүп өнүгүшөт, андан кийин маданий өсүмдүктөргө көчүшөт.

Күрөшүүнүн чаралары. Участокто гана эмес, ал эми

анын айланасындагы отоо чөптөрдү системалуу түрдө жок кылуу зарыл. Жырткыч курт-кумурскалардын ичинен биттин душмандары көп. Аларга эл кайда көчтү, заар көздүүлөр, чымындар-сирфиддер, чиркейлер кирет. Бул курт-кумурскаларды короо жанындагы участокко тартуу үчүн укроп себүү керек. Чоң курт-кумурскалар анын гүлдөрүндө тамактанышат, андан кийин бит көбөйүүчү жерлерде жумуртка туушат.

Коргоонун химиялык каражаттарынын ичинен капуста битине каршы колдонулуучу препараттарды пайдаланууга болот.

Чоң чымын кык жыттанган бир кыйла нымдуу участокту тандап алып топурактын дөңгүлүнүн алдына жумуртка тууйт. Чыккан личинкалары көп калган жана өнүп келаткан үрөндөргө, ошондой эле жер үстүнө өсүп чыккандарга зыян келтиришет. Личинка өнүп чыккан үрөндү жана сабагын көзөп кирип өсүмдүктү өлүмгө дуушар кылат. Сабактын ичине кирет. Бир жылда личинканын төрткө чейин мууну өсөт.

Күрөшүүнүн чаралары. Агротехниканы туура сактоо өтө маанилүү. Тегиз өнүмдөр жана тез өсүп өнүккөн өсүмдүк зыянга аз учурайт. Химиялык методдордун ичинен өнүп чыккан өсүмдүктөрдү 0,2% түү хлорофос менен (10 л сууга 20 г) бүрктүрүү жакшы натыйжаларды берет.

Пияздын жана чесноктун зыянкечтери

Тамеки (пияз) трипси. Чоң курт-кумурскалар жана личинкалар алардын ширеси менен тамактанышат, алар пияздын, чесноктун жана башка жашылча-бакча өсүмдүктөрүнүн жалбыректарынын түбүндө, кычыктарында жана гүлдөрүндө жашайт. Зыянга учураган жалбыректар бүрүшүп, саргара жана куурай баштайт, жаш өсүмдүктөр өлөт. Чоң курт-кумурскалар өсүмдүктөрдүн калдыктарында, пияздын кургак кабыгынын астында, топурактын үстүнкү катмарында кышташат.

Күрөшүүнүн чаралары. Өсүмдүктөрдү трипстен коргоо үчүн пияз айдалуучу участокту жыл сайын алмаштыруу, өсүмдүктөрдүн калдыктарын жок кылуу, күзүндө топуракты казуу зарыл.

Өсүп жаткан өсүмдүктөрдө трипс пайда болгон кезде тамекинин же махорканын маңызы (капустанын битине каршы күрөшүүнүн чараларын карагыла), 0,2% түү техникалык хлорофос менен бүрктүрүүнү колдонуу керек. Тукумга калтырылган пияздын күкүрт газын түтөтүү жолу менен (1 м³ үйдүн ичине 60 г күкүрт) зыянсыз кылуу-га болот.

Пияз чымыны севок-пиязына жана чамгырга зыян келтирет. Жумуртканы пияздын кабыктарына же топуракка тууйт. Андан өсүп чыккан личинкалар жалбыректардын негиздерине таркалат. Өсүмдүк солуй баштайт, зыянга учураган пияздар чирий баштайт. Куурчактары 10—12 см тереңдикте топуракта кышташат.

Күрөшүү чаралары. Зыянкеч пайда боло баштаган кезде өсүмдүктү 0,2% түү техникалык хлорофос менен бүрктүрүшөт же катарлар боюнча сугарышат.

ЖАШЫЛЧА ӨСҮМДҮКТӨРҮНҮН ИЛДЕТТЕРИ ЖАНА АЛАРГА КАРШЫ КҮРӨШҮҮНҮН ЧАРАЛАРЫ

Кара бут — топурак мите козу карындарынан пайда болгон көп жашылча өсүмдүктөрүнүн көчөттөрүнүн илдети. Сабактардын негиздери жана тамыр моюндары карарып, ичкерип чирий баштайт. Өсүмдүктөрдү жаман багуу, ашыкча нымдуулук, бир нече жыл бою топуракты алмаштырбастан пайдалануу илдеттин таркалышына көмөкчү болот.

Күрөшүүнүн чаралары. Парниктерде топурак алмаштырылып зыянсыздандырылат. Үрөндү себээр алдында 50° температура 20 минута ысытылат, андан кийин муздатылып, кургатылып жана ТМТД (8 г/кг) препараты менен иштетилет. Өсүмдүк талаптагыдай багылышы тийиш.

Кошумча тамырлар пайда болсун үчүн топурактын үстүнө 2 см калыңдыкта кум төгүү керек.

Чаңгыл кебер — теплицалардагы жана ачык жерлердеги бадыраңдардын, коондун кеңири таркалган жана аздаражада ашкабактардын, кабачкалардын, патиссондордун, дарбыздардын илдети. Инфекциясы булганган өсүмдүктөрдүн калдыктарында сакталып кала берет. Илдетке чалдыккан жалбыректар мурда эле куурай баштайт.

Күрөшүү чаралары. Жыйноодон кийин өсүмдүктөрдүн калдыктары жок кылынат. Өсүмдүктөрдүн 1% түү күкүрттүү коллоиддик суспензия же чыланган порошогу менен иштетилет. 7—10 күн аралыгында күкүрт порошогун (100 м² 250—300 г) чачуу керек.

Бадыраңдардын тамыр чирик илдети теплицаларда таркалган негизги тамырдын кызара башташын жана сууланышын, өсүмдүктөрдүн чүрүшүн пайда кылат. Абанын жана топурактын температурасынын кескин төмөндөшү жердеги кошумча азык-заттардын азайышына байланыштуу. Бул учурда өсүмдүктөрдүн өсүүсү начардап ар кандай грибок илдетине (фузариозго) туруштук берүүсүн жоготот. Илдетти болтурбай коюш үчүн өсүмдүктөргө оптималдуу режим түзүү керек. Эң көбүрөөк жабыр тартканөсүмдүктөрдү алып салуу жана жок кылуу зарыл.

Бадыраңдардын бактериозу. Илдетке чалдыккан өсүмдүктөрдүн жалбыректарында адегенде май сыяктуу тактар андан кийин буурул, кургак тактар пайда боло баштайт. Мөмөлөрдө жара пайда болот, аларда күн бүркөк болуп турганда жаш сыяктанган тамчылары чыгып турат. Инфекция топуракта, илдетке чалдыккан өсүмдүктөрдүн калдыктарында жана үрөндөрдө сакталып кала берет. Илдетке чалдыккан жалбыректардын кичинекей бөлүкчөлөрү шамал жана жаандын тамчылары аркылуу таркалат.

Антракноз (медянка) — өсүмдүктүн жер үстүндөгү бөлүгүн илдетке чалдыктыруучу ашкабак өсүмдүктөрүнүн мите козукарын илдети. Жалбыректарда жана сабактар-

да чоң-чоң агыш-күрөң тактар, мөмөлөрдө — мите козукарындын кызгылт түсү бар жаралар пайда боло баштайт. Илдет үрөндөр жана илдетке чалдыккан өсүмдүктөрдүн калдыктары аркылуу жугат.

Ак чирик — теплицаларда, сактоочу жайларда жана талаада көп кездешүүчү жашылча өсүмдүктөрүнүн мите козукарын илдети. Бул илдетке теплицаларда жана сугаргандан кийин ачык топурактагы бадырандар жана сакталуу кезинде сабиз өзгөчө көбүрөөк чалдыгат. Илдетке чалдыккан ткань жумшарып, тыгыз ак мите козукарын менен капталат. Аларда мите козукарындын кара склерациясы пайда болот. Инфекция топуракта сакталып кала берет.

Күрөшүүнүн чаралары. Бадырандын бактериозуна, антракиозуна, чирик илдетине, жашылча өсүмдүктөрүнүн ак чирик илдетине каршы күрөшүүдө жыйнап алгандан кийинки калдыктарды жок кылуунун жана терең тоңдурма айдоонун, мөмөлөрдү алмаштыруунун жана өсүмдүктөрдү жакшы багуунун чоң мааниси бар. ТМТД (4 г/кг) препараты же 10% түү марганец кычкыл калийдин эритиндиси менен себээрдин алдында 45 минута үрөндү дарылоо, илдеттер пайда болордун алдында 1% түү бордос суюктугу же 0,4% түү жездин хлорлуу кычкылтеги менен бүркүрүү керек.

Помидорлордун фитофторозу — мите козукарын илдети. Помидордо бозомтук-күрөң так пайда боло баштайт, ал бара-бара бүткүл помидорду басып калат. Жалбырактарындагы так кара-күрөң болот, алардын айланасында төмөн жагынан мите козукарындын агыш кебери пайда боло баштайт. Мындай илдет помидорго картошкадан өтөт.

Помидорлордун микроспориозу (кургак так) — мите козукарын илдети. Жалбырактарында билинер-билинбес зоналдуулугу бар бозомтук күрөң так, помидордун өзүндө мите кокузкарындын баркыт сыяктуу каралжын тарткан так пайда боло баштайт. Мите козукарын топурактагы өсүмдүктөрдүн калдыктарына кыштайт.

Помидорлордун септориозу (ак тагы). Жалбыректардын жээгинде каралжын тарткан точкалар бара-бара мите козукарындын денесинде бозомтук ак такка айлана баштайт. Буга чалдыккан жалбыректар күн мурунтан эле өлүп калат.

Бактериалдык рак илдети. Илдеттин жалпы жана жергиликтүү болуп эки формасы бар. Жалпы формасына чалдыккан кезде көчөттөрдө жана чоң өсүмдүктөрдө жалбыректары менен бутакчалары солуй баштайт, сабактарында, калемчелерде, жалбыректардын тарамыштарында карайган тилкелер, узата кеткен жаракалар пайда болот. Жалбыректар, андан кийин өсүмдүктөр да бүтүндөй кургай баштайт. Жергиликтүү илдеттерге чалдыккан кезде помидорлордо «канаттуунун көзүндөй» кичинекей каралжын борбору бар сары так, жалбыректарында, калемчелеринде, мөмө байлоочуларында жана сабактарында ар түрдүү формадагы кара күрөң жаракчалар пайда боло баштайт. Илдет булганган өсүмдүктөрдүн калдыктарынан, үрөн, топурак аркылуу, ошондой эле көчөттөрдү көчүрүп отургузган кезде шамал, жаан-чачындын чачырандысы жана курт-кумурскалар аркылуу таркалат.

Бактериалдык кара так илдети ар түрдүү жаштагы өсүмдүктөрдү илдетке чалдыктырат. Илдетке чалдыккан бөлүктөрдө көп сандаган тегерек тарткан так пайда болот. Илдетке өтө көбүрөөк чалдыккан помидорлор продуктуулугун жоготот. Бактериялар топурактагы өсүмдүктөрдүн калдыктарында кыштап чыгып, жазында үрөндөр менен таркалышат.

Помидорлордун чирик илдети. Илдет помидордун чокусунда кара так түрүндө алгачкы түйүлгөн өсүмдүктө пайда болот. Көчөттөрдү көлдөтүп өтө көп сугаруу жана азот жер семирткичи менен ашыкча азыктандыруу өсүмдүктүн илдетке чалдыгышын алдын алат. Бактериялык чирик илдетине чалдыкан кездеги жугуштуу башталыш үрөндөрдө жана помидорлордун калдыктарында сакталып кала берет.

Помидорлордун вирус илдеттери. Мозаика теплицаларда жана ачык топурактарда таркалган. Жалбыректардын кескин түрдө чыбыр-ала болушу байкалат (нормалдуу боёлгон участоктор ачык-жашыл түс менен кезектешет). Жалбырак пластинкасы майда тартып, жип сыяктуу болуп, бырыш басып кетиши мүмкүн. Вирус өгөйлөрдү кайыштырган кезде илдеттүү өсүмдүктүн ширеси жана илдетке чалдыккан үрөндөр аркылуу өтөт.

Стрик ачык жана жабык топурактарда кездешет. Илдетке чалдыккан өсүмдүктөрдүн сабактарында, калемчелеринде кара күрөң-кызгылт штрихтер жана тилкелер, ал эми жалбыректарында туура эмес формадагы каралжын тактар пайда болот. Өсүмдүк каткалаң тартып, оңой сынат. Илдет мозаика өндүү эле жолдор менен жугат. Мындан тышкары, биттердин жардамы менен вирустар картошкадан, бакча өсүмдүктөрүнөн жана помидорлордогу отоо чөптөрдөн алып келинет.

Помидорлордун илдеттерине каршы күрөшүүнүн чаралары. Күзгү мезгилде участокто өсүмдүктөрдү кезектештирүүнү сактоо, көчөттү топуракка мүмкүн болушунча эрте мөөнөттөрдө отургузуу, отоо чөптөрдү системалуу түрдө жок кылуу зарыл. Үрөндү себээрдин алдында 1% түү марганец кычкыл калийи менен 20 минута, андан кийин ТМТД препараты (8 г/кг) менен дарылоо керек. Өсүмдүк өсүп жаткан кезде илдет пайда болгон учурда жездин хлорлуу кычкылтегинин 0,4% түү суспензиясы, купрозан (хомецин) же бордос суюктугунун 1% түү эртиндиси менен бүрктүрүү жүргүзүлөт.

Пияздын жалган чаңгыр кебер (пероноспороз) илдети. Илдеттин алгачкы жазында үрөндүктөрдө пайда болот, анткен себеби, мите козукарын илдетке чалдыккан пияздарда кыштап чыгат. Үрөндүктөрдөн биринчи жылкы эгилген өсүмдүктөр илдетке чалдыгат. Жалбыректары кумсарыңкы тартып, жылтыраганын жоготот, митенин бозомтук тарткан кебери менен капталат жана тез эле кургай баш-

тайт. Пияз өспөйт. Өзгөчө уруктуктар катуу жабыр тартышат: түшүм дээрлик бүт бойдон өлөт.

Күрөшүүнүн чаралары. Илдетке чалдыкпаган энелик материалды өстүрүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл, бул үчүн пияздын мурдагы ордуна үч жылдан кийин гана кайталанып эгилиши менен өсүмдүктөрдүн кезектешишин сактоо керек; үрөндүктөрдү отургузууну биринчи жылкы эгилгендерден бөлөк отургузуу керек. Үрөндүктөрдү фунгициддер менен: жездин хлордуу кычкылтегинин 0,4% түү суспензиясы же купрозан менен, бордос суюктугунун 1% түү эритиндиси менен иштетишет. Профилактикалык биринчи бүрктүрүүнү илдет пайда боло электе, жалбырактар өсө баштагандан кийин жүргүзөт. Илдеттин биринчи белгиси байкалган кезде илдетке чалдыккан өсүмдүктөрдү талаадан алып ташташат (полиэтилен идишке салып), ал эми айдоолорду болсо ар бир 10—12 күндө 6—8 жолдон фунгициддер менен иштетишет жана иштетүүнү пияз гүлдөй баштаганда токтотушат.

Пиязды уу химикаттар менен иштетүүгө такыр тыюу салынат. Илдетке чалдыккан участоктордон жыйналып алынган пияздарды сактоого коёрдун алдында, аларды бир саат бою 18—20°, андан кийин 49—50° С температурада ысытып, зыянсыздандырылат.

Пияздын моюн чирик илдети — жогорку нымдуулукта өнүгүүчү мите козукарын илдети. Бышып жетиле элек же анчалык жакшы кургатылбаган пияздарда көп кездешет. Пияздын кабыктарынын ортосунда каралжын тыгыз келген налет жана мите козукарындын кап-кара склероциялары пайда болуп, эттүү кабыктар жумшара баштайт. Бул илдет сакталуудагы жана талаага отургузулуучу пияздарды өлүмгө дуушарлантат.

Күрөшүүнүн чаралары. Буга эрте мөөнөттөрдө өстүрүүнүн, себүүнүн жана отургузуунун агротехникасын сактоо, жер семирткичтерди өз убагында чачуу, сактоого коёрдун алдында пиязды кургатуу чаралары кирет. Жыйнап алгандан кийин пиязды бир катар абалында жайып, талаада

кургатышат. Андан кийин пиязды 30—35° температурада 8—10 күн үйдүн ичинде же атайын кургатуучу жайларда ысык аба менен (45°) 9—12 саат кургатып, андан кийин 30—40° температурада биротоло кургатышат. Энелик пияздарды ысыткандан кийин дагы бир жолу карап чыгышат жана илдетки чалдыккандарды жараксыздыкка чыгарышт.

Пияздын жана чесноктун өзөгүнүн нематодасы. Бул өнүп келеткан пияз менен чеснокту өлүмгө учуратуучу, өсүмдүктөрдүн тамырларын солутууну пайда кылуучу — узундугу 1—1,5 мм келген майда курт. Кургак кабыктарда, куураган чеснокто жана башка калдыктарда 2—3 жыл бою сакталат.

Күрөшүүнүн чаралары. Буга 3—4 жылдан кийин пиязды кайрадан мурдагы эски ордуна отургузуу, отогон кезде илдетке чалдыккан өсүмдүктөрдү кылдаттык менен тазаларын бөлүү, сакталуудагы пияздарды жазында текшерип, жарамсыздарын браккa чыгаруу жумуштары кирет. Жыйнап алгандан кийинки калдыктарды жок кылуу атайын аңгектерге хлорлуу акиташ себүү, пияз сакталган жердеги калдыктарды өрттөө керек. Сактоочу жайлар жакшылап тазаланып, күкүрт газы менен дезинфекцияланат. Илдетке чалдыккан участокто өстүрүлгөн пияздын уругу зыянсыздандырылат, бул үчүн 18—20° температурада бир саат бою, андан кийин 49—50° та 5—10 минута ысытылат.

Капустанын илдети. Капустанын былжырлуу бактериозу жазында жана жайдын башталышында отургузулган капустанын вегетациясынын аягында кочандын чиришин жана сабактарынан түшүп калышын пайда кылат. **Сосуда бактериозу** жалбыректын тарамыштарынын тармагын илдетке учуратат: калемчелердин жана сабактардын өзөкчөлөрү кесилген жерде кара так пайда болот.

Күрөшүүнүн чаралары. Урукту 50° температурадагы сууда 25 минута ысытып, андан кийин кургатуу керек. 1% түү бордос суюктугу менен же 4% түү жездин хлор-

луу кычкылтеги менен бүрктүрүү, мөмөлөрдү алмаштыруу, үрөндүк капустанын эски жалбыректарын, ошондой эле илдетке өтө көбүрөөк чалдыккан өсүмдүктөрдү участоктордон алып таштоо, урук үчүн таза гана кочандарды тандап алуу сунуш кылынат.

ӨСҮМДҮКТӨРДҮ БҮРКТҮРҮҮНҮН, ЧАҢДАТУУНУН ЖАНА УУ ХИМИКАТТАРДЫ САКТООНУН НЕГИЗГИ ЭРЕЖЕЛЕРИ

Мөмө берүүчү жана жашылча өсүмдүктөрүнүн зыянкечтери менен илдеттерине каршы багытталган чаралардын натыйжалуулугу көп учурда аларды өз убагында колдонууга байланыштуу болот. Ошондуктан иштетүүнүн мөөнөттөрүн өткөрүп жиберүүгө же создуктурууга жарабайт.

Бүрктүргөн жана чаңдаткан кезде өсүмдүктөрдө препараттын бир кылка бөлүштүрүлүшүнө жетишүү зарыл. Катуу шамал болуп турганда, күн ысыкта (күйгүзүп кетүүдөн качуу үчүн), жаан жаардын алдында жана жаан жаап жаткан мезгилде аларды иштетүүнүн кереги жок. Эртең менен жана кечинде иштетүү ыңгайлуу мезгил болуп эсептелет.

Гүлдөп жаткан мезгилде өсүмдүктөрдү бүрктүрүүгө жана чаңдатууга такыр тыюу салынат, анткен себеби, мунун менен биз негизги чаңдаткычтарды — үй аарыларын уулантып алабыз. Бардык химиялык иштетүүнү түшүмдү жыйнап алганга чейин 20—25 күн мурда, ал эми өсүмдүктөрдүн маңыздарын же настойлорун пайдаланган кезде 10—12 күн мурда токтотуу керек.

Уу химикаттар менен иштеген кезде алдын ала сактануунун чараларын: атайын кийимдерди кийүү(халаттарды, мээлейлерди, көз айнек) зарыл. Иштеп жаткан кезде тамеки тартууга, тамак ичүүгө болбойт. Жумушту бүткөндөн кийин бетти жана колду самын менен абдан жуушу керек. Уу химикаттар сакталган идишти башка максат-

тар үчүн пайдаланууга болбойт. Уу химикаттарды, аппаратураларды жана атайын кийимди атайын өзүнчө имаратта сактоо керек. Аларды жалпы кампада жана өзгөчө тамак-аш продуктылары менен бирге чогуу туруусуна жол берилбейт. Ар бир препарат этикетикалары бар бекем жабылган идиште сакталат. Бүрктүрүү үчүн маңыздарды жана настойлорду пайдаланган кезде, уу химикаттар менен иштеген сыяктуу этият болуу керек, анткени, терини күйгүзүп же дем алуу органдарына, көзгө ж. б. зыян кылышы мүмкүн.

МӨМӨ-ЖЕМИШ ӨСҮМДҮКТӨРҮНҮН СУНУШ КЫЛЫНГАН СОРТТОРУНУН КЫСКАЧА МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ

Уруктуулар

Алма

Папировка эрте бышуучу сорт. Кышка чыдамдуу. Анча бийик эмес. Мезгил-мезгил менен түшүм берет. Мөмөсү орто (100 г чейин), тоголок-сүйрү формада. Түшүмүнүн көпчүлүгүнүн кабыгында тигиш сыяктуу темгилдери бар. Түсү эндиксиз ачык сары кызгылт. Алманын жумшагы ак, татту-кычкыл, даамы жакшы. Олтургузулгандан 4—5 жылдан кийин түшүм берет. Түшүмдүүлүгү жогору, ар бир алма багынан орто эсеп менен 45 кг алынат.

Пеструшка (Конфетное). Кышка чыдамдуу, бийик өсөт, түшүмдүү. Мөмөсү ирдүү (150 г чейин), ачык-кызгылт тилкелүү түрдө болуп, кабыгы калың эндиктүү саргыч жана көгүлтүр келет. Жумшагы ак, орто жыштыкта, жыттуу, ширелүү, даамдуу. Отургузулгандан 7—8 жылдан кийин түшүм берет, 15 жылдык бир түп алма багынын түшүмдүүлүгү 100 кг чейин.

Ренет Бурхардта (Лимоновка, Летний лимон). Жайдын акырында бышуучу сорт. Кышка өтө чыдамдуу, анча бийик эмес. Мөмөсү орто (100 г чейин), тоголок, түсү лимон сыяктуу саргыч. Жумшагы өтө жыш, майда дандуу, ширелүү, кычкыл, даамы жакшы, жыттуу. Түшүмү варенье үчүн эң жакшы. Отургузулгандан 5—6 жыл өткөндөн кийин түшүм бере баштайт. Жылына ар түп алманын түшүмдүүлүгү 52 кг жетет.

Суйслеппер (Бело-розовое столовое, Столовка). Жайында бышуучу сорт. Кышка чыдамдуу. бийик өсөт, түшүмү орто. Мөмөсү орто (100 г чейин), тоголок-сүйрүү ак-саргыч, жагымдуу. Жумшагы ак, ширелүү, өтө даамдуу. Жемиши тез бышат. Отургузгандан 8—10 жылдан кийин түшүм берет. 15 жылдык бир түп алма багынын орточо түшүмдүүлүгү 23 кг.

Александр Апорту. Кышка чыдамдуу, анча бийик эмес. Тоолуу зонада кышкы, өрөөндүү зонада күзгү сорту өсөт. Мөмөсү чоң (260—270 г), тоголок сүйрү, бардык түшүмү кызыл темгил келип көк-жашыл. Апорттун түсү кочкул-кызыл. Жумшагы ак, көк-саргыч темгилдүү, кычкыл-таттуу, жыттуу.

Апорттон жакшы как кургатылат.

Отургузулгандан 3—4 жылдан кийин түшүм берет. 15 жылдык ар түп алма багынын түшүмдүүлүгү орточо 40 кг.

Пепин шафранный. Кышка чыдамдуу, анча бийик эмес. Мөмөсү орто (100 г чейин), ачык-кызыл, кээде өтө кызыл. Жумшагы жыш, саргыч, даамы жакшы. Отургузулгандан 5—6 жыл өткөндөн кийин түшүм берет. Ар бир түптүн жылдык түшүмдүүлүгү 120—150 кг. Алма февраль-март айына чейин сакталат.

Слава победителям. Жай мезгилинде бышуучу сорт. Кышка чыдамдуу, бийик өсөт.

Мөмөсү ирдүү (150 г ашык), ачык-кызыл саргыч келет, өтө жагымдуу. Жумшагы ак, ширелүү, даамдуу.

Отургузулгандан 3—4 жылдан кийин түшүм берет. 15 жылдык алма багынын ар түбү орточо 30 кг чейин жыл сайын түшүм берет. Мөмөсү бир мезгилде бышпайт, 15—20 күн сакталат.

Уэлси. Боровинка сортунан чыккан күзгү-кышкы алма. Кышка чыдамдуу, начар өсөт.

Мөмөсү орточо (100 г жакын), саргыч келип, кызыл тоголок, жумшагы кызгылт, кычкыл-таттуу болуп даамы жакшы, жыттуу келет.

Отургузулгандан 5—6 жылдан кийин түшүм берет. Ар бир алма багынан 43 кг түшүм алынат. Түшүмү декабрь-январь айына чейин сакталат.

Грушовка Веренская. Кеч бышуучу сорт. Кышка анча чыдамы жок. Анча бийик өспөйт.

Мөмөсү анча чоң эмес (90 г чейин), тоголок же тоголок-сүйрү, кочкул-кызыл, айрым жылдарда кабыгында сары так көп болот. Жумшагы, саргыч келет, өтө ширелүү, өзүнчө даамы бар кычкыл-таттуу.

Олтургузулгандан 7—8 жылдан кийин түшүм берет. 15-жылдык алма багынын ар түбүнөн 70 кг түшүм алынат.

Голден Делишес — Америкада чыгарылган кеч бышуучу сорт. Кышка орто туруктуу, начар өсөт, тез бышат, түшүмү жакшы.

Мөмөсү орточо (100 г), тоголок, бир аз тилкелүү, сактоого коюлган лимон сыяктуу саргыч келет. Жумшагы саргыч, ширелүү, өзгөчө жыттуу.

Отургузулгандан 2 жылдан кийин түшүм берет. Түшүмү май айына чейин сакталат.

Делишес. Кыргызстандын түндүгүндө өсөт, кышка начар чыдамдуу.

Мөмөсү чоң (160 г чейин), сүйрү. Кабыгы кызгылт. Жумшагы сары-көк, ширелүү, өтө жыттуу, таттуу-кычкыл даамы бар.

Отургузулгандан 6—7 жылдан кийин түшүм бере баштайт. Түшүмдүүлүгү орточо.

Киргизское зимное. Кышка чыдамдуу.

Түшүмү тоголок, чоң (200 г чейин), кабыгы туташ кочкул кызгылт. Жумшагы ширелүү, даамы кычкыл таттуу, жыттуу.

Отургузулгандан 5 жылдан кийин түшүм берет. Түшүмдүүлүгү жогору, февраль айына чейин сакталат.

Рашида. Кышка чыдамдуу, анча бийик эмес, түшүмдүү.

Мөмөсү ирдүү (150 г) жол-жолдуу кочкул-кызыл түстө, жумшагы ак ачык сары, ширелүү, кычкыл-таттуу, жыттуу.

Отургузулгандан кийин 5—6 жылда түшүм берет.

Ренет Курский золотой. Кышка чыдамдуу, анча бийик эмес.

Мөмөсү — чоң (150 г) арбын, тоголок, күнгө караган жагы жашыл-саргыч, даамы кычкыл-таттуу, сактоого чыдамдуу. Май айына чейин сакталат.

Түшүмү жогору, жыл сайын мөмө бербейт.

Симеренко ренаты. Кышка анча чыдамдуу эмес, кыш катуу болгондо суукка алдырып коёт. Ош областында жакшы өсөт.

Мөмөсү орто (100 г), уч жагы келип, ачык-жашыл, чоң ак темгилдүү болот. Жумшагы ак, ширелүү, даамдуу келет.

Отургузулгандан 5—6 жылдан кийин түшүм берет. Түшүмдүүлүгү жакшы. Май айына чейин сакталат.

Старкримсон — Америкада өндүрүлгөн. Кышка орто чыдамдуу, начар өсөт, түшүмү да орточо.

Мөмөсү ирдүү (150 г) жол-жолдуу кочкул-кызыл түстө, жумшагы саргыч, ширелүү, таттуу, жагымдуу даамы бар, даны майда. Кабыгы урунууга бат дуушар болот. Түшүмү мартка чейин сакталат.

Сюрприз. Эрте бышуучу сорт. Кышка туруктуу, начар өсөт.

Мөмөсү орточо (55 г), даамы жакшы, кычкыл-таттуу, составында 20% кант болот, жогорку витаминдүү, 7 мг % жакын аскорбин кислотасы бар.

Осенняя радость. Эрте бышуучу алманын сорту. Кышка чыдамдуу, анча жакшы өспөйт.

Мөмөсү майда (38 г), бирок даамдуулук жагынан артыкчылык кылат. Түсү жемиштин көпчүлүгүндө ачык-кызыл болот. Канттуулугу 17% ти, аскорбин 7,3 мг % ти түзөт.

Алтайское румяное. Эрте бышат. Кышка туруктуу, анча бийик өспөйт.

Мөмөсү орто (45 г), таттуу-кычкыл, түсү кызыл келип, канттуулугу 10%ке жетет.

Барнаульская раннее. Эрте бышуучу алма. Кышка чыдамдуу, анча бийик өспөйт.

Мөмөсү орто (40 г), тоголок, ачык-сары, кислота жыттанып турат.

Космическое. Орто мезгилде бышат. Кышка чыдамдуу. Алма кычкыл-таттуу келип, анда 10%ке чейин кант болот.

Алмурут

Любимица Клаппа. Жайында бышуучу сорт. Анча бийик эмес, кышка чыдамдуу.

Мөмөсү орто (130—170 г чейин), жумшак жана таттуу келет. Жемишин эки жумадан артык сактоого болбойт.

Отургузулгандан 6—8 жылдан кийин түшүм берет. Түшүмү орточо.

Ласточка. Жайында бышуучу сорт. Кышка чыдамдуу, түшүмүн эрте берет, бирок дайыма эмес.

Мөмөсүнүн орточо салмагы (135 г), учкай келген формада ачык-көк болот, жумшагынын даамы жагымдуу. Бир жумага чейин сакталат.

Бере Боок. Күзүндө бышуучу сорт. Кышка анча чыдамдуу эмес.

Мөмөсү ирдүү (200 г ашык), сырты дат баскан сыяктуу келип, суулуу, жумшак болот. 20 күнгө чейин сакталат.

Вильямс. Күзүндө бышуучу сорт. Кышка анча чыдамдуу эмес, жапысыраак өсөт.

Мөмөсү ирдүү (200г ашык), жумшак, ширелүү, мускат жыттуу, даамдуу келет. 10 жылдык мөмө берүүчү бактан орточо 16 кг түшүм алынат.

Бул сорт чандаштырууда Любимица Клаппа, Лесная красавица, Бере Боскту талап кылат.

Лесная красавица. Күзүндө бышуучу сорт. Кышка чыдамдуу, бийик өсүүчү, түшүмдүү келет.

Мөмөсү ирдүү, жумуртка түспөлүндө болот. Кабыгы жука, анын күн караган жагын оңой эле аарчып алууга болот. Жумшагы саргыч-ак, ширелүү, эзилме, таттуу келет.

Олтургузулгандан 6—7 жылдан кийин түшүм берет. Түшүмүн 20—25 күн, муздаткычта 1,5—2 ай сактоого болот.

Бере Арданпон (Фердинанд). Кеч бышуучу сорт. Анча бийик өспөйт, кышка чыдамдуу, бирок калканычтын болуусун талап кылат.

Мөмөсү ирдүү, жумшагы ак, өтө ширелүү, бат эле эзлип кетет. Октябрь айында түшүмү жыйналат да январь- февраль айына чейин сакталат. Ар бир түптөн орточо 30—36 кг түшүм жыйналат.

Лесная красавица мыкты чандаткыч болот.

Куляля. Жергиликтүү кышкы сорт, Кыргызстандын түштүгүндө таркалган. Кышка чыдамдуу, анча бийик өспөйт.

Мөмөсү ирдүү тоголок, жогору жагы дөмпөйүңкү келет, сырты ачык түстүү келет. Жумшагы саргыч, ширелүү, катуу, таттуу, жыттуулугу начар, орточо даамдуу келип, апрель айына чейин гана сакталат. Сорту жогорку түшүмдүү, бирок мөмө алышы мезгилдүү болот.

Аливье де-Серр. Эң жакшы кышкы сорт. Кышка анча чыдамдуу эмес, өтө бийик өспөйт.

Мөмөсү орто, кээде чоң болот (200 г жетет), тоголок, кырдуу келет. Кабыгы жылма эмес, жашыл сары келип, анча эмес темгилдүү болот. Эти ак-сары келип, жыш, даны чоң, ширелүү, өтө таттуу, миндалдын жагымдуу жыты бар, сапаты жакшы. Түшүмү март айына чейин сакталат. Түшүмдүүлүгү анча эмес.

Данектүүлөр

Гилас. *Майская ранняя.* Өтө эрте бышуучу сорт. Кышка чыдамдуу, бийик өсөт, түшүмдүү.

Мөмөсү орточо чондукта, түсү кара-күрөң кызыл. Жумшагы кызыл,

ширелүү, даамы бир аз кычкыл, маңызы коюу түстүү. Май айынын экинчи жарымында бышат.

Зорька. Орто бийиктикте өсөт, кышка анча чыдамдуу эмес.

Мөмөсү ирдүү (5,8 г) күрөң кызыл, эти ачык-сары, ширелүү, өтө таттуу. Данеги орто өлчөмдө. Олтургузулгандан 3-жылдан кийин түшүм берет. Түшүмдүүлүгү жогору, дайыма мөмө берет. Ал 10—15-июлда бышат.

Драгона желтая. Кышка анча чыдамы жок, бийик өсөт.

Мөмөсү ирдүү (5 г чейин), саргыч. Жумшагы кызгылт, ширелүү, даамы жакшы. Данеги орто, жумшагынан начар ажыратылат. Бул сорт ашкана жана консерва жасоо үчүн арналат.

Ленинградская черная. Кышка чыдамдуу, анча бийик өспөйт.

Мөмөсү ирдүү (5,2 г), сары-кызгылттан кара кочкул түскө чейин түрү бар, жумшагы кызгылт, ширелүү, таттуу, өтө даамдуу. Данеги майда, жеңил ажырайт. Отургузулгандан 3 жылдан кийин түшүм берет. Июнь айынын биринчи он күндүгүндө бышат.

Чие (шпанка крупная). Кыргызстандагы чиенин жакшы сорту, ал эрте бышат. Кышка чыдамдуу, өтө бийик өспөйт.

Мөмөсү орточо (4—5 г), жылма тоголок формада. Кабыгы жука, жылтырак, жыш өсөт. Жумшагы ачык кызгылт-сары, даамы кычкылтаттуу. Данеги жумшагынан жеңил ажырайт. Ал бир мезгилде бышып жетилбейт. Аны жаңы кезинде пайдалануу керек.

Любская. Эски орус сорту. Температуранын кескин өзгөрүшүнө жакшы туруштук бербейт, анча бийик өспөйт, түшүмдүүлүгү жакшы.

Мөмөсү орто (3,5—4 г), кочкул-кызыл, толук бышканда карарып кетет. Сыртты жылмакай. Жумшагы кочкул-кызыл, ширелүү, кычкылтаттуу келип, техникалык багытка жумшалат.

Абрикос

Эффект. Эрте бышуучу сорт. Анча бийик өспөйт.

Мөмөсү ирдүү. Кабыгы кызгылт келип, жылмакай эмес. Жумшагы аз ширелүү, даамы таттуу. Данеги бөлүнүп турат. Түшүмүн жаңы кезинде пайдалануура жана иштетүүгө ыңгайлуу.

Королевский. Мөмөсү ирдүү (55—60 г), тоголок, сүйрү формада. Кабыгы жылмакай, орто калыңдыкта. Түсү ачык-кызгылт, күн тийген жагы өтө кызгылт келет. Жумшагы кызгылт, анча ширелүү эмес. Данеги бат ажырайт. Мөмөсү июль айынын биринчи он күндүгүндө бышат. Бул сорт консервага, ашканага жана как кылууга жумшалат.

Никитский. Орто мезгилде бышуучу сорт. Анча бийик эмес, кышка чыдамдуу, түшүмдүү.

Мөмөсү ирдүү (40—50 г), тоголок-сүйрү, кызгылт сары, даамы жакшы. Жумшагы кызгылт, даамдуу, жыттуу. Данеги ажырап турат, таттуу.

Бабаи. Кеч бышуучу сорт. Кышка чыдамдуу, бийик өсөт. Мөмөсү

майда (10 г), узун сүйрү формада, кызгылт-сары. Жумшагы орто жыштыкта, канттуу, бир аз кычкыл. Данеги ажырап турат.

Исфарак. Кеч бышуучу сорт, кургак келет, түшүмү орто, кышка чыдамдуу, бийик өсөт.

Мөмөсү ортодон төмөн (27 г), жылма сүйрү, түсү кызгылт. Жумшагы нык, бышканда жемиши бүрүшүп калат. Канттуулугу жогору — 16—18%. Данеги майда, таттуу. Август айынын экинчи жарымында бышат.

Шабдаалы

Майорлевер. Эрте бышуучу сорт. Орто бийиктикте өсөт, кышка чыдамдуу, эрте түшүм берет, түшүмү жакшы.

Мөмөсү орто (80 г), ачык сары, кочкул-кызгылт темгилдүү. Июль айынын башында бышат. Жумшагы ширелүү, эрип турат, даамы жакшы, жагымдуу жыт берет.

Золотой юбилей. Орто бышкан ашкана сорту. Отургузулгандан 3 жылдан кийин түшүм берет.Сорту суука чыдамдуу. Мөмөсү ирдүү (130 г), капталы кууш, жылтырак-саргыч, ачык-кызгылт түсү бар. Кабыгы жыш келет. Эти ширелүү, жыттуу, даамы жаттуу. Данеги жумшаагыраак бат ажырайт.

Эльберта. Кеч бышуучу сорт. Түшүмдүүлүгү менен айырмаланат, илдеттерге туруктуу келет. 3 жылдан кийин түшүм берет, түшүмдүү сорт. Түшүмү чоң (200 г), тоголок-узун сүйрү формада, жылтырак-саргыч, кызгылт эндик сыяктуу түстө. Эти саргыч, нык, даамы жакшы. Данеги чоң, бош келет. Август айынын аягында бышат.

Кара өрүк

Венгерка Ажанская. Орто бийиктикте өсөт, суукка анча чыдамдуу эмес.

Мөмөсү орто (30 г), сүйрү формада. Кабыгы көгүш-кызыл, жука. Эти ширелүү, даамы таттуу, жагымдуу. Түшүмү август айынын биринчи жарымында бышат, 2 жумага чейин сакталат. Отургузулгандан 4—5 жылдан кийин түшүм берет, түшүмдүүлүгү жакшы.

Чернослив сладкий. Орто мезгилде бышуучу сорт. Анча бийик эмес өсөт, кышка чыдамдуу.

Мөмөсү орто (25—30 г), тоголок формада. Кабыгы кочкул-көгүш, күмүш түстүү. Данеги жумшагынан бат ажырайт. Ширелүү, өтө таттуу жана жыттуу. Түшүмү как жасоого абдан жакшы.

Анна Шпет. Кеч бышуучу сорт. Анча бийик өспөйт, кышка чыдамдуу. Отургузулгандан 4—5 жылдан кийин жакшы түшүм берет.

Мөмөсү ирдүү (40 г чейин), тоголок-узун, ачык же кочкул-көгүш түстө. Данеги жакшы ажырабайт. Жумшагы ширелүү, даамы таттуу. Түшүмү октябрь айынын башында бышат.

Венгерка домашняя (Угорка, кадимки венгерка, Чернослив, Опошнянка ж. б.). Кышка чыдамдуу, бийик өсөт, түшүмү кеч бышат. Ар жылы көп түшүм берет.

Мөмөсү жумуртка сыяктуу сүйрү (20 г), сентябрь айынын аягында бышат. Кабыгы кочкул көк. Эти нык, даамы жакшы. Түшүмүн жаңы кезинде ар кандай түрдө иштетүүгө болот.

Исполинская. (Исполинская венгеркасы). Кеч бышуучу сорт. Суукка чыдамдуу, анча бийик өспөйт. Отургузулгандан 4—5 жылдан кийин мөмө байлайт, түшүмдүү келет.

Мөмөсү жумуртка түспөлдөш чоң (60 г), кара кочкул кып-кызыл, сентябрь айынын ортосунда бышат. Данеги жакшы ажырайт, жумшагы ширелүү, даамы кычкыл-таттуу.

Алча

Десертная. Орто мезгилде бышат. Суукка чыдамдуу, жогорку түшүмдүү.

Түшүмү чоң, даамы жакшы, көзгө көрүнүктүү.

Фиолетовая десертная. Түшүмү чоң, тоголок, көгүш темгилдүү кочкул-кызыл, данеги орточо ажыратылат.

СУНУШ КЫЛЫНГАН ЖҮЗҮМДҮН АЙРЫМ СОРТТОРУНА КЫСКАЧА МҮНӨЗДӨМӨ

Жемчуг Саба. Эрте бышуучу жогорку сапаттуу ашкана сорту. Гүлү эки жыныстуу. Шиңгили орто, цилиндр формасында, жыштуулугу орто. Жемиши ак, орто чондукта. Жумшагы ширелүү, мускат жыттуу даамы бар. Орточо ар түбүнүн түшүмдүүлүгү 6—8 кг.

Киргизский ранний. Эрте бышуучу жогорку түшүмдүү жаңы ашкана сорту. Гүлү эки жыныстуу. Шиңгили чоң (284 г), цилиндр формасында, жыш келет. Жемиши чоң, тоголок, көк, күн тийген жагы күрөң, жумшагы ширелүү. Даамы абдан жакшы. Ар түбүнүн түшүмдүүлүгү орточо 13 кг.

Мускат мадлени. — орто мезгилде бышуучу жогорку түшүмдүү жаңы ашкана сорту. Гүлү эки жыныстуу. Шиңгили чоң (346 г), орто жыштуу. Жемиши тоголок, ачык түстө. Жумшагы өтө даамдуу, мускат жыттуу. Ар түбүнүн түшүмдүүлүгү орточо 10—12 кг.

Кишмиш черный. Данеги жок, орто мезгилде бышуучу ашкана сорту. Кургак түрүндө жогорку түшүм берет. Жылуулукту жакшы кабыл алат. Гүлү эки жыныстуу. Шиңгили орто жана чоң. Жемиши кочкул-көгүш, даамы эң жакшы. Сорт республиканын түштүгүндө кеңири таралган.

Сенсо — орто жана кеч мезгилде бышуучу ашкана сорту. Гүлү эки жыныстуу. Шиңгили орто (210—250) г) жыш. Жемиши чоң кара түстө,

даамы жакшы. Шиңгили жана жемиши жакшы жүктөлөт, жакшы сакталат. Бир түбүнүн орточо түшүмдүүлүгү 8—10 кг.

Нимрант — кеч бышуучу ашкана сорту. Кишмиш черный, тайфу, розовый Сенсо менен да чаңдаштырылса болот. Шиңгили чоң (350—400 г). Жемиши ак, кызгылт темгилдүү, чоң жумуртка түспөлдөш келип, үч жагы жылма. Жумшагы ширелүү. Жакшы жүктөлөт, сорту жакшы сакталат. Түштүктө түшүмдүү келет.

Карабурну — кеч бышуучу ашкана сорту. Шиңгили өтө чоң (450—500 г), цилиндр формасында, орто жыштуу. Мөмөсү ирдүү, көк-саргыч, даамы жакшы. Шиңгилин жана жемишин алыс жерге жеткирүүгө ыңгайлуу, сактоого болот. Ар түбүнүн түшүмдүүлүгү 12—15 кг.

Олеся — өтө кеч бышуучу, жогорку сапаттуу жаңы ашкана сорту. Гүлү эки жыныстуу. Шиңгили чоң (344 г), орто жыштуу. Мөмөсү чоң, тоголок, ак. Ширелүү ар түбүнүн орточо 17—20 кг.

Кызгылт тайфу розовый — кеч бышуучу, жогорку сапаттуу ашкана сорту. Гүлү эки жыныстуу. Шиңгили өтө чоң, орто жыштуу. Жемиши чоң, челек формасында, кызгылт же кочкул-кызгылт түстө. Жумшагы ширелүү, даамы жакшы. Республиканын түштүгүндө өсөт, ар бир орточо түшүмдүүлүгү 10—12 кг.

МАЗМУНУ

КИРИШ СӨЗ *(Е. И. Сосина)* 3

КОРОО ЖАНЫНДАГЫ ЖЕМИШ БАГЫ *(У. Г. Аракельян)* 5

Участокту тандоо жана даярдоо 5
Жемиш багы үчүн породаларды жана сортторду тандоо . . 8
Жемиш багы 10
Жемиш бактарын кыркуу учуру 18
Данектүү өсүмдүктөрдү түзүүнүн жана кыркуунун өзгөчөлүктөрү 24
Жемиш даректарын кыйыштыруу 26
Короо жанындагы участоктордогу эргежээл жана пальметтик жемиш бактары 28
Пальметтик багбанчылык 31
Кыйгач пальметти түзүүнүн техникасы 31
Пальметтерди вегетациянын экинчи жылында түзүү . 33
Пальметтерди вегетациянын үчүнчү жылында түзүү . 36
Формалык жемиш багын отургузуу *(В. П. Криворучко)* . . 38
Формалык бакты күтүү 41
Сорттору тандоо 42
Жер-жемиштер *(В. А. Сопиева)* 42
Бүлдүркөн 43
Карагат 46
Крыжовник 48
Малина 48
Короо жанындагы жүзүмчүлүк *(Е. И. Сосина, Э. И. Федорук, В. Ф. Хилько)* 49
Сорттору тандоо 49
Жүзүмдөрдү отургузуу 51
Жаш жүзүмдөрдү багуу 53
Жүзүмдүн андан кийинки багылышы 54
Сугаруу 67
Азыктандыруу 69
Жүзүмдү жыйноо жана сактоо 75
ОГОРОД 78
Жашылча өсүмдүктөрүнүн сырткы чөйрөнүн шартына карата талаптары *(Э. Ф. Алпатова)* 78
Огороддогу кыртышты иштетүү жана жашылчаларга семирткичтерди чачуу *(В. М. Метальников)* 82
Жашылча өсүмдүктөрүнүн үрөнүн өстүрүү, сактоо жана себүүгө даярдоо *(В. М. Метальников)* 85
Өсүмдүктөрдү тандоо жана огороддорго жайгаштыруу *(Э. Ф. Алпатова)* 90

Калкаланган кыртыш *(Э. Ф. Алпатова)* 92
Кыртышты калкалагычтардын курулуштарынын түзүлүшү 92
Ачык кыртыштар үчүн көчөттөрдү өстүрүү 97
Жашылчаларды парниктерде өстүрүү 100
Жашылчаларды теплицаларда өстүрүү 102
Жабык пленканын алдында эрте жетилүүчү жашылчаларды өстүрүү 105
Ачык кыртыш 107
Картошка *(В. М. Метальников)* 107
Помидор, калемпир, баклажан *(В. М. Метальников)* . 112
Бадыраң, ашкабак, кабачки, патиссондор *(Ф. Д. Мухамбетова)* 116
Капуста *(А. Ф. Гизатова)* 120
Ашкана жашылчалары *(А. Ф. Гизатова)* 125
Пияз жана чеснок *(К. Эргешова, А. Ф. Гизатова)* . . 128
Таттуу даамдуу жашыл жашылчалар *(Ф. Д. Мухамбетова)* 134
Буурчак жашылча өсүмдүктөрү жана кант жүгөрүсү *(Ф. Д. Мухамбетова)* 140
Мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн зыянкечтери жана аларга каршы күрөшүүнүн чаралары *(Т. Т. Карташева)* 142
Соруучу зыянкечтер 143
Кемирүүчү зыянкечтер 146
Мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн илдеттери жана аларга каршы күрөшүүнүн чаралары *(Т. Т. Карташева)* 150
Жүзүмдүн илдеттерине жана зыянкечтерине каршы күрөшүүнүн чаралары *(Е. И. Сосина, Э. М. Федорук, В. Ф. Хилько)* 157
Жашылча өсүмдүктөрүнүн зыянкечтери жана аларга каршы күрөшүү чаралары *(Т. Т. Карташева)* 160
Уусу көп зыянкечтер 161
Капустанын зыянкечтери 163
Бадыраңдардын, ашкабактардын жана башка өсүмдүктөрдүн зыянкечтери 164
Пияздын жана чесноктун зыянкечтери 165
Жашылча өсүмдүктөрүнүн илдеттери жана аларга каршы күрөшүүнүн чаралары *(Т. Т. Карташева)* . 166
Өсүмдүктөрдү бүрктүрүүнүн, чандатуунун жана уу химикаттарды сактоонун негизги эрежелери *(Т. Т. Карташева)* 173
Мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн сунуш кылынган сортторунун кыскача мүнөздөмөлөрү *(Ю. Н. Лепшина)* . 175
Сунуш кылынган жүзүмдүн айрым сортторуна кыскача мүнөздөмө *(Е. И. Сосина, Э. И. Федорук, В. Ф. Хилько)* 181

ПРИУСАДЕБНЫЙ САД И ОГОРОД

(на киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Которгондор: *М. Акынбаев, С. Сулайманов*

Редактору *З. Иманалиева*
Сүрөтчүсү *А. Райимбеков*
Көркөм редактору *Г. Куценко*
Тех. редактору *Р. Ревенко*
Корректору *М. Кожалиева*

ИБ № 1725

Терүүгө 28. 12. 1982-ж. берилди. Басууга 14. 4. 1983-ж. кол коюлду. Басмаканалык № 3 кагазы. Адабий ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 70×108$^{1}/_{32}$. 5,75 физ. басма табак, 8,05 шарттуу басма табак, 8,640 учеттук табак. 8,225 боёк түшүрүү. Тиражы 3000. Заказ № 18. Баасы 35 т.

Элдердин достугу ордендүү
«Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.